# Басып алынган мусулман журттарынын

# САЯСИЙ МАСЕЛЕЛЕРИ

Бул китепти Хизбут-Тахрир
басып чыгарды

**Аяттын которулган мааниси:**

Араб тилиндеги аят тексти гана Куран аяты болуп саналат. Ушул китеп ичинде *курсив* менен кыргыз тилинде келтирилген тексттер аяттардын которулган мааниси гана болуп эсептелет.

Басып алынган мусулмандар журттарынын саясий маселелери

1425-хижрий – 2004-миладий жыл

بسم الله الرحمن الرحيم

## КИРИШ СӨЗ

Бул китепте басып алынган мусулмандар өлкөлөрүнүн эң көзгө көрүнгөндөрүнүн жетөөсүнүн маселелери хижрий 1425-жылдын биринчи чейрегинин акыркы, миладий 2004-жылдын жарымында кандай болсо ошондой бойдон ачыкталды. Алар: Палестина, Кашмир, Чеченстан, Афганистан, Кипр, Судан түштүгү жана Ирак.

Бул китепте ошол мамлекеттер туурасында тарыхый жактан – мейли, азыраак аралашса да – талкуу жүргүзүлбөйт. О.э. ал жогорудагы мамлекеттерди географиялык жактан изилдөө да эмес, мейли, мунун кандайдыр бир бөлүгүн өз ичине алган болсо да.

Бул мусулмандарга – мамлекеттери четтеринен эле эмес, балким, маңыз-жүрөгү жана жер астыларына чейин – жулуп алынып, кемитилип жатканын эстетүү.

Бул мусулмандарга – алардын саны аздыгынан эмес, тескерисинче, алардын саны көп, балким аларды курчап алган алсыздык себептүү – улуттар алардын үстүнө жапырылып ташталганын эстетүү.

О.э. бул мусулмандар бир кездерде улуттардын алдыңкысы болгон болушса, эми алардын артында сүйрөлүп жүргөндүктөрүн, илгери окуяларды аракетке келтирип башкарган болушса, азыркы күнгө келип бул окуялардан бир четте калып жатышканын эстетүү.

О.э. бул алар Батыштын бузук хазараты жана жараксыз сакафаты зулматын Исламдын жарык, жаркыраган хазараты нуру менен кулатуусу үчүн даъват болуп саналат, анткени жарыктык жана нур бар жерде зулмат тура албайт.

* * *

Булардан тышкары, бул китеп – мусулмандар өлкөлөрүнүн бооруна үч өлүм найзасы сайылганы туурасында алардын кулактарына кылынган кыйкырык.

Ошол найзалардын биринчиси жана эң каргашалуусу - мусулмандар өлкөлөрүндөгү акимдердин кыянаты жана алардын колонизатор капырларга өтө берилгендиги.

Экинчи найза болсо, мусулмандардын ошол акимдерди тергеп-тескебей, аларга каршылык билдирбей, аларды өзгөртпөй унчукпай туруулары.

Бул каргашага эң аз салым кошкон соңку найза болсо, ачык-айкын душман болгон капырдын найзасы.

* * *

О.э. бул китеп (жогорудагылардан кийин) аялдар, карылар жана жаш балдардын ый-муңдары, ар-намыстарынын тебелениши, ыйык туткан нерселердин тапталышы жана камакканалардагы ар түрдүү жырткычтыктарды угушу үчүн мусулмандарга кылынган даъват жана кайрылуу.

Ал кан тамырларда кандар согуп, дилдер каардануусу натыйжасында чечкиндүүлүк турукташып, ишке олуттуу киришилиши жана жыргалдуу дүйнөгө, бактылуу акыретке дилдер талпынышы үчүн даъват.

О.э. ал, жүрөгү бар же күбө болгон абалда угуп турган киши үчүн - тээ Алла нусрат бергенге чейин же Ал үчүн курман болгонго чейин – кайраты сынбастан, чечими солгундабай, темирдей бекемдик менен туура жолдогу **ХАЛИФАЛЫК**ты кайра тикелөө үчүн аракет алып барууга даъват. Кимде-ким ушундай сыпатка ээ болсо, Алланын уруксаты менен албетте ийгиликке жетет.

Кийин ал туура жолдогу Халифаны вужудга келтирүүгө да даъват, себеби анын артында туруп согуш кылынат жана аны менен коргонулат, ошондо ал мүшкүлдөрдү оорлотпой туруп өлкөлөр менен калктарды куткарат.

* * *

Акыры келип:

Бул - басып алынган мусулмандар өлкөлөрүндөгү акыл ээлерине: «Эй Муътасим... эй Халифа, кайдасың?!» деп чакырылган катуу кыйкырык.

Алла кудуреттүү, үстөм зат.

**-1-**

## ПАЛЕСТИНА

Алла Субханаху:

سُبْحَانَ الَّذِي أَسْرَى بِعَبْدِهِ لَيْلاً مِنَ الْمَسْجِدِ الْحَرَامِ إِلَى الْمَسْجِدِ الأَقْصَى الَّذِي بَارَكْنَا حَوْلَهُ

- «*(Алла) бир түнү Өз пендесин (Мухаммадды) ага аят-кереметинен көрсөтүү үчүн (Меккедеги) масжидул-Харамдан (Куддустагы) Биз айланасын берекелүү кылып койгон масжидул-Аксого сейил кылдырган (бардык айып-кемчиликтен) аруу Зат»,* [17:1]

деп, Өз пайгамбары ﷺды масжидул-Харамдан масжидул-Аксого түнкү сапарга чыгарып, аны ыйык үйү менен бирге бир тизгинге байлап салтанаттуу жерге айландыргандан баштап, Палестина мусулмандар тарыхында өзгөчө «бермет» болуп келүүдө. Хижраттын он алтынчы айында Алла мусулмандар жүздөрүн экинчи кыблалары болгон Каъбаи мушаррафага бурууга буйруудан мурун мусулмандар дилдерин Палестина борбору Байтул-Макдиске байлап, аны биринчи кыблаларына айландырган. Бул Палестина Ислам салтанатына киришинен мурун болуп өткөн. Т.а. экинчи халифа Умар ибн Хаттаб хижраттын 15-жылы аны фатх кылып, патриарх Сафронийден кабыл кылып алып, ага «Умар бүтүмү» наамы менен белгилүү болгон бүтүмдү берүүсүнөн мурун болгон. Бүтүмдүн текстинде ал жердеги насронийлердин талабына ылайык «Бул жерде (Палестинада) жөөт жашабашы шарт» экендиги көрсөтүлгөн.

Чындыгында, Палестина фатх кылынышынан мурун да, фатх кылынгандан кийин да мусулмандар тарыхында өзгөчө бермет болчу. Ушул себептен улам, ал мусулмандар өлкөлөрү арасындагы салмактуу борборго айланды. Качан ага бирер баскынчы кол салса, анын кол салуусу канча узакка созулбасын, аерде ал албетте талкаланган. Ал кресттүүлөр жана моңгол-татарлар үчүн көрүстөнгө айланды. Алланын душмандары болгон жөөттөр үчүн да Алланын уруксаты менен ушундай болот. Ал жерде кресттүүлөр жана моңгол-татарлар менен Хиттийн (583х - 1187м) жана Айни Жалут (658х - 1260м) сыяктуу чечүүчү согуштар болгон. Палестинаны нукура-пакиза абалында Ислам диярына кайтаруу үчүн ал жерде Алланын уруксаты менен жөөттөр менен дагы бир канча чечүүчү согуштар болот.

Палестина маселеси эл аралык жактан жаңы кылымда т.а. Усманий халифа Абдулхамид доорунан баштап көтөрүлө баштаган. Ошондо жөөт жетекчилери ошол кездеги куфр мамлекеттери, айрыкча, Британия жардамы менен өздөрү үчүн Палестинада мекен кылып алууга умтулуп, Усманий Халифалык мамлекетиндеги финансылык кризистен пайдаланып калууга урунушуп, ошол учурдагы жөөт сионисттеринин жетекчиси Теодор Герцл 1901-жылы мамлекет казынасына каражат берип, анын акысына жер берилишин сунуштады. Ошондо халифа Абдулхамид аны менен учурашууну четке кагып, Герцлдин сунушуна жооп катары жеткирилиши үчүн өз вазирине айткан сөзү мындай болгон: «Доктор Герцлге мындай кеңеш бергиле, бул маселеге олуттуу кадам коё көрбөсүн. Анткени, мен Палестинанын бир карыш жеринен да кече албаймын... Себеби, ал менин мүлкүм эмес... балким, Исламий үммөттүн мүлкү... Калкым ушул жер үчүн жихад кылып, аны каны менен сугарган... Демек, жөөттөр миллиондогон каражаттарын өздөрүндө сактап турушсун... Бир күн келип Халифалык мамлекети талкаланып кетсе гана, ошондо алар Палестинаны каражатсыз алуусу мүмкүн. Бирок, мен тирүү экенмин, Палестинанын Халифалык мамлекетинен бөлүп алынганын көрүшүмөн көрө денеме бычак сайылганы мен үчүн жеңилирээк. Бул болбой турган иш. Биз тирүү туруп, денебиз бөлүктөргө бөлүнүп ташталышына ыраазы боло албаймын». Абдулхамид рахимахулланын тынчсызданганы чын болуп чыкты. Халифалык кулатылгандан кийин мусулмандар өлкөлөрүндөгү малай акимдердин ушундайлары болду дейсиң, алар жөөттөрдүн Палестинаны басып алышына эле эмес, балким Палестинадан башка жерлерди да көзөмөлдөөсүнө мүмкүнчүлүк жаратып берди.

Кресттүүлөрдүн Куддуска жасаган баскынчылыгы хижрий 538-жылы 27-ражабда (миладий 1187-жылы 2-октябрь) аяктап, Куддус алардын ыпластыктарынан азат

кылынгандан баштап, Исламга кек-душмандыгы бар капырлардын арзуу-үмүтү уланып келди. Алар мусулмандарга, алардын диярларына, ошону менен бирге, Палестинага ушундай бир кек-душмандыгын сактап калышты дейсиң, Биринчи дүйнөлүк согушта – 1917-жылы 11-декабрда Палестинага кирип келишкен убакта, союз кошуунунун командачысы британиялык генерал Алленби кресттүүлөрдү сегиз кылым мурун жеңилүүгө учураткан, мусулмандарды ар дайым кубаттандырып турган нерсе – булл Халифалык эканин о.э. англичандар Халифалыкты жеңип, Палестинаны басып алышы менен кресттүүлөрдү мусулмандар өлкөсүнө кайтарып, ал жерде туруктуу калып, эч качан жеңилбейбиз деп айткандарын эсепке алып: «Эми кресттүүлүк согуштары акырына жетти», - деди.

Ошол эле жылы (1917-жылы 2-ноябрда) англичандар ошол учурдагы тышкы иштер министри Белфурдун атынан аталган «Белфур убадасын» беришти. Бул убадага ылайык, Британия жөөттөргө Палестинаны басып алып, ал жерде өздөрү үчүн мамлекет тикелөөгө мүмкүнчүлүк жаратып берүүнү өз жоопкерчилигине алат.

Биринчи дүйнөлүк согуш акырлап, Халифалык мамлекети кулатылган кезде, жеңишке жетишкен мамлекеттер Улуттар лигасын түзүп, ал өз учурунда 1922-жылы Палестина үстүнөн Британиянын мандатын (укугун) орнотту. Анын беренелеринин биринде Британиянын Белфур убадасын иш жүзүнө ашырышы көрсөтүлгөн.

Британия жөөттөр дүйнөнүн түрдүү бурчтарынан Палестинага келиши, машыгууларды өткөрүп куралданышы үчүн мүмкүнчүлүк жараткан иш-чараларды көрө баштады. Кийин, экинчи дүйнөлүк согуштан кийин БУУ түзүлүп, 1947-жылы 29-октябрда Башкы ассамблеянын 181-номерлүү бөлүштүрүү токтому чыгарылды. Бул токтомго ылайык, Палестина өз калкы менен баскынчы ортосунда бөлүштүрүлдү. Британия бул ишке ыңгайлуу шарт жараткандан кийин Палестинанын негизги бөлүгүн жөөттөргө тапшырып, алар үчүн мамлекет тикеленишин чечти. Мындай иш үчүн сахна оюнун иштеп чыкты т.а. малай араб акимдер менен (ошол кезде алар жетөө болгон) жөөттөр ортосунда жөөттөрдү мамлекет тикелөөдөн кайтарууну шылтоо кылып, расмий согуш чыгарды. Натыйжада, жөөттөр жети араб армиясын жеңип үстөм болду. Мунун акыбетинде бул акимдер кордук мөөрү басылган жөөттөргө аларда эч качан болбогон кубат жана кайрат «таажысын» кийгизишти. Негизи, бул «таажы» жөөттөрдүн «жети армияны чегиндире алдык» деп, бул согушту эгемендүүлүк согушу деп жар салышына мүмкүнчүлүк берүү үчүн малайлардын чегинүүдөн турган «белеги» эле! Ошондон кийин 1948-жылы 15-майда жөөттөр мамлекети жарыяланды.

Кийин бул жийиркеничтүү мамлекетти капыр мамлекеттер дароо тан алышты. Ошол убактагы чоң мамлекеттер - Америка, Россия, Британия жана Франция аны тан алууда жарышышты. Анан региондо таасирге ээ болгон колонизатор капыр мамлекеттер, алардын катарында Британия менен Америка Палестина маселеси үчүн долбоорлорду иштеп чыгууда атаандаша башташты, кийинчерээк ал «Жакынкы чыгыш кризиси» деп аталды. Булардын баары жөөт мамлекетин бооруна алуу жана региондо ал үчүн региондогу башка мамлекеттердин аброюунан жогорураак салмакты тикелөөнүн акысына ошол куфр мамлекеттеринин кызыкчылыктарына кызмат кылдыруу үчүн иштелип чыккан эле.

Чындыгында, капыр Батыш жөөт мамлекетин өз бооруна алуунун жана аны мусулмандар өлкөлөрүнүн жүрөгүнө уулуу канжар кылып сайып коюунун артынан бир канча максаттарга жетишти. Ошол максаттардын айрымдары:

1. Региондо мусулмандардын бири-бирине барып-келишине жолтоо болуп, биримдигин жогото турган жат бир элементти пайда кылуу;

2. Регионду жөөттөр күрөшү менен алектендирип, алардын Халифалыкты жок кылган капыр Батыш менен болгон негизги күрөшүн эсинен чыгарууга умтулуу. Жөөттөргө Палестинада мамлекет куруп алууга мүмкүнчүлүк жаратылышынан мурун күрөш мусулмандар менен Батыш ортосунда болгон. Жөөттөр Палестинаны басып алуу менен бул күрөш ушул баскынчы вужуддун айланасына борборлошуп, ошол вужудду пайда кылгандар менен болгон күрөш солгундады;

3. Алар өз өлкөлөрүдөгү жөөт проблемасынан кутулуп, тынчтанышы. Анткени, жөөттөр каерде болбосун, ошол жерде бузукулук менен бузгунчулукту чокусуна чыгарат. Мына ушул илдетти Америка президенти Бенжамин Франклин түшүнүп калып, 1789-жылы Америка конституциясын негиздөө конференциясында сүйлөгөн сөзүндө Америка калкына карата мындай деген: «... Бул орунда АКШга кооп салып жаткан чоң коркунуч бар, ал да болсо жөөт коркунучу. Алар каерде болушпасын, ахлакий төмөндүктү жайып, соода-сатыктагы туруктуулукка олуттуу зыян жеткиришет… Алар канкор жырткычтар жана мал уурулар... Силерге эскертемин, эй мырзалар, эгер жөөттөрдү бүтүндөй чыгарып жибербесеңер, балдарыңар жана балдарыңардын балдары албетте силерди кабырда жатканыңарда да каргыштайт...».

Ошентип, капыр Батыш бул рак сымал жысымды мусулмандар өлкөлөрүндө пайда кылды. Ошондон кийин, капыр Батыш мамлекеттери, алардын катарында Америка, Британия, кийин Европа мамлекеттери ортосунда Палестина боюнча үрөй учурган күрөш вужудга келип, Палестина маселесинен башталып, бүткүл регионду ээлеп алды. Анткени, Палестина мусулмандар жүрөгүндө өмүр жана өлүм маселеси болуп калган о.э. анын таасири ага чегаралаш болгон коңшу мамлекеттерге гана чектелип калбастан, араб болбогон мусулмандардын калган өлкөлөрүнө чейин жайылып кеткен эле.

1947-жылы чыккан Палестинаны бөлүштүрүү жөнүндөгү токтомдон кийин жана 1948-жылы Палестина жерин басып алган жөөт вужудунун (мамлекетинин) тикеленишинен кийин бардык капыр мамлекеттер ортосунда ортоктош бөлүштүрүү жаатындагы эл аралык токтомдор арты-артынан чыгып турду. Бул токтомдор жөөт вужудун сактап калуу, ага күч-кубаттын бардык каражаттары менен жардам берүү сыяктуу токтомдор болуп, бул токтомдордун жөөттөргө тиешелүү болгон тарабы болчу. Ал эми арабдарга тиешелүү болгон тарабына келсек, бул токтомдор качкындардын каерде жашашы жана алардын өздөрү көчүп барган араб мамлекеттери менен боло турган мамилелери туурасында качкындар маселесине тийиштүү «гуманитардык» чечимдерден турган. Бул токтомдордун баары ушул эки фактордон келип чыгып чыгарылды т.а. «жөөт вужуду вакеий иш болуп, ага тил тийгизүү мүмкүн эмес. Тескерисинче, араб акимдери тарабынан аны тан алдырууга аракет болушу керек» деген фактордон о.э. качкындар ишин жана алардын Палестинанын калган бөлүгүндө же араб мамлекеттеринде жашап калышын о.э. бул мамлекеттер менен боло турган мамилелерин тартипке салуу менен ишке ашырыла турган палестиналыктардын «адамдык укуктары» деген фактордон келип чыгып чыгарылды.

1947-жылы 29-ноябрдагы бөлүштүрүү токтому жөөт мамлекетинин «мыйзамдуу» негизине шарт даярдоо болгон болсо, анын 1949-жылы 28-мартта БУУга мүчө деп этибар кылынышы жөөт мамлекетинин «мыйзамдуу»лугу эл аралык жактан тастыкталышы болду.

Акмак, саясат жаатында абдан айлакер Британия «бүткүл Палестинада демократиялык илманий мамлекет тикелениши керек» деп билчү. Анын планы мындай эле: «1948-жылы басып алынган Палестина да, Палестинанын калган жерлери – Иорданияга кошулуп турган жээги жана Египет башкаруусу астында болгон Газа сектору да – Ливанга окшоп демократиялык негиздеги бир Палестина мамлекетине айланат да, бүткүл Палестинадагы башкаруу жөөттөргө өтөт. Алар болсо мусулман жана насронийлерден турган айрым министрлерди өздөрүнө кызматка алат. Иш жүзүндө жөөттөр башкарып жаткан бул мамлекет Араб мамлекеттери лигасына мүчө болуп алат да, бүткүл регион аны алкыштап күтүп алат. Мына ушундай чечим жөөттөрдүн региондо активдүү элемент болуп калышын кепилдейт. Эгер алар бир мамлекетке өзүнчө болуп ажыралып алышса, мусулмандардын назарында алар душман болуп кала берет жана канчалык көп убакыт өтпөсүн, кресттүүлөр менен жүз бергени сыяктуу алар да жоготулат». Жөөт саясатчыларынын көпчүлүгү бул ишке канааттанып, ага умтула баштады. Британия жөөттөр менен региондогу араб акимдери – алардын баары ошол мезгилде анын малайлары болчу – ортосунда келишим түзүп, ушул чечимге шарт жаратып жаткан. Себеби, келишимден кийин иштер жогорудагыдай тартипте чечиле бериши керек эле.

Бирок, Американын Жакынкы чыгыштагы дипломатиялык өкүлдөрү Америка тышкы иштер министрлигинде Жакынкы чыгыш иштери боюнча ошол кездеги жооптуу өкүлү Жорж Магий жетекчилигинде 1950-жылы Истамбулда жыйын өткөргөндөн кийин, Америка регионго өз таасирин өткөрүп, кызуу маселелерди чечүүнү Британиядан өзүнчө, балким анын ордуна өзү башкарууну чечти. Бул жыйын кабыл алган токтомдор төмөндөгүдөй болду: «Палестинаны эки мамлекетке - араб жана жөөт мамлекетине бөлүп таштоо долбоорун иш жүзүнө ашыруу жана качкындар маселесин чечүү үчүн БУУну аракеттендирүү». Америка жөөт саясатчыларын «башкаларга кошулуп, аларга аралашып кеткенден, кала берсе Палестинада бийлик арабдар колуна өтүп кеткенден көрө, жөөт мамлекетинин өзү Палестинада калышы туурараак» деген пикирге көндүрүп, ошол долбоор боюнча жүрө баштады. Бирок, Британиянын жөөттөрдүн Бен Гурион сыяктуу жетекчи саясатчыларына болгон саясий таасири о.э. ошол жөөттөрдүн бүткүл Палестинага жетекчилик кылууга болгон катуу каалоолору алгач Американын өз долбоорунда ийгилик менен жүрүп кетүүсүнө жол койбоду.

1959-жылы, Эйзенхауэр жетекчилигинин акыркы доорунда Америка өз долбооруна аракетчендик менен бир аз деталдарды киргизди, аларды кыскача минтип түшүндүрүүгө болот: Батыш жээк менен Газада палестиналыктар үчүн бир вужуд тикелөө, Куддуска эл аралыклык түс берүү жана палестиналык качкындар проблемасын төмөнкүдөй көрүнүштө чечүү т.а. алардын арзыбаган бөлүгүн «Израил» башкаруусу астындагы басып алынган Палестинага кайтаруу, көптөгөн бөлүгүнө болсо бедел төлөп, аларды Палестинанын тышкарысына жайгаштыруу. Бул региондо Американын негизги малайы болгон Абдун Насирге ошол долбоорду аткаруу милдети тапшырылды жана бул долбоор Американын Ирактагы башка бир малайы - Абдулкарим Касимге да жүктөлдү, анткени, ал Палестина жумуриятын тикелөө жана Палестина элин өз өлкөлөрүн куткаруу үчүн сапарбар кылуу пикирине чакырган «Палестина жогорку комитети» менен байланышып, аны өзүнө каратып алган болчу. Американын дагы бир малайы болгон король Саудга да король Хусайн менен байланышып, ага ушул долбоор боюнча жүрүү үчүн басым өткөрүү тапшырылды. Басма сөз да ушул долбоорго этибарды тарта турган көрүнүштө чакыра баштады. Бирок, король Хусайн Англиянын таасири себептүү ал долбоорду кабыл албастан, ага катуу каршылык көрсөттү. Америка Иорданияга басым өткөрө баштады. 1960-жылы Ливандагы Шатура курортунда Араб мамлекеттери лигасы жыйыны чакырылып, катуу басым астында Иордания премьер-министри Хузоъ ал-Мажалий Американын бул долбоорун макулдады т.а. Батыш жээкте Палестина вужуду тикеленишин макулдады. Бирок, ал-Мажалийдин өлтүрүлүп кеткени себептүү жогорудагы макулдоонун пайдасы болбоду.

1961-жылы бийликке Кеннеди келгенден кийин, Саудия королу Сауд, Египет президенти Абдун Насир, Ирак президенти Абдулкарим Касим, Иордания королу Хусайн жана Ливан президенти Фуад Шихабдардын ар бирине өз каттарын жолдоду. Бул каттарда качкындар маселесин каражат менен камсыздоо жана Иордания суу проблемасы чечимин Америка өз жоопкерчилигине алышы көрсөтүлгөн. Кийин, 1961-жылы 10-июнда Каирде жалпы араб конференциясы чакырылды жана Палестина мамлекети фикратын кабыл алуу үчүн Иорданияга дагы басым берилди. Конференция чакырылган күнү кечкурун Америка элчиси Иордания премьер-министри Бахжат ат-Талхуний менен (аны Палестина вужуду тикеленишине ыраазылык билдирүүгө үндөө үчүн) жолугушуу өткөрдү. Бирок, король Хусайн Талхунийди чакырып алып, коркутуп, Америка планын экинчи жолу да жокко чыгарып, конференцияны бузду.

Батыш жээк менен Газада Палестина «мамлекети» тикелениши, Куддуста эл аралык саясий вужуд тикелениши үчүн Американын урунуулары ушундай көрүнүштө улантылып, бирок булардын баары Англия жана король Хусайн четке сүргөнү себептүү жокко чыкчу. Анткени, алардын долбоору боюнча Палестинада жөөттөр башкара турган жана Иордания менен өзгөчө алакаларга кирише турган бир илманий мамлекет тикелениши керек болчу. Ошондон кийин 1964-жылы чакырылган Араб жогорку жолугушуусу конференциясында Жамал Абдун Насирдин колдоосу менен Ахмад Шукайрий башчылыгында «Палестина

азаттык уюму» түзүлдү. Мындан Батыш жээкти Иорданиядан ажыратып алып, ал жерде эгемендүү Палестина вужудун жана анын жанына Куддус жана Байтул-Лахмда (Вифлеем) эл аралык вужуддун тикеленишине умтулуу көздөлгөн.

Американын мындай пландары жана урунууларына Британия өзүнүн эски малайы Тунис президенти Хабиб Буркибанын колу менен 1964-1965-жылдары раддия берди. Ал бул раддияда бүткүл Палестинада тайпачылык тең салмактуулук негизиндеги бир илманий вужуд тикеленишине чакырган. Андагы жетекчилик, табигый көрүнүштө, жөөт колунда болушу көрсөтүлөн. Араб мамлекеттери ушул эки долбоор боюнча бөлүнүштү. Ал эки долбоордун бири Иорданиядан да, «Израилден» да бөлүнүп чыккан Палестина вужуду тикеленишинде өз көрүнүшүн тапкан Америка долбоору болсо, экинчиси тайпачылык тең салмактуулугуна негизделген, Ливан түзүмүнө окшоп кете турган бир илманий вужудда өз көрүнүшүн тапкан (Буркиба жарыя кылган) Британия долбоору эле.

Жакынкы чыгышта Америка саясатын аткарып бере турган Египеттин ролу Абдун Насир таасиринин көтөрүлүшү менен жогорулаган кезде, Англия жана анын малайлары коргонуу позициясын ээлей баштады. «Араб көчөсү» (арабдардын массалык пикири) Буркиба долбоорун четке сүрүп, король Хусайнга жана региондогу Британия саясатына каршы «насирче» чабуул жигердүү түс алгандан кийин Британия региондо Араб-Израил согушун төмөнкүдөй көрүнүштө тартиптештирди: Бул согушта король Хусайн Палестина мамлекети тикелениши үчүн өзүнө көрсөтүлүп жаткан басымдардан кутулуу максатында Батыш жээкти жөөттөргө тапшырат. Негизи, король Хусайн Абдун Насирге катуу сокку берүү үчүн «Израил» менен боло турган согушка кирүүгө Египеттин даярдыгы жоктугун билип, аны тукуруп ушул согушка тартты. Ал бул ишти Абдун Насирдин күч-кубатын жана атактуу болуп кетүүсүндө өз көрүнүшүн тапкан Америка басымдарын төмөндөтүү үчүн кылды. Израилдин согушка киришине шылтоо болушу үчүн согуштан мурун Израилге каршы аскерий амалияттар ишке ашырылды. Король Хусайн Израилдин Египетке жасай турган аскерий соккусу кандай даражада экенин күтпөгөн Абдун Насирди тукурган эле. Ал болсо Кызыл деңизде Израил деңиз каттамына чек коюу үчүн Тийрон кысыгын жаап, эл аралык күчтөрдү кууп чыгарды. Израил мындан пайдаланып, аны шылтоо кылып алды да, 1967-жылы июнда Египет, Иордания жана Сирияга каршы кең көлөмдөгү баскынчылыкты уюштурду. Мунун натыйжасында Батыш жээк, Жолон дөңсөсү, Газа сектору жана Сина алты күндө жөөт вужудунун колуна өттү. Жөөт жетекчилери өздөрүн үч араб кошуунун жеңгендей кылып көрсөтүштү, кала барсе Израил мамлекети жеңилбейт деп айтышты. Алар анык билишчү, алардын «жеңиши» алардын күчтүүлүгүнөн эмес, балким араб акимдеринин алар алдындагы күчсүздүгү жана тил бириктиргендигинен эле т.а. Египет режиминин согушка даяр эместиги, Иордания режими Батыш жээктен чыгып кетип, аны жөөттөргө тапшырышы жана Сирия режими ал-Кунайтира шаарынын кулашын жарыя кылышынан турган. Акыйкатта болсо, бул шаар Жолондо согушуп жаткан Сирия кошууну турган фронт сызыгы артындагы шаар болчу. Натыйжада бул нерсе Сирия армиясынын туруксуздукка учурап, чыгып кетишине алып келди.

Чындыгында, мындай сахналаштырылган согуш региондогу Араб-Израил согушунда о.э. бул регионго сунушталган демилгелерде чоң бурулуш чекити деп эсептелди.

Согуштан мурун Палестина вужуду жана эл аралык түс берилген Куддустун тикелениши жөнүндө айтылган болсо, эми баскынчылык таасирин кантип жоготуу туурасында сөз башталып, иштер тык токтоп калды. Израил болсо Батыш жээк, Газа сектору жана Жолонду «чайнабай» жутуп жиберди. Ушул себептен улам, эмки сөз «Израилдин» 1967-жылы басып алынган региондордон чыгып кетүүсүнө чектелип калды. Ошондон кийин Коопсуздук кеңешинин белгилүү болгон 242-номерлүү токтомунун тексти жана формасы чеберчилик менен өзгөртүрүлүп, Израилди согушта басып алган жерлерден чыгып кетүүгө чакырды. Америка этибарын – өзүнүн көз карашында эң маанилүү болуп көрүнгөн – Израил менен Египет ортосундагы мамилени түзөтүүгө карата баштады, бул учурга келип Палестина папкасы бир четке сүрүп коюлду. Америка тынчтык амалияты деген нерсени козгоп, ушул региондогу негизги базасында калкып калган таасирин бекемдөө үчүн жаңы

согушка даярдана баштады. Ошол база какшаткыч сокку берилиши натыйжасында Синаны алдырып койгон Египет болчу.

Америка арадан бир нече жыл өтүп, бир тарапта Египет менен Сирия, экинчи тарапта болсо Израил ортосундагы согушту алоолонто алды. Ушул себептен улам, 1973-жылдагы октябрь согушу тукуруунун натыйжасындагы согуш болду, кийинчерек ал Египет менен Израил ортосунда 1978-жылы 17-сентябрда Кемп Дэвид бүтүмүнүн кол коюлушуна алып келди. Бул бүтүмгө кол коюлушунан мурун Египет президенти Анвар Садаттын басып алынган Куддуска жасаган сапары жана 1977-жылы Израил кнессетинде (парламенти) сүйлөгөн сөзү менен шарт даярдаган эле.

Египет Кемп Дэвид бүтүмүнө кол коюшу менен Израил Сина жарым аралын бошотуп, куралсыздандырылган абалда Америка жетекчилигиндеги ар улуттуу күчтөрдү ал жерде калтырып Египетке кайтарды. Мындан көздөлгөн максат Египетти согуштан чыгарууну кепилдөө болчу. Ушуну менен Израилдин түштүк тарабынан көлөмү кичирейди о.э. экинчи тараптан Египет калкынын алдында аброюн жоготкон Америка малайы, Египет президенти Анвар Садатка болгон ишеним кайра тикеленди.

Египетте тынчтык орнотулгандан кийин, региондо Американын салмагы көбөйүп, иш түндүк фронтко өттү. Т.а. Америка Израилди Ливанды жексен кылып, андан «Палестина азаттык уюмун» кууп чыгарууга үндөдү. Мунун натыйжасында 1982-жылдагы согуш жүз берди. Мында Израил Ливанга чабуул жасап, Израилдин аскерий басымы жана Американын дипломатиялык басымы астында Арафатты Ливандан чыгып, Туниске өтүшүүгө мажбур кылды. Ал жөнөп кетишинен мурун Америка конгрессинен келген делегация Бейрутка келип, андан жөөттөр менен түзүлө турган келишимге алгачкы кадам болушу үчүн жөөт вужудун ачык тан алышын катуу талап кылды. Арафат 1982-жылы 25-июлда «Макловский документи» деп таанылган документке кол койду. Анда мындай деп айтылат: «Уюм (т.а. «Палестина азаттык уюму») эми Израилдин жашоо укугун тан алат». Америка конгресс мүчөсү Макловский журналисттерге ал документти Арафаттын алдында окуп, мындай деген: «Ясир Арафат «Палестина азаттык уюмунун» жетекчиси катары «Азаттык уюму Палестина маселеси боюнча БУУнун бардык токтомдорун кабыл алат» деп жазылган документке кол койду». Арафат бул документке кол коюшу менен Палестинада тайпачылык тең салмактуулук негизиндеги жалгыз илманий мамлекет тикелениши жөнүндөгү Англия фикратынан баш тартып, Израил мамлекети жанында Палестина мамлекети тикелениши кerektигине чакырып жаткан Америка долбооруна карай биринчи кадамды койгон эсептелет.

1988-жылы октябрда Алжирде өткөрүлгөн Палестина улуттук конференциясында о.э. 1988-жылы декабрда Женевада БУУ жыйынында экинчи кадам коюлду, Арафат ал жерде конференция катышуучуларынын алдында «Палестинанын тарыхий жеринде жалгыз Палестина мамлекети тикелениши керек деген идея аягына жетти, бул арзуу эми жок болду» деп, 1967-жылы басып алынган Палестина жерлеринде Палестина мамлекети тикеленет деген идеяны кабыл кылганын айтып, Палестина мамлекети кагазда тикеленгенин маалым кылды.

Король Хусайн ошол жылы (1988-жылы июлда) Иордания менен Батыш жээк ортосу башкаруу жана мыйзамдуулук жагынан ажыратылышына макул болууга мажбур болуп, ал жерде Палестина мамлекети тикеленишине ыраазы экендигин жарыялады.

Британия менен Европа да Палестина мамлекети тикелениши идеясына макул болду. Ошону менен үнү өчүп, таасири төмөндөгөн Британия долбоорунан Америка долбоору үстөм келип, жеңишке жеткен эсептелет… Ливия жетекчиси Каззофийдин айрым «ойлоп табууларын» эсепке албаганда. Анткени, ал XXI кылымдын баштарында: «Палестина маселесинин чечими – Англиянын мурунку долбоорунда гана жатат т.а. Палестинада арабдар менен жөөттөр үчүн бир мамлекет тикелениши керек», - деп айта баштады. Кийин ал бул мамлекет үчүн Израил жана Палестина атынан турган «Исротин» деген ат жасап, аны жаңы мамлекет аты катары сунуштады. Бирок анын ошол эки сөзүн – Исротин деген

жаңы сөзүн да, жок болуп кеткен Британия долбоорун кайра жандантуу жөнүндөгү сөзүн да эч ким укпады.

1991-жылы экинчи Булуң согушунан кийин Америка тараптарды тынчтык боюнча Мадрид конференциясына топтоду жана аларга Америка пикири боюнча иштелип чыккан чечим багыты боюнча жүрүүнү жүктөдү. Бирок Британия «Израилдеги» өкүмдар «Эмгек» («Авода») партиясынын жетекчилери Рабин жана Перес менен өз ара келишип, Америка долбоорлорун токтотууга соңку жолу урунуп көрдү, «Палестина азаттык уюму» менен Израил ортосунда 1993-жылы Осло бүтүмүн түзүүгө жетишти. Бул бүтүм экинчи Булуң согушунан кийин Американын бул чечим үчүн негиз кылып иштеп чыккан Мадрид конференциясыдагы идеясына каршы Британия жана Европа тарабынан жөөт вужуду жетекчилери жана азаттык уюму башчылары менен биргеликте иштелип чыккан урунуу болду.

Арафат бул бүтүмгө ылайык Жээк жана Газага келди, ага чыныгы суверенитетке ээ болбогон, балким «Израилге» көз каранды болгон Палестина автономиясын түзүүгө уруксат берилди. Бирок Америка бул бүтүмдү узун жана чаташ сүйлөшүүлөргө айлантып жиберди. О.э. анын ыраазылыгысыз ар кандай чечим ишке ашпастыгын кепилдеген абалда иш жүргүзө баштады.

Экинчи тараптан, 1994-жылы 25-июлда Вашингтондо АКШ президенти Клинтон жардамында Иордания королу Хусайн менен Израил премьер-министри Рабиндин катышуусунда ортоктош жыйын өткөрүлдү. Анын изинен Израил менен Иордания ортосунда согуш абалы токтотулганы жөнүндө Вашингтон билдирүүсү жарыя кылынды. Мунун натыйжасында Вадий Араба бүтүмүнө кол коюлуп, эки мамлекет ортосунда согуш абалы расмий түрдө токтотулду.

1994-жылы 4-майда экинчи Осло (Газа-Арихо) бүтүмү, 1998-жылы 23-октябрда Уай-Ривер бүтүмү жүзөгө келди. Бирок, бул бүтүмдөрдүн баары дүйнөгө келбестен туруп жок болуп кетти.

Клинтон жетекчилиги 2000-жылы Кемп Дэвидде Арафат менен Эйхуд Барак ортосунда кең көлөмдөгү тынчтык бүтүмүн түзүүгө аракет кылды. Бул бүтүм Кемп Дэвид-2 деп таанылды. Клинтон өз жетекчилигин ушул бүтүмдү акырына жеткирүү менен аяктоого катуу киришти. Бирок, Израилдеги жалпы эл да, палестиналыктардагы жалпы эл да мындай кең көлөмдүү бүтүмдү кабыл алууга даяр эмес эле. Акыбетте 2000-жылы сентябрда ал-Аксо интифазасы деп таанылган козголоң алоолонду. Израил болсо Палестина элин бекем карманып турган акыркы кайраттарынан да баш тартууга жана ийилүүгө мажбурлоо үчүн аларга каршы ар күнкү кыргындарды баштап жиберди. Клинтондун экинчи президенттик доору аягына жеткендиги себептүү бийликтен кетиши жана 2001-жылдын башында бийликке кичүү Буштун келиши менен Кемп Дэвид-2 да жок болуп кетти.

**Буш өкмөтүнүн Палестина маселесине аралашуу жаатында экилениши**

Буштун президенттик доору башталган кезде анын өкмөтү АКШнын мурунку жетекчилигинен айырмалуу түрдө Палестина маселесине олуттуу мамиледе болбоду. Израил-Палестина күрөшүнө болгон багыт төмөндөп кетти. 2001-жылы февралда Буш администрациясы Клинтон чечимдеринен да, палестиналыктар менен израилдиктер ортосунда активдүү ортомчулуктан да баш тартты. 2001-жылы 7-февралда тышкы иштер министрлигинин сүйлөөчүсү Ричард Баучер корреспонденттерге мындай деди: «Жакынга чейин талкууланып келген пикир жана чечимдер президент Клинтондун чечими жана пикирлери эле. Клинтон президенттиктен кеткенден кийин алар жаңы президенттин же АКШнын чечимдери болуп калбайт». Ошого карабастан, Америка Палестина калкын кыруууда, өлтүрүп кетүүдө жана кысым өткөрүүдө – анын башкаруусуна караштуу региондордобу же башка региондордобу, айырмасыз – Израил колун бош койду. Буш өз өкүлдөрүн регионго түрдүү максаттагы сапарларга, негизинен, социалдык мамилелер боюнча жибере баштады. Митчелл жана анын сунуштары, кийин Жорж Тенеттин жана ал кепилдик берген убактылуу ок атууну токтотуу пландары мына ошолордун катарына кирет.

2001-жылы 11-сентябр окуялары жүз бергенге чейин иштер бир визиттен башка бир визитке алмашып улантылып келди.

**11-сентябр окуялары Палестина маселесин бир четке сүрүп койду**

Чындыгында, 11-сентябрь чабуулдары Израил-Палестина күрөшүнөн башка биринчи даражадагы иштерди жаратты. Бул маселе Буш жетекчилигинин алдында абдан төмөн даражага түшүп кетти. Анткени, Америка терроризмге каршы күрөш шылтоосу менен Ислам дүйнөсүнө карай жаңы чабуул уюштуруу үчүн даярдана баштады. Израил да Палестина жетекчилигине башкаруу укугун берип койгон региондор: Арихо, Женин, Газа шаары жана Аробаларды кайрадан басып алуу үчүн, ушул ыңгайлуу учурдан т.а. «терроризмге каршы күрөш»төн пайдаланып, палестиналыктарга каршы чектен тышкары күч иштетти. Израил ошол шаарларга өз өкүмдарлыгын орнотуу максатында танктар, вертолёттор жана аскерий самолёттордон пайдаланды. Шарон ишке ашырып жаткан жырткыч кылмыштар ушунчалык ачык-айкын болду дейсиң, Америка мусулмандар өлкөлөрү (Афганистан, кийинчерек Иракта) чабуул жасоо үчүн алып барып жаткан даярдыктарына анын таасир этишинен коркуп калды, ушул себептен улам, өзүн регионго этибар караткандай кылып көрсөтүп, кырдаалды жумшартмакчы болду. 2001-жылы октябрь айында «Жаңы Жакынкы чыгыш демилгеси» деп аталган долбоорун жарыялады. Бул долбоордон Американын терроризмге каршы согушунда арабдардын да колдоосуна жетишүү максат кылынды.

**Израил Палестина каршылыгын «терроризм» деп сыпаттоодо**

Израил Палестинадагы кыргынын «Израил менен терроризм ортосундагы күрөш» деп атай баштады. Шарондун кнессет алдында айткан сөзү мындай болду: «Арафат он жыл мурун самолётторду алып качууга мыйзамдуулук түсүн бергендигин эсибизден чыгарбашыбыз керек». Мусулмандарга чабуул жасоо үчүн «терроризмге каршы согуш» сөзүн иштеткен жалгыз Израил эле эмес. Индия, Россия жана Кытайлар да ошондой жол карманып, эгемендүүлүгү үчүн согушуп жаткан мусулмандарды террористтер деп атады. Израил болсо информациялык жактан, ошону менен бирге Америка коомчулук пикирин «Ал-Коида» менен Палестина каршылык жамааттары ортосунда айырма жок» деген нерсеге карата баштады. Ошондон келип чыгып, Израил Палестина каршылык жамааттарына каршы, жада калса каршылыкка жардам берген Палестина полиция кызматчыларына каршы аёусуз согуш алып барды. 2002-жылы февралда Израил кошууну Газа секторунда шумдуктуу аскерий амалияттарды ишке ашырды. Израил министри Эфраим Снех: «Ракета иштелип чыга турган ишканалар табылганга чейин аскерлер Палестина регионунда (Газада) бир нече күн калышат. Ракета атуулар улантыла турган болсо, аскерий күчтөр көбүрөөк о.э. узак мөөнөткө чабуул уюштура берет», - деди.

2002-жылдагы өзгөчөлөнүп турган иштердин бири – «Израилдин» зомбулук табиятынан келип чыгып жана Американын терроризмге каршы жарыялаган согушун туурап – «Палестина терроризмине каршы күрөшүү» деп туруп, Палестина жерлерин камалга алуу болду. О.э. бу жыл Америкага жакыныраак, Европа менен Британиядан алысыраак болгон башка бир Палестина жетекчилигин вужудга келтирүү үчүн Америка тарабынан Палестина жетекчилигине көрсөтүлгөн ашкере талап менен да өзгөчөлөнүп турду. Себеби, Америка Палестина жетекчилигин, ошону менен бирге Арафатты Америка каалагандай жүрбөстөн айлакерлик кыла баштаганын, мурункусуна кайтып, Европа менен, өзгөчө Британия менен байланып жатканын сезди. Бул нерсе Американын тынчын бузду. Палестина жетекчилиги икир-чикирине чейин Европа менен мамилелерин үзүп, жалгыз Америкага гана байланып калышы үчүн абалды оңдоого этибар каратты. Бул нерсе Америка тарабынан да, Европа, өзгөчө Британия тарабынан да билдирүүлөрдө ачык-айкын көрүндү:

2002-жылы 18-июнда АКШ улуттук коопсуздук иштери боюнча президент кеңешчиси Кондолиза Райс «Сан Хосе меркюри ньюс» гезитинде басылып чыккан интервьюсунда ачык мындай деди: «Зомбулукка тил бириктирген бузук Палестина жетекчилиги Палестина мамлекетинин алдыга жылышына жол коё турган эмес». Бир аптадан кийин президент Буш Арафаттын алып ташталышын жарыя кылды. Бирок Европанын, алардын катарында

Британиянын билдирүүлөрү мазмуну жагынан айырмаланчу. Өнөржайы өнүккөн сегиз мамлекеттин (G-8 - Чоң сегиздик) 2002-жылы 26-июндагы жыйынында Британия премьер-министри Тони Блэр өз пикиринде бекем туруп: «Эми өз жетекчилерин шайлап алууда иш палестиналыктарга байланыштуу болуп калат», - деди. Ал эми Британия тышкы иштер министри Жек Строу андан да ачыгыраак сүйлөп мындай деди: «Биз шайланган жетекчилер менен да, диктаторлук режим абалында шайланбаган жетекчилер менен да мамиле кылабыз. Палестина жетекчилиги тарабынан төрага Арафат кайра шайланып калса, аны менен да алака орното беребиз». Ясир Арафат Америка билдирүүлөрүнөн таасирленип, айрым коопсуздук жооптууларын иштен бошотту о.э. айрым өзгөртүү иштерин да алып барды. Бирок, бул нерсе Арафатты европалыктар менен британиялыктарга абдан жакын деп эсептеген америкалыктар үчүн жетиштүү эмес эле.

Кийин 2002-жылы 25-сентябрга чейин да т.а. Тони Блэр тынчтык амалиятын кайрадан жандантууга урунган кезде да күрөш улана берди: Ал: «Биз Жакынкы чыгыштагы тынчтык амалияты жаатында Израилдин коопсуз болушу жана Палестина мамлекетинин күчтүү болушу көрсөтүлгөн эки тараптуу принципке таянган жаңы конференция өткөрүлүшү зарыл деп билебиз», - деди. Андан кийин 2002-жылы октябрда Тони Блэр Израил, Палестина жана Ирак маселелерине карата Американын эки жүздүү саясатына шилтеме жасай баштады. Ал Блэкпулда лейбористтер партиясы конференциясы өткөрүлүп жатканда мындай деди: «Азыр Жакынкы чыгышта жүз берип жаткан иштер жийиркеничтүү жана ката. Анткени, палестиналыктар кордук жана муктаждык шартында жашоодо. Израилдин тынч калкы жырткычтарча өлтүрүлүүдө. Мен бул жерде да БУУ токтомдору Ирактыгыдай колдонулушу керектигин макулдаймын. Бирок, алар бир гана Израилге карата колдонулбастан, балким тараптардын баарына колдонулат». Бул иш Американы Буштун бир канча шарттар менен Израил жанында Палестина мамлекетин тикелөө жөнүндө 2002-жылы 24-июндагы сөзүндө келтирилген «жол картасы» деген наам менен айткан пикирлерин коргоо үчүн куру ооз менен гана аракет кылууга мажбур кылды. Бул иштин изинен Америка делегацияларынын регионго жасаган бир канча сапарлары болуп өттү. Башкы өкүл Энтони Зинни жана вице-президент Дик Чейни визиттери ошолордун катарынан. Ошондой болсо да, Израил Палестина каршылык аракетин терроризмге теңдештирип, басып алынган жерлердеги жырткыч саясаттарын актоону улантты.

Америка болсо Шарондун кылмыштарына көз жумчу. Себеби, анын кылмыштары Буштун «терроризмге каршы согуш» деп жарыя кылган актоонун өзүнөн о.э. анын: «Же мени менен же терроризм менен» деген сөзүнөн келип чыккан болчу. Ошондуктан, Израил мына ушул аргументтен пайдаланып, шаар-кыштактар жана лагерлерге каршы жырткычтык кылмыштарга катуу киришти. «Терроризмге каршы согуш»та Американын шериги деген этибарда жийиркеничтүү көрүнүштө жөөттүн кекирейиши баарына аян болду. Жөөт вужуду терроризмге каршы күрөшүүнү аргумент кылып, өзүнө каршы турган эч бир күчтү эсепке албастан, кылмыштарга катуу берилип кетти. Мунун бир канча себептери бар:

<u>Биринчиден</u>: Буш жетекчилигиндеги неоконсерваторлор тарабынан бул вужуддун кеңири көлөмдө колдоп-кубатталышы. Буш бийликке келип, анын администрациясына неоконсерваторлор келип калгандан бери алардын айрымдары - Дуглас Фейт сыяктуулар Ричард Перл менен бирге «Ликуд» партиясына саясий пландарды иштеп бере баштады. Натыйжада: «Нукура мүмкүнчүлүк: 1996-жылда жөөт мамлекети камсыздоосунун жаңы стратегиясы» (A Clean Break: A New Strategy for Securing the Realm in 1996) деген колдонмо иштелип чыкты. Мында ошол кездеги Израил премьер-министри Нетаняхуга «Тынчтык амалияты жаатында жогорку даражадагы активдүүлүк көрсөтүү» т.а. 1993-жылдагы Осло бүтүмүнүн текстин мыйзамдуу деп жарыялоо жана «Тынчтык акысына жер фикратын четке сүрүп, «Израилдин жерге болгон укугун кайтаруу» насаат кылынган. О.э. бул колдонмо Израилди Палестина жерлерин кайра басып алып, Арафат ордуна башка кишини табууга жана АКШ менен өзүнө болгон ишеним жана өз ара эки тараптуу пайдага негизделген жаңы жана күчтүүрөөк алака жаратууга чакырган. Чамасы, Эйхуд Барак менен Шарондун ар бири ушул саясий колдонмону чыныгы жол картасы сыяктуу Израил пайдасы үчүн

иштеткен. О.э. Америка Улуттук коопсуздук кеңешинде Жакынкы чыгыш бөлүмү жетекчиси Эллиот Абрамска кийинчерек «Жол картасын» даярдоо жоопкерчилиги жүктөлдү. Эллиот Абрамс Буш жетекчилигин Шарондун чыгып кетүү планын кабыл алууга үндөөдө негизги ролду ойноду. Бир нече апталык дипломатия чагында Кондолиза Райс жана Эллиот Абрамс Шарондун жөөт мамлекетинин келечегин бекемдөө теориясын колдоо аркасында зор активдүү роль ойноду.

Экинчиден: Уюмда («Палестина азаттык уюму»), кала берсе жетекчиликте да баш тартуу пикиринин пайда болушу. Ушул себептен улам, жөөттөр көбөйүп бара жаткан кылмыштары менен жаңы-жаңы баш тартууларга жетишебиз деп ойлой баштады. Анткени, уюм 1948-жылдагы Палестинадан баш тартып, 1967-жылдагы Палестинаны талап кылды. Кийин 1967-жылдагы Палестинаны да толук бойдон талап кылбастан, балким көбүрөөк бөлүгүн талап кыла баштады жана баш тартуу жаатында ушундай көрүнүштө уланды. Бүгүн туруктуу иштерден деп эсептеген нерсе эртеси өзгөрүп калууда. О.э. бир кызыл сызык эмес, балким кызыл сызыктар деп аталган качкындардын кайтып келишинен да, алгач шилтеме менен, кийин ашкере айтылып баш тартыла башталды. 2003-жылы 1-декабрда Женева документине да жетекчилик кыжалат болуп кыйыр түрдө, кийин аны ашкере көрүнүштө тастыктап, кол койду. Абу Аммар (т.а. Ясир Арафат) Женевага коопсуздук иштери боюнча кеңешчиси Жибрил Ражубду о.э. мамлекеттик министри Кудура Фаристи «Палестина азаттык уюму Женева бүтүмүн расмий түрдө кабыл алды» деген документке кол коюу ырасымына Палестина жетекчилигинин башчысы жана «Палестина азаттык уюмунун» башчысы Абу Аммар атынан сүйлөгөн сөзүн кошуп, өкүл кылып жиберди. Женева бүтүмүн расмий түрдө кабыл алуу менен болсо качкындардын кайтып келүү укугу катуу талап кылынбай турган болду жана ал «кызыл сызык» да болбой калды. Тескерисинче, ал «сары» же «көк» түстөр менен белгиленип, өзгөрүүчөн болуп калды.

Жогорудагы эки фактор т.а. Америка жетекчилигиндеги неоконсерваторлордун жөөт мамлекетин чектелбеген көрүнүштө колдоосу о.э. «Палестина азаттык уюму» тарабынан, кала берсе жетекчилик тарабынан кайра-кайра баш тартуудан турган ушул эки факторго үчүнчү фактор да кошулат. Ал фактор - араб акимдери ээлеген кордук позициясы. Анткени, Египет жана Иорданиянын жөөттөр менен ашкере бүтүмдөрү, элчиканалары, өз ара эки тараптуу сапарлары жана жөнөкөй эмес, балким, өзгөчө мамилелери бар. Катар, Марокко, Оман сыяктуу мамлекеттердин автомобиль жолдоруна болсо «соода-сатык алакалары», «гуманитар жардам көрсөтүү мекемеси», экономикалык же спорт конференциялары деген атамалар менен жөөттөрдүн кирип келиши үчүн кенен эшик ачылып коюлган. Бул мамлекеттердин арасында жөөттөр менен эң кем нормалдуу алака орноткондору бул алакаларды расмий түрдө жарыялабастан, жөөт мамлекетин иш жүзүндө тан алган мамлекеттер. Ушул себептен улам, алар аны менен алып барыла турган сүйлөшүүлөрдө катышып, анын вужудун тастыктоодо. Т.а. «Израил мыйзамсыз вужуд, ал Палестинаны басып алгандыгы жана бардык жакка кыйроону алып келе турган түрдүү кылмыштары үчүн жок кылынышы керек, биз болсо, ушул себептен улам, бул баскынчы вужуд жок болуп, Палестина Ислам диярына кайтарылмайынча жөөт менен амалий согуш абалындабыз» деп билген бир да араб мамлекети жок. Ошондуктан, араб мамлекеттери Каирде өткөрүлгөн биринчи саммиттен баштап Тунисте өткөрүлгөн акыркы саммитке чейин душманга сокку берүү биякта турсун, жада калса, ага душман көзү менен да карашпады. Мына, Бейрут саммитиндеги Саудиянын демилгеси – дал Америка же Европа жөөткө жардам берүү үчүн тартуулаган демилгелер сыяктуу, жөөт вужудун тастыктоо жана Палестинаны жок кылуу болду. Анткени, араб мамлекеттери жөөткө каршы да, калыс да болуп калбастан, тескерисинче, жөөт кызыкчылыгы үчүн демилгелер иштеп чыгууда чоң салым кошууда. Ошону менен да чектелген жок. Балким, жөөт мамлекети кризис абалына түшүп калгыдай болсо, дароо аны ошол абалдан куткарышат. Египет разведкасынын директору Умар Сулаймандын душман жөөткө тынымсыз катташы айткан сөздөрүбүзгө далил болот.

Ушул факторлорго ылайык жөөттөр Палестинада өз кылмыштарын улантып келүүдө. Бирок, Иракка баскынчылык кылууну пландаштырып, ыңгайлуу учурду күтүп турган

Америка Иракка жасала турган баскынчылык кылмыштарын чүмбөттөө максатында эл аралык жактан да, регионалдык жактан да өзүн жакшы көрсөтүү үчүн шарт даярдоого кирише баштады. Буштун 2002-жылы 24-июнда «Жакынкы чыгыш окуясынын чечими боюнча Израидин жанында палестиналыктар үчүн бир канча шарттар менен чектелген бир мамлекетти пайда кылуу керек» деп сунуштаган доклады да ошол багытта болуп, анын пикирлери «Жол картасы» деген наам алды. Ошону менен бирге Америка массалык маалымат каражаттары Буштун Жол картасы жаатындагы пикирлерин жана анын Жакынкы чыгыш маселесине этибар каратканын тынымсыз айтты. Бул демилге темалары Буш Иракты басып алуу планын жарыялаганга чейин маалымат каражаттарында тынымсыз чыгып турду. Анын баскынчылык согушу 2003-жылы 19-мартта башталып, негизги баскычы 30-апрелге келип аяктады. Ошол күнү эле Буш картасын акыркы формада расмий түрдө жарыя кылып, аны Палестина жетекчилигинин премьер-министри Абу Мазинге да, Израил премьер-министри Шаронго да тапшырды.

«Жол картасы» эмнени максат кылышы деталдары менен карап чыгылса, ал төмөнкүдөй карасанатай идеялар үчүн иштелип чыкканы маалым болот:

Биринчиден, ал негизинен Палестина маселеси чечимине жол даярдоочу карта болуудан көрө көбүрөөк Иракты басып алуу үчүн шарт даярдоочу карта болду. Анткени, аны өз ичине алган Буштун 26-июндагы сүйлөгөн сөзү Иракка каршы ачыла турган согуш үчүн даярдануу дооруна туура келип, 2003-жылы 19-мартта Иракты басып алуу башталганга чейин улантылды. Анткени, Америка жетекчилигинин өкүлдөрү президент Буштун Палестина маселеси чечими үчүн Палестинада жанма-жан жайгашкан эки мамлекетти тикелөө туурасындагы пикирлерин ачыктап, регионго аябай көп сапарларды жасашты. Бул болсо Америка жетекчилигинин жөөттөр өз жанында палестиналыктардын мамлекети пайда болушуна макул болуулары үчүн аларга анык бир басым берүү туурасында жалпы шарт жаратты. Америка жетекчилиги бул демилге натыйжасында даяр болгон шарттар Ирактагы баскынчылыгынын таасирлерин жеңилдетет деп күткөн болчу.

Экинчиден, Америка Иракка ачык бастырып киргени үчүн анын малайлары Американын малайы катары таанылып, адамдар алдында кыйын акыбалга түшүп калышты. Ошондуктан, Америка: «Мына, Америка Иракка кандай согуш жарыя кылган болсо о.э. Палестина мамлекети вужудга келишине ыраазы болушу үчүн жөөттөргө да басым өткөрүүдө» деген «Американын региондогу адилети»нин базарын өтүмдүү кылуу үчүн малайларына сөз темасын таап бермекчи болду.

Үчүнчүдөн, Европа «Иракта жаңы кескиндикти пайда кылуудан көрө Жакынкы чыгыш (Палестина жана Израил) кескиндигине чечим табуу абдан зарыл» деп көп сүйлөчү. Америка Европаны Жакынкы чыгыш кескиндигине чечим табуу керек деген сөздү кайталай беришинен кайтармакчы болуп: «Бул кескиндиктин чечими иштелип чыккан, бул - «Жол картасы» деп, муну аларга жооп катары сунуш кылды.

Америка бул урунууларында кандайдыр бир деңгээлде ийгиликке жетишти. «Жол картасы» жаман болсо да, анда бир мамлекеттин тикелениши көрсөтүлгөндүктөн, Палестина жетекчилиги жана араб акимдери тарабынан «жеңиш» деп этибар кылынды. Акыйкатта болсо, «Жол картасы»нын баскычтарындагы пункттарынан бул мамлекет кагазда калып кетиши айкын болчу.

Европа болсо ушуну бекем кармап алып, аны Америка, Европа союзу, Россия жана БУУдан турган квартет (төрттүк) үчүн мамлекеттер аралык картага айландырды. Анын талкуусу үчүн арты-артынан жыйындар өткөрүлүп, өкүлдөр тынымсыз Палестина, Европа, БУУ о.э. Америка ортосунда каттай баштады.

Ошого карабастан, Америка Ирактагы расмий режимге жасаган кол салуусу, кийин баскынчылыкка карата Ирактагы эрдик көрсөткөн каршылык аракети аны салып койгон туңгуюк абал менен алек болгону үчүн т.а. «Жол картасы» маселесинен көрө маанилүүрөөк нерсе менен алек болгону үчүн анын иш жүзүнө ашышына олуттуу киришпеди. Карта боюнча куру кеп-сөздөр регионго таасир көрсөтүшү үчүн аны өз абалына таштап койду. Бирок, Американын амалий аракети тынчуунун ордуна андан да

алоолонуп бара жаткан Ирактагы кызуу согушта болгон Америка менен союздаштар кошуунунан тургандарга каратылды.

Жөөттөргө келсек, алар Америка Ирактагы туңгуюк абалы о.э. шайлоо даярдыгы менен алек болгондуктан – кеминде Буштун азыркы жетекчилиги доорунда – «Жол картасы»нын иш жүзүнө ашышына олуттуу киришпешин түшүндү. Ошондуктан, алар «Жол картасын» кабыл алуу үчүн он беш шарт иштеп чыгышты, бул шарттар аны иш жүзүнө ашыруунун мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарып койду. Жөөттөр ошол эле учурда «терроризмге каршы күрөш» наамы менен Палестинада жырткычтык кылмыштарын уланта беришти. Ошондой болсо да, жол картасы туурасындагы кеп-сөздөр токтобостон, пайдасы жок боло туруп, кээде көтөрүлүп, кээде түшүп турду. Анткени, ал негизи «Үнү бар, бирок пайдасы жок» деген макал боюнча иштелип чыккан болчу.

Америка Ирактагы туңгуюк абалы менен алек болуп калды. Анын бирден-бир тынчсызданыусу Ирак каршылык кыймылынын чабуулдары алдында өз аскерлеринин коопсуздугун кантип камсыздоо болуп калып, Палестина маселесин аскерий жактан Шарондун кылмыштарына, саясий жактан «Жол картасы»нын таасирлерине карата өз абалына таштап койду. Акыйкатта болсо, ал «Жол картасы» вужудга келгенден бери жансыз экендигин билчү. 2004-жылы апрелде Шарондун бир тараптуу планы чыкканча абал ошондой бойдон калды.

Шарон өз планында этибарды Газадан чыгып кетүүгө каратып, аны эң чоң камкордук кылып көрсөттү. Буга Батыш жээкте жайгашкан четтеги төрт кыштактан чыгып кетүүнү т.а. айтууга да арзыбаган нерсени көккө көтөрүп, чалгытуу үчүн кошуп койду. Акыйкатта болсо, жээктеги кыштактар топтому акыйкатта жөөт мамлекетине кошуп жиберилген. Анткени, ошол план өз ичине алган чыгып кетүү Газа секторун назарга алат т.а. Шарон өз планында жөөттөрдүн маселени бир бүтүн нерседен бир бөлүккө, андан кийин ошол бөлүктүн бир бөлүгүнө акырындык менен көчүрүүдөгү ыкмасын колдонуп, негизги маселени Газадан чыгып кетүүгө алмаштырып койду. Анткени, бул маселе алгач 1948-жылы тартып алынган Палестина болгон болсо, кийин ал 1967-жылдагы Батыш жээк жана Газага, андан кийин 1967-жылдагы Батыш жээк жана Газанын бөлүктөрүнө айланды. Эми болсо бул маселе Газа секторуна гана айланган окшойт. Ал эми, Батыш жээктин четинде жайгашкан төрт жөөт кыштактары жөнүндөгү сөздөргө келсек, алар бул жээктин толугу менен Шарон планына киргизилиши үчүн эч кандай деле кыйынчылыкты жаратпайт.

Кийин Шарон «Газа секторунан бир тараптуу чыгып кетүү» деп аталган өз планы үчүн 2004-жылы апрелде Вашингтонго жасаган сапары менен шарт даярдап, ушул соңку сапарында кичүү Жорж Бушту өзүнүн бардык каалоолоруна көндүрө алды. Анткени, Америка президенти Жорж Буш Газа секторунан жана Батыш жээктин четинде жайгашкан төрт кыштактан бир тараптуу чыгып кетүү боюнча Ариел Шарон алга сүрүп жаткан чечүүчү планды колдогонун билдирип, Шарондун сунушун «тарыхий жана кайраттуу иш» деп баалады.

Буш 2004-жылы 13-апрелде Вашингтондо Шарон менен бирге өткөргөн маалымат жыйынында: «Палестиналык качкындар Израилде эмес, келечектеги Палестина мамлекетинде жайгаштырылышы керек», - деди. Ал Израил позициясы пайдасына кызмат кылган «чоң баш тартуу» туурасында токтолуп: «Израилдин Батыш жээктеги жөөт кыштактарынан баш тартуу жаатына келсек, жер жүзүндө абалдар өзгөрүп кетиптир», - деди.

Буш Шарон менен Ак үйдө учурашканда мындай деди: «Тараптар эгер ушул планга (Шарон планы) моюн сунууну чечсе, бул өнүгүү эшигин ачып, дүйнөдөгү эң чаташ келишпестиктердин бирине чек коёт».

«Бул компромисс демократиялык жана жашоо үчүн ылайыктуу Палестина мамлекетинин тикеленишине да алып келиши мүмкүн», - деп кошумчалады Америка президенти.

Муну менен Буш – айтыштарынча, Шарондун каалоосуна ылайык – маселелерге акыркы чечимди чыгарган болуп жатат.

Анын жанында турган Шарон өз планы «Израил мамлекети үчүн эң абзел абал жаратышын» айтып, «ал план палестиналыктар менен сүйлөшүүлөрдү кайра баштоо үчүн негиз жаратышы мүмкүн» деди. Израил премьер-министри 22-апрелде Израил парламенти кнессетте «Газадан чыгып кетүү планынын Америка тарабынан колдоп-кубатталышы эбегейсиз ийгилик алып келет. Мамлекетибиз жарыя кылынгандан баштап тээ бул күнгө чейин президент Жорж Буш билдирген колдоого окшогонун учуратпадык» деп маалымдап, муну кошумчалады: «Палестиналыктар Буш тарабынан берилген жазма келишимдер 1948-жылы эгемендүүлүгүбүз жарыя кылынгандан бери аларга берилген эң какшаткыч сокку экендигин жакшы түшүнүп жатышат».

Израил премьер-министри Батыш жээкте «коопсуздук дубалы» курулушун тездетмекчи экендигин маалым кылып, Ак үйгө барган акыркы сапарында америкалыктардын жазма түрүндө келишимдер бергендигин эстетти.

Буштун Шарон планына макулдугун жарыялоо менен анын азыркы жетекчилиги доорунда «Жол картасын» иш жүзүнө ашыруу үчүн Америка олуттуу киришпегендиги далилденет. Анткени, анда сөз оюнунун иштетилишине карабастан, Шарон планы «Жол картасы»нын көп пункттарын жокко чыгарууда. Эгер Буш «Жол картасын» иш жүзүнө ашырууга олуттуу киришкенде, Шарон планына макулдук бербеген жана Ак үйдө Шарон менен учурашканда төмөнкүлөрдү айтпаган болор эле: «Тараптар эгер ушул планга (Шарон планы) моюн сунууну чечишсе, бул өнүгүү эшигин ачып, дүйнөдөгү эң чаташ келишпестиктердин бирине чек коёт». Бул болсо анын проблеманы чечүүдө «Жол картасы»нан баш тартып, бул проблеманы «Шарон демилгеси» гана чече алат демекчи экенин билдирет.

Бул - «Жол картасы» Шарон планынан абзел дегени эмес. Тескерисинче, жамандыгы боюнча экөөсү тең бири-биринен өтөт. Бирок, бул – Буш Палестина жетекчилиги жана араб акимдеринин ар кандай нерсеге макул болушун билип туруп «Жол картасын» сунуштаганын т.а. эң узагы 2005-жылы аларга мамлекет куруп бермекчимин деген сөз менен кытыгылап, аларды шылдың кылганын түшүндүрөт. Буш 2002-жылы 24-июндагы сүйлөгөн сөзүн жарыя кылганда «Жол картасы» жаатындагы пикирлери маанилүү болуп турган болчу. Ал эми, аны расмий түрдө жарыялап, Палестина жетекчилиги жана «Израилге» 2003-жылы 30-апрелде тапшырган кезде, ага Американын кызыкчылыктары жана Ирактагы согуштан башка нерсе маанилүү болбой калды. Палестина жетекчилиги жана араб акимдеринин туйгуларын бир аз таттуу сөздөр менен кытыгылап, кийин алардын талаптары ишке ашырылды деп Европаны чалгытуу – мына ушул нерсе Жакынкы чыгыш кескиндиги үчүн табылган чечим болду.

«Калкан дубалы» маселесинде Америка жетекчилигинин туруксуз позицияда турушу да анын бул маселеге олуттуу кирншпегендигин тастыктайт. Кала берсе, бул нерсе Буштун ушул маселеде досу Шарон менен тил бириктиргендигине далалат кылат. Ошондуктан, Израилде эч ким «Жол картасы» менен олуттуу мамиледе болбоду. Себеби, жөөттөр Буштун аны колдонуу үчүн жетиштүү деңгээлде олуттуу киришпегендигин билишчү.

Чамасы, Европа мамлекеттери Шарон планы Америка жетекчилиги тарабынан кабыл алынышы менен өздөрүнүн алданган жана аттап өтүлгөнүн сезген окшойт. Себеби, Европа Жакынкы чыгыштагы тынчтык боюнча төрттүк коммиссиясы коргоосу астында кызыкдар тараптар ортосунда колго киргизиле турган чечимди дайыма чыдамсыздык менен күткөн. Бирок, Европа союзу наамы менен Жакынкы чыгыш маселесинде активдүү саясий ролду колго алууну дагы деле арзуу кылып жүргөн Европа – регионго жүктөлө турган ар кандай чечимдин экономикалык жүгүн көтөрүп келе жатканына карабастан – өзүнүн четке сүрүлүп калып, этибарга алынбаганын көрдү. Ошондуктан, «Жол картасын» колдоочу тараптар: АКШ, БУУ, Россия жана Европа союзу менен Европа тышкы иштер министрлери жыйын өткөрүп, аны жандантууга аракет кылышын маалымдашты.

Европа союзуна азыр башчылык кылып жаткан Ирландия тышкы иштер министри Брайан Коуэн союздун тышкы иштер министрлери менен учурашкандан кийин: «Жол картасы – бул

региондо туруктуу тынчтыкты жүзөгө чыгарууга кудуреттүү жалгыз саясий механизм», - деп баса белгиледи.

Бирок, Европа кудум соңку чараны ишке салмакчы болгондой, «төрттүк»түн (АКШ, Россия, БУУ жана Европа союзу) акыркы учурашуусунда Израил премьер-министринин палестиналыктар менен араны ачуу туурасындагы планын кайра мактап, анын «Жакынкы чыгышта тынчтык орнотулушуна адаттан тышкары мүмкүнчүлүк туудурган мындай «кадам»ды алкыштап колдоп-кубатташын» айтты. Бул кеп поездден таптакыр кеч калып, майданды Американын өзүнө ачык абалда калтырбоо үчүн Европанын Америка саясатына кысман ийилишинен далалат берет. Ушуга ылайык, Европа өзүнүн мурун жарыялаган саясатына карама-каршы болгон иштерге да ыраазы болду т.а. сүйлөшүү алып барбастан туруп палестиналыктардан бөлүнүү жөнүндөгү Шарондун планына ыраазы болду. Акыйкатта болсо, бул «Жол картасы»на бүтүндөй карама-каршы нерсе. Ошого карабастан, Европа союзу Шарон планын мактады.

Европанын мындай позицияда турушу Америка саясаты кандай болбосун, аз гана пайданы колго алуу же аны сактап калуу үмүтүндө аны менен бирге жүрө турган Британиянын позициясына карама-каршы. Ошол эле учурда, Британия Европа союзу менен жакшы мамилелерди сактап калууга урунууда. Бул - Буштун 2004-жылы 14-апрелде «Британия өкмөтүнүн жетекчиси палестиналыктар менен болгон алаканы бир тараптуу жокко чыгаруу боюнча Шарон планын колдошу менен өзүнүн ордун көрсөттү», деген билдирүүсүнөн кийин Блэрдин берген билдирүүсүнөн көзгө көрүнүүдө. Анткени, Блэр жогорудагы билдирүүдөн кийин Вашингтондо Буш менен талкуулашкандан кийин, 17-апрелде мындай деди: «Жол картасы тынчтык сүйлөшүүлөрү үчүн негиз болуп калат, Шарон планы болсо аны аттап өткөн деп эсептелбейт». Бул Британия айла-амалынын катарына кирет. Мейли, бул эки план: «Жол картасы» жана Шарон планы жамандык боюнча бирдей болсо да, бирок Шарон планы «Жол картасын» «аттап өткөн деп эсептелиши» анык.

Анткени, Шарон планында Батыш жээкте жайгашкан төрт четтеги жөөт кыштактары жана Газа секторундагы 21 кыштакты бошотуп коюу о.э. «Филаделфия коридорун» (басып алынган Палестина жерлери менен Египет арасындагы коопсуздук жолчосун) кошпостон, Израилдин бул региондон чыгып кетиши көрсөтүлгөн. Жогорудагы «Филаделфия коридору» Египет менен Израил ортосундагы чегараны бойлоп сызылган буфер зонасы болуп эсептелет. Мындан тышкары, чыга турган региондордо пайда болушу мүмкүн болгон коркунучтарга каршы Израил күч иштетүү аркылуу өзүн коргоо, тыйып коюу о.э. жооп кайтаруу амалияттарын алып барууда негизги укукту өзүндө сактап калат. Башкача кылып айтканда, бул план Шарон бийликке келгенден бери палестиналыктарга сунуштаган нерсенин дал өзү т.а. Батыш жээктин 40%дай жеринен башкасы берилбейт, ошону менен бирге суу, аба же өтмөк жолдор үстүнөн алардын ар кандай көзөмөл орнотуу укугу да четке сүрүлөт, ал ушундай бир шарт менен дейсиң, Палестина «мамлекети» куралсыздалган болушу керек.

Мунун баары бир тараптуу болуп, бул үчүн - «Жол картасында» көрсөтүлгөндөй - тараптардын сүйлөшүү алып барууга муктаждыгы жок. О.э. анда эч кандай мамлекет – куралсыздандырылган болобу, күчсүз болобу – жада калса «Жол картасында» келтирилген мындай түрдөгү кандайдыр бир мамлекет вужудга келиши көрсөтүлбөгөн.

Ушуну эстетип өтүшүбүз жайыз, Шарондун Газадан чыгып кетүү боюнча сунуштаган планы жаңылык эмес. Анткени, Израил солчулдары, ошону менен бирге Шимон Перестин да болжолдорунун бири Газадан чыгып кетүү болуп, ал муну кыйладан бери катуу талап кылып келчү. Себеби, ал жердеги демографиялык шарттар жээктеги абалдан көрө ишти чаташыраак абалга салып койгон. Мындан тышкары, Газадан чыгып кетүү жөөт мамлекетинин коопсуздугуна олуттуу таасир тийгизбейт. Батыш жээк болсо мунун тескериси, анын Тулкарм, Калкилия сыяктуу айрым региондору деңиз жээгинен бир канча километр алыстыкта жайгашкан. Бул болсо «ичкеридеги стратегиялык таяныч чекитин» кепилдебейт. Мисалга алсак, жөөт вужуду Батыш жээкти басып алган тагдырда да, чыгыш

фронт тараптан кургактыктагы чабуул уюштурулса, өзүн коргой ала турган «стратегиялык ички чекит»ке ээ болбойт. Буга себеп, жээктин узундугу жана энинин кыскалыгы. Ушуга ылайык, Газадан чыгып кетүү коопсуздук жагынан маанилүү да, таасирдүү да эмес. Тескерисинче, мунун жөөт вужуду үчүн бир канча пайдасы бар. Мисалы ал, расмий статистикалык маалыматтарга ылайык, Газада жашаган 1,3 миллионго жакын кишиден кутулат. Анткени, азыркы убакта Израил демографикалык жактан – Жашыл сызык ичинде, Жээкте жана Газада арабдар саны көбөйүп бара жатканынан тынчсызданууда. Жогорудагы чыгып кетүү планы боюнча болсо жөөттөр «аарылардын уясы»нан кутулат. Ооба, жөөт саясатчылары Газа секторуна ошондой атама берген. О.э. Израил Филаделфия коридорун өзүндө сактап калуу менен бул секторду палестиналыктар үчүн чоң бир камакканага айландырат дейсиң, алар жөөт камаккана көзөмөлчүсүнөн уруксат албастан ал жерден чыгып кете албайт.

Бул жерде, мындан тышкары, ушул сектордогу суу проблемасы да бар. Анткени, Израил өкмөтү 1980-жалдардын ортосунан баштап жер астындагы суулар сакталган жерлер жана алардын багыттарын аныктоо үчүн кең көлөмдөгү бургулоо иштерин өткөрүп, бул сектордун чыгыш райондорунда казуу иштерин алып баруу менен бирге артезиан кудуктар да казды. Ошол убактан баштап артезиан сууларынан пайдалануу гүлдүп-өскөн болсо да, сектордогу жер астындагы сууулардын көлөмү азая баштады. Жада калса, жер астындагы тузсуз суулардын ордун деңиз суусу ээлегени себептүү, бул сектордогу артезиан кудуктарынын көбү шор суу болуп калды. Бул жараянды артка кайтарып болбойт т.а. Израил келечекте казуу иштери менен бирге суу чыгарууну токтотсо да, шордолуп бүткөн региондордо суулар шор боюнча кала берет. Себеби, бул жараян туз иондору менен химиялык амалияттарга байланыштуу. Ушунусу да белгилүү, Газа шаар жетекчилиги 1980-жылдардын акырынан баштап Газанын шаар-райондорунан тышкарыда, аныгыраагы Жабалия жана Байтул Лахия шаарларына караштуу түндүк региондордо жаңы кудуктар казууну баштап жиберген болчу. Бул иштер Газа шаарындагы шор болуп кеткен кудуктар ордун басуу үчүн кылынган. Газадагы суу проблемасы жөнүндөгү бул маалыматтарды келтирүүдөн максат Кемп Дэвид бүтүмү үчүн түзүлгөн жашыруун тиркемелердин Египетке байланышын ачып таштоо. Анткени, анда Израилди «Тынчтык каналы» аркылуу Нил суулары менен камсыздоо көрсөтүлүп өткөн. Күзөтүүлөргө караганда, 2020-жылга келип Газада бир тамчы да тузсуз суу калбашын этибарга алсак, бул Синаны Нил суулары менен камсыздап, аны Газа жана «Израилге» чейин улантуу үчүн ылайыктуу шылтоо болот. Ушуну да айтып өтүү керек, бул иш Газа сектору жана палестиналыктарды суу менен камсыздоону аргумент кылып алып барылат!

О.э. ушуну да өзгөчө белгилеп өтүү керек, Буш Палестина жетекчилигин тынчтыкка жетишүүгө кудуреттүү эмес деп билет. Ал: «Жетекчиликти өзгөртүү керек, Жакынкы чыгышта тынчтык орнотулушуна алып бара турган олуттуу чечимдерди кабыл алууга кудуреттүү башка бир жетекчиликти түзүү зарыл» деп бир нече жолу талап кылган. Ошондуктан, Америка жетекчилиги премьер-министрлик кызматын түзүү үчүн Палестина жетекчилигине басым өткөрдү. Мунун натыйжасында майданга Махмуд Аббас келди. Бирок, Арафат анын администрация документтери жана коопсуздук кызматтарына тийиштүү иштер тизгинин колго алууга урунуп жатканын сезип калган кезде, андан ыйгарым укуктарын алып коюп, Аббас өкмөтүндө ички иштер министри болууга талапкерлиги көрсөтүлгөн Мухаммад Дахланга берип, дароо андан кутулду. Кийин Арафатка берилгендикте күмөнү жок Ахмад Кураийди бийликке алып келди.

Анткени, Арафат Американын Жакынкы чыгыш боюнча иштеп чыккан пландарында аны менен бирге да жүрбөдү, анын берилген адамдарынан да болбоду. Ал «Палестина азаттык уюму» вужудга келгенден бери Британия менен бирге аракет кылды, Жакынкы чыгыштагы таасири түшүп бара жатканы себептүү Британия ага Америка сызып берген багытта жүрүүнү кеңеш берди. Ушул себептен улам, ал Британия регионго жөөттөрдү кабыл алдырып, анын үстүнөн көзөмөл орнотуунуну жеңилдетүү үчүн ылаазым деп билген пикирге ылайык – Палестинада бардык диндегилер: мусулмандар, насронийлер жана

жөөттөр үчүн бир илманий мамлекет болушун талап кылып чыккандан кийин Батыш жээк менен Газада болсо да бир мамлекет болушуна ыраазы болду. Бирок, анын Европа менен, айрыкча Британия менен алакалары үзүлгөн жок. Ушул себептен да Америка анын өзү менен бирге жүрүшүн натыйжасыз деп эсептеди. Ошондуктан, Америка палестиналыктардын жетекчилиги катары андан кутулуп, жалгыз өзүнө гана байланыштуу болгон башка бир Палестина жетекчилигин алып келүү зарылдыгын билдирди. Жөөттөр бул иште Америкага ээрчиди. Ошондуктан, премьер-министр идеясы Арафаттын ордуна укук ээси болушу үчүн алгачкы кадам болгон. Бирок, белгилүү болгондой, эл аралык абалдар о.э. Европанын абалдары аны алмаштыруу үчүн амалий жана толук кадам коюу үчүн Америкага мүмкүнчүлүк бербеди. Америка акырындык менен Арафаттын укуктарын азайтуу керек деп билди. Эми качан ал ушул иштин аткарылышына олуттуу киришүү убагы келди деп билсе, аны ошол замат учурда аткарат. Анткени, жөөттөрдүн колунда турган адамды алып таштоо үчүн шылтоо табуу эч кыйын эмес.

Эмнеси болсо да Европа Арафатты колдоп-кубаттап турат. Анын Европага, айрыкча Британияга болгон алакасы уланууда. О.э. Европанын да аны менен байланган алакалары улантылууда. Ушул жерде: Европа аны ар дайым колдоп турушу мүмкүнбү? Американын каалоосу олуттуу чечимге айланып калса, анын каалоосуна Европа каршылык кыла алабы? - деген суроо туулат. Америка ошол каалоосун иш жүзүнө ашырууну чечсе, Европа ага каршы акырына чейин бара албастыгы күтүлүүдө. Анткени, көп маселелерде Европа Америкага каршы чыкса да, Америка тарабынан катуу чечим кылынганда, ошону менен бирге, Европа Америка менен бирге жүрүп, аны менен бирге айрым пайдаларга ээ болуунун мүмкүнчүлүгү болуп турганда, ал чегинет. Ошондуктан, Арафат каргашалуу айгырга айланып, анын үстүндө мелдешүү зыян жеткире турган болсо о.э. Европа аны менен бирге туруу өз кызыкчылыктарын иш жүзүнө чыгарбашын көрө билсе, Европанын аны колдоосу солгундашы күтүлөт.

Этибарды тарткан нерсе, жетекчиликти өзгөртүү маселеси талкуулана баштады. Уюмдар болсо камалдагы символикалуу «жетекчи» менен бирдем болууда бири-бири менен жарышууда! Ошол эле учурда, Израил аер-биерде мусулмандарды ыпластык менен кырып, өлтүрүп кетүүдө. Чындыгында болсо, камалда калган «жетекчи» жөөттөргө зыян жеткире албайт. «Жетекчи менен башчы жакшы болгондуктан, мекен да – мейли, анын көп бөлүгү басып алынса да – жакшы боло берет» деп айтылган кез – июнь айындагы жеңилүү кайталана берет.

**Эй мусулмандар!**

Күчсүз тактылары менен кор таажыларын сактап калуу максатында өздөрүн душмандар кучагына таштап жаткан, алардын кызыкчылыгы үчүн үммөттүн ыйык нерселеринен баш тартып жаткан акимдер Палестинаны жөөт ыпластыгынан азат кыла албайт. О.э. күчсүз Палестина жетекчилиги да аны куткара албайт. Палестинаны Умар фатх кылды, аны кресттүүлөрдөн Салахиддин азат кылды. Ошондой болгон соң, жөөттүн ыпластыгынан тазалануу үчүн Палестина Умар жана Салахиддиндердин неберелерине муктаж.

Албетте, Палестина маселеси жалгыз Палестина калкынын же арабдардын маселеси эмес, балким, жалпы Исламий маселе. Ток этер жерин айтканда, ал - жөөт вужуду Америка жана Британия сыяктуу чоң капыр мамлекеттердин колдоосу менен о.э. мусулмандардын малай акимдеринин жардамында тартып алынган Исламий жер маселеси, Исламдын ыйык нерселери маселеси. Себеби, Палестина Шам өлкөлөрүнүн түштүгүндө жайгашкан Ислам өлкөсү. Мусулмандар аны өз кандары менен фатх кылышкан, анын бир да мужахид аты баспаган же шахид каны тамбаган жери калбаган. Ал бардык мусулмандардын мүлкү болуп, аны кайтарып алуу жолунда мусулмандар каны менен жанын курман кылуулары важып. Анын бирер карышы жаатында суздук кылуу Аллага, Расулуна жана момундарга кыянат болуп эсептелет. Алла Палестинаны жөөт мамлекетинен куткарып алуу, андан жөөт вужудун түп-тамыры менен сууруп таштоо үчүн о.э. андан Америка жана башка капыр мамлекеттер өкүмдарлыгын алып таштоо үчүн жихад кылууну мусулмандарга важып кылган.

Чыныгы проблема мына ушундай. Анын вакыйына токтолсок, ал өткөн ондогон жылдар ичинде Америка жана Британия ортосунда мамлекеттер аралык күрөш майданына жана эл аралык маселелердин бирине айланып калды. Бул нерсе Усманий мамлекет кулатылып, капыр Батыш мамлекеттери регионго өздөрү каалагандай жаңыдан форма берүүгө кайтышкандарынан кийин жүз берди.

Палестина калкы өткөн он жылдыктар ичинде бул күрөштүн «отуну»на айланды. Палестиналыктар көбүнчө колонизатор капыр тегирменине суу куя турган максаттарды иш жүзүнө ашыруу үчүн каны менен жанын азырга чейин төлөм катары төлөшүүдө.

Албетте, Американын таасири Палестина үстүндөгү күрөш тарыхынын акыркы он жылдыктарында региондо андан да күчтүүрөөк сезилүүдө. Бул таасир анын малайларына гана багытталган эмес. Жада калса, Британия малайлары да анын каршысында турууга өздөрүнө күч таба алышпады. Эгер турушса, кайра тезинен өз ордуна чегинишүүдө. Жакынкы чыгыш кризиси боюнча сунушталган чечимдерде Америка таасири үстөм болуп турат. Азыр долбоор жана иш-чараларды Америка белгилеши, башкалар болсо долбоор жана иш-чараларды алып, ошолордун негизинде өз кызыкчылыктары жана күрөштөгү орундарына ылайык жүрүүгө аракет кылуулары маалым болуп калды. Араб акимдеринин болсо бул пландарды ишке ашыруудан башка ролу жок. Россия, Британия жана Франция сыяктуу чоң мамлекеттер катары көрүнгөндөр болсо бул долбоор жана иш-чараларда Америка менен бирге катышуу үчүн өздөрүнө да бир рол тийип калышына аракет кылышууда. Демек, оболу Америка аларга өз пландарын сунуштайт. Башка мамлекеттер болсо аны алып, ошонун негизде жүрүшөт. Бул нерсе «Жол картасы» маселесинде да көрүнүп турат. Америка аны жарыя кылды, аны кабыл кылууда башка мамлекеттер ага ээрчишти. Бул мамлекеттердин ролу – өздөрүнүн моюнга алышынча – аны толтуруучу, жеңилдетүүчү гана, анын ордун басуучу эмес.

Бул жерде айтылышы керек болгон төмөнкү нерселер бар:

Америка мамлекеттер ичинен улуулугу менен өзгөчөлөнүп турат, анын таасири региондо күчтүү, башка күчтүү мамлекеттер аны биринчи мамлекеттик орундан түшүрүүгө кудуреттүү эмес;

Жөөт вужуду Америка назарында эркетай бала болуп, ага курал-жарак, жабдуулар жана мал-дүйнө менен, а түгүл, кош жарандуулугу болгон кишилер менен да жардам берет;

Өкмөт кызматчылары жана араб акимдери Европа жана Америкадагы колонизатор капырларды дос тутушат.

Булардын баары Америкага моюн сунууну, мусулмандар өлкөлөрүнүн баа жеткис байлыктарын, ошону менен бирге, мубарек аруу Палестина жерин анын колуна тапшырууну билдирбейт.

О.э. бул нерселер Американын жеңилбестигин түшүндүрбөйт. Жок, анын аскерлери жана курал-жарактары көп болушуна жана жогорку даярдыктан өткөндүгүнө карабастан, бетме-бет турууга жана эрдик көрсөтүүгө чыдай албайт. Ирак жана Афганистанда кыйын абалдан өздөрүн куткара албагандары буга далил. Чындыгында, каарман Фаллужа шаарындагы согуштардан кийин алардын айбаттуулугу жоголду. Жана аларды көккө көтөрүп мактаган үндөр өчүп калды. Эгер Америка ошондой болсо, ага караганда төмөнүрөөк болгон Британия же Американын эркетайы болгон жөөткө окшогондордун абалы кандай болор экен?

**Эй мусулмандар!**

Албетте, силер душмандарыңарды жок кылууга жана басып алынган Ислам жерлеринин ар бир карышын кайтарып алууга кудуреттүүсүңөр. Бул эле эмес, балким, алардын өлкөлөрүн фатх кылышыңар, жакшылыкты ааламдын бардык тарабына жайышыңар жана дүйнөгө кайрадан маяк болушуңар о.э. инсандар үчүн чыгарылган эң жакшы үммөт болушуңар мүмкүн.

Бул иштердин баарын аткаруу силердин мүмкүнчүлүгүңөрдө. Мунун ачкычы болсо туура жолдогу Халифалык мамлекетин тикелөө. Мусулмандардын өлкөлөрү мал-дүйнө жана эр кишилердин өлкөлөрү. Булардан тышкары, бул өлкөлөр улуу мабда жана улуу Ислам жери

болуп, Үммөт ушул Ислам менен гана тирүү болот жана адашуудан, булгүндөн о.э. XXI кылымда Америка митайымдыгынан кутулат.

Албетте, силер бул дүйнөдө эң маанилүү борбор орунду ээлейсиңер. Ошондуктан, силердин өлкөлөрүңөр – стратегиялык жактан маанилүү орунду ээлегендиктен жана Алла силерге тартуулаган үлкөн байлыктар себептүү – колонизатор капыр мамлекеттер ортосунда атаандашуу жана тартышуу майданына айланып калды. Капырлар силердин жакшы нерселериңерди жана даражаңардын улуулугун билип, ошол нерселер үчүн атаандашса, силер Алла берген неъмат жана кубатка көз жумасыңарбы?

Абдан көп фатхтарды ишке ашырып, көп калктардын батыл диндерин жана бузук улутчулдуктарын таштоого баштаган силер эмесми? Чындыгында, Ислам аларды бир Үммөткө айландырып, топтоп, аракетке келтирди. Бул иштерди аткарган силер эмес белеңер?

Моңгол-татарлар кубаты эң чокусуна жеткенден кийин аларды жеңип, алардын кээ бир урууларын Исламга киргизбедиң беле? Мына, бүгүнкү күнгө келип алардын калгандары мусулмандар өлкөлөрүнүн түндүгүндө Исламды көтөрүп жашашууда.

Силердин жерлериңерге мамлекеттер кургандан кийин кресттүүлөрдү жеңбедиң беле? Кийин аларды жер жана асман түкүрүп таштап, алар шерменде жана кор абалда жеңилишпеди беле?

Бүгүнкү күндүн тогуттары болгон Америка, Британия жана аларга баш ийип ээрчигендер да оболкулардын затынан. Алар бир согушту гана көтөрө алышкан. Андан кийин шерменде болуп жеңилишкен. Чындыгында, Хиттийн кресттүүлөрдүн жыгылышынын башталышы болгон болсо, Айни Жалут монгол-татарлар өлүмүнүн башталышы болду жана бул согуштар алардын вужудун талкалаган чечүүчү кармаштар болду. Ошондой болгон соң, бул согушту Халифалыктан башка ким баштайт? Чындыгында, Халифалык аскеринен башкалар көп курал-жаракка жана чоң кошуунга ээ боло туруп, дини жана дүйнөлөрү бузуктугунан согушпады, акыретин дүйнөдөгү аз гана матага алмаштырышты.

Жалгыз Халифалык гана Америка жана Британияны эл аралык майдандан четтетүүгө, эл аралык майданда Америка башчылыгын түп-тамыры менен жоготууга, дүйнөнү анын жамандыктарынан коргоп, бүткүл ааламга жакшылыкты жаюуга, Исро менен Меърож жери болгон Палестинаны баскынчы жөөт вужудунан арылтууга жана Палестинаны толугу менен Ислам диярына кайтарууга кепил болот.

Булардын баарын ишке ашыруу силердин колуңарда, эй мусулмандар!

وَأَنْتُمُ الأَعْلَوْنَ وَاللَّهُ مَعَكُمْ وَلَنْ يَتِرَكُمْ أَعْمَالَكُمْ ﴿٣٥﴾

*- «Силер үстөмсүңөр о.э. Алла силер менен бирге жана Ал эч качан кылган ишиңерди кемитпейт».*

[47:35]

## -2-

## КАШМИР

Индия Кашмирге кутурган иттей чабуул кылууда. Ал «терроризм жана террорчулар» күүсүн кайра-кайра чалууда. Муну менен маселени чаташтырмакчы, күңүрттөмөкчү, адамдарга чындыкты боёп көрсөтмөкчү болууда. Анткени, минтип көрсөтүү менен айрым адамдар «Кашмир индус жерлеринин бир бөлүгү, ошондой болгон соң, ал индустар бийлиги астында болушу керек, андагы мусулмандардын индус кол салуусун кайтарууга урунуулары индус мамлекетине каршы чыгуу болуп эсептелет, алардын үстүнөн өкүмдар болууга индустардын акысы бар» деп ойлошсун. Негизи, Кашмир – Исламий дияр. Кашмир гана эмес, балким, бүткүл Индияны мусулмандар фатх кылып, караңгылыктан чыгарып, XIX кылымдын ортолоруна чейин өкүмдарлык кылып келишкен. Андан кийин Британия Индия жарым аралына кол салып, дайра-дайра кандар агызды.

Кашмирге Ислам хижрий 94-жылы (712-миладий) т.а. мусулман аскер башчысы Мухаммад инб Касимдин Синд жана Индусту фатх этүү доорунда, хижрий I кылымда кирип келген. Ал жерде жана Индия жарым аралынын башка жерлеринде Аббасий халифа Муътасим (218-225-х., 833-339-м. жылдар) доорунда Ислам кең жайылып, бүгүнкү күндө Индия, Пакистан, Кашмир жана Бангладеш деп атлаган бүткүл жарым аралда Ислам өкүмдарлыгы уланып келген.

Британия 1819-жылы Индия жарым аралына чабуул баштап, мусулмандардын катуу каршылыгына туш келди. О.э. Британия жана ага жардам берген индустар, сикхтер, буддисттер ж.б. күчтөр менен Исламий бийлик ортосунда кызуу согуш башталды. Британия 27 жылга созулган согуштардан кийин гана т.а. 1846-жылга келип гана өкүмдарлыкты колго алды.

Ошондон кийин ал регионго өкүмдарлык кылып, аны үч бөлүккө бөлүп жиберди. Бир бөлүгүнө түздөн-түз өзү өкүмдарлык кылды. Бул бөлүк жарым арал аянтынын 55%ын түзчү. Анда мусулмандар салыштырмалуу көбүрөөк эле. Экинчи бөлүгүнө индус жана мусулман вилаят акимдери аркылуу өкүмдарлык кылды. 565-вилаятка өзгөчө бийлик орнотту. Үчүнчү бөлүк болгон Кашмирди индус махаражасына жүз жылга ижарага берди. Ижара бүтүмүнө Амритсарда кол коюлуп, «Амритсар келишими» наамын алды. Келишим мөөнөтү 1846-жылдан 1946-жылга чейин болчу.

Ошентип, Исламий дияр болгон Кашмир жогорудагы ижара келишимине ылайык индустар тарабынан башкарыла турган болуп калды.

Кашмирдин жер майданы 217.935км$^2$ болуп, аны Пакистан, Индия, Кытай жана Афганистан курчап турат. Калкынын саны 12 миллион адам болуп, 85%ы мусулмандар, калган 15%ы болсо индустар, сикхтер жана буддистер сыяктуу башка тайпалар. Кашмир абасы таза, токойлуу, табигый байлыктары мол, дүйнөдөгү эң бийик чоку Гималайга ээ болгондуктан, мусулман фатихтери аны «дүйнөнүн төбөсү» же «Алланын жердеги бейиши» деп аташкан. Кашмир сууга, дарыяларга бай жер. Анын Синд, Жалхам жана Женоб диярлары бар. Кашмирдин жери деңиз деңгээлинен 1200 метр бийиктикте жайгашкан. Улуу жибек жолу андан өтөт. Ал Кытай менен Пакистандын жалгыз байланыштыруучусу. 1983-жылы ал жерде жакут кендери табылгандан кийин, Индиянын Кашмирди басып алуу жана өкүмдарлыгын улантуу каалоосу күчөп кетти.

Кашмир мына ушундай. Аны баскынчы-кылмышкер Британия мамлекети мусулмандардан тартып алып, аларга душман болгон залим индустарга ижарага берип жиберди. Эми болсо «Кашмир Индия мамлекетинин мүлкү, андагы мусулмандардын буга каршы турушу терроризм жана кол салуучулук» деп дүрбөлөң көтөрүүдө!

Англичандардан бийликти ижара бүтүмү негизинде алган индус махаражасы мусулмандарга карата зордук көрсөтүү жана азаптоонун бардык түрүн колдонду. Жада калса, анын министрлеринин бири өкмөт иш жүзүнө ашырып жаткан кылмыштардын жырткычтыгына чыдай албай иштен бошотушун сурап, ачык-айкын: «Кашмирде эл айбандай башкарылат, азапталат, эзилет. Бир да жооптуу адам мазлумдун муңуна кулак

салбайт», - деди жана бийлик элден бүтүндөй ажыралып калганын кошумчалады. Душмандын өзү ошентип тургандан кийин, ары жагы өзүңөргө маалым.

Кашмирдеги индус бийлиги мусулмандар үчүн ыйык болгон Кураъни Каримди жана мечиттерди тебеледи. 1931-жылы индус коопсуздук офицерлеринин бири Кураъни Каримди акараттаганда, мусулмандар козголоң көтөрүштү. Кашмир мусулмандары акыйкат үчүн күрөштөгү бекемдиги менен белгилүү. 1931-жылы 13-июлдагы окуяны Кашмир мусулмандары Муъта согушуна окшотушат. Ошол күнү жума намазында индус падышасынын мусулмандарга тескери чыгарган токтомдоруна каршы хутба окуган Абдулкадирхан менен бирге экендигин жарыялоо үчүн көп сандагы кашмирлик мусулмандар топтолгон. Индус полициясынын офицери аны хутба окуудан кайтарып, камакка алды. Биригүү (кепилдикке алуу) чагында камаккана короосунда бешим намазынын убагы болуп калды. Алардын бири туруп бийик үн менен азан айтты. Индус коопсуздук күчтөрү ок атып, аны өлтүрүштү. Экинчи адам туруп, азанды улантты. Аны да атып өлтүрүштү. Тээ азан акырына айтылганга чейин 22 киши көз жумду.

Мусулмандардын индус бийлигине каршы туруулары уланып жаткан болчу. Бирок, англичандар күч менен аралашып, индус махаражасынын тарабын алышты. «Келишим мөөнөтү 1946-жылы аяктайт, андан кийин бул маселе каралып чыгат» деген куулуктарды иштетишти. Ижара келишиминн мөөнөтү бүткөндөн кийинки баскычка даярдык көрүү үчүн Кашмирде биринчи ички саясий уюм болгон «Исламий конференция» партиясы түзүлдү.

Келишим мөөнөтү аяктагандан кийин да индус өкүмдарлыгы англичандарга таянып туруп, кээде ачык, кээде болсо парда артынан улантыла берди. 1947-жылы англичандар Кашмирдин тушундагы Индия жарым аралын эки мамлекетке – Индия жана Пакистанга бөлүп жиберишти. Кашмирдин индус акими мусулман элинин каалоосу менен эсептешип отурбай, Индияга кошулуп алды. Ушуну айтып өтүү максатка туура келет, Британия Индия жарым аралын Индия менен Пакистанга бөлүп жиберип, Британия министрлиги миссиясы өзүнүн 1946-жылы 12-майдагы 565 индус вилаяттарынын акимдерине карата чыгарган билдирүүсүндө вилаяттардын Индия менен Пакистандын кайсы бирине кошулушунда калктын каалоосуна баш ийүүлөрүн баса белгилеген.

Бирок, үч вилаяттын – Хайдарабад, Жунагра жана Кашмирдин Пакистанга кошулушу бекер кылынды. Буга себеп Хайдарабад жана Жунагранын акимдери мусулман, калкынын көпчүлүгү болсо индустар болчу, Кашмир болсо калкынын көпчүлүгү мусулмандар болгону менен акими индус эле. Ушул үч вилаяттын, алардын катарында, Кашмирдин Индияга кошулушунда англичандар менен индустардын тилдери бир экендиги көрүнүп турат. Ошондон кийин Индия жана индус бийлиги менен Пакистан жана Кашмирдеги мусулмандар ортосунда бир нече согуштар болуп өттү. Индия Кашмирдин үчтөн эки бөлүгүн - 65%ын басып алды, Пакистан тарабында 30%ы калды, 5%ын болсо Кытай ээлеп алды. Кашмирдин азыркы абалы мына ушундай.

1948-жылы 13-августтагы согуштун башталышында Коопсуздук кеңеши Кашмир жаатында биринчи токтомун чыгарды. Анда согушту токтотуу о.э. ок атуулар болбошунун бекемдигине ишенүү үчүн атаандаш күчтөрдөн турган эл аралык комитет түзүү айтылган. Бул токтомдун артынан Кашмир калкынын өз тагдырын өзү белгилеши жөнүндө референдум өткөрүлүшүнө шарт даярдоо үчүн ал жерден Индия жана Пакистан күчтөрүнүн алып чыгып кетилиши жөнүндө дагы бир токтом чыкты. 1949-жылы 5-январда Индия да, Пакистан да бул токтомга ыраазы болушту. Бирок, Индия чыгып кетүүдөн баш тартты. 1956-жылга келип, Жавахарлал Неру өз вилаятынын индус кошуундары өкүмдарлык кылган бөлүгү Индияга кошулганын жарыялады о.э. өкмөт имараттарына Индия желеги орнотулуп, аны Индиянын бөлүнгүс бир бөлүгүнө айлантты.

1957-жылы 14-февралда Коопсуздук кеңешинин дагы бир токтому чыгып, анда Индия күчтөрүнүн вилаяттан чыгып кетиши шарт экендиги көрсөтүлгөн. Бирок, Индия өз адатына ылайык, Британия менен тил бириктирип, өзүн кудум токтомдон кабарсыздай кылып көрсөттү. Кийин баскынчылардын Исламга сокку берүү, мусулмандарды дининен кайтаруу ыкмаларын үйрөнө баштады. Максат, аларды Кашмирде колдонуу. Гренада кулагандан

кийин Андалустагы мусулмандарды кантип жок кылганын үйрөнүп келиши үчүн 1965-жылы Испанияга адистерди жөнөттү. О.э. Индия Москвадагы элчисине мурунку Советтер союзунун Исламий вужудга каршы колдонгон Исламий шахсиятты жок кылуу ыкмаларын үйрөнүү милдетин тапшырды. Жөөт мамлекетин жана анын Палестинаны басып алганын тан алып, аны менен кызматташып, жөөттөрдүн мусулмандарга каршы жүргүзгөн кандуу пландарын да өздөштүрүп, индусча ыкмалар байыгандан байыды. Бул кызматташтык билдирүүлөрдөн көрүндү. Мурунку премьер-министр Шамир өкмөтү министрлеринин бири Бинямин Шандын билдирүүсүндө минтип айтылат: «Индия менен Израил мамлекети ортоктош коркунучка т.а. Палестина жана Кашмирдеги Ислам фундаментализмине бет келип турат. Биз араб жана мусулмандар менен кандай мамиледе болуу керектигин билип алдык жана өз учурунда бул жааттагы тажрыйбаларыбызды Индия менен бөлүшөбүз».

Индия Кашмирде дининен танган, эч болбогондо ага жетиштүү этибар бербеген бир муунду жүзөгө келтирүү үчүн ар түрдүү ыкмаларды колдонууга адаттанды. Максат, бир аз убакыт өткөндөн кийин Кашмирден Исламды түп-тамыры менен омкоруп таштоо. Бирок, натыйжалар анын тилегин таш каптырды. Индия өкмөтү – мейли зулум менен зомбулук болсун, мейли алдоо менен чалгытуулар болсун – канчалык жырткыч чабуулдарды ишке ашырбасын, адамдар динине катуу жабышып, Исламына махабаты барган сайын арта берди.

Индия 1989-жылы Кашмирде 25 миң мусулманды шахид кылган канкордук кылмышын уюштурду. Кийинки жылдарда да канкордугу токтоп калбады. Кашмирдеги мусулмандарга жардам берүү комитети БУУ булактарынан, Индия газеталарынан, дүйнөлүк маалымат кызматтарынан жана түздөн-түз кашмирликтердин өздөрүнөн алган маалыматтарга негизделип, индус өкмөтүнүн 1990-жылдын январынан 1998-жылдын декабрына чейин Кашмирде төмөнкүдөй кылмыштарды ишке ашыргандыгы жөнүндө статистикалык маалыматтарды жарыялады:

63.275 шахидди атып өлтүрүштү;

775 саясатчы, аалым жана мечит имамдарын электен өткөрүштү, бир жаңсыл кылышты;

3.370 шахидге өлгөнчө азап беришти;

81.361 киши сотто иши каралбастан камактарда жатат.

Мындан тышкары, инсан кадыры тепселди, ар-намыстар, баалуулуктар тебеленди, жүз миңдеп адамдар дайынсыз жоголду, жарааттар алды. Эл аралык уюмдардын билдирүүлөрү Индиянын Кашмирде ишке ашырып жаткан дахшаттуу кылмыштарына толуп кетти. «Эл аралык амнистия» уюмунун 1999-жылы 6-февралда чыккан билдирүүсү ошолордун катарынан.

Индия өкмөтүнүн Кашмирде ишке ашырган зулум менен зомбулуктары ушул болсо, адаштыруу менен чалгытуу ыкмалары андан да өтөт. Мамлекет мектептеринде Куръани Карим жана араб тилин үйрөнүүгө тыюу салынды. Индус тили мажбур түрдө киргизилди. Үй-бүлө жана аял кийими жаатындагы Исламий балуулуктарга сокку берүү үчүн массалык маалымат каражаттары тарабынан чабуулдар уюштурулду. Мындан тышкары, Кашмирде аракты кең жаюу жолго коюлду. Мусулмандар менен индустар ортосунда аралаш нике мыйзамдары иш жүзүнө ашырылды. Мажбурий түрдө хирургиялык операция жолу менен үй-бүлөнү пландаштыруу ушундай бир даражада иш жүзүнө ашырылды дейсиң, көпчүлүгү мусулман болгон Кашмир бул жаатта эң жогорку көрсөткүчтөргө жетишти.

Индус кошууну жана индус полициясынын мусулмандарга каршы кылып жаткан жырткыч иштеринен азап тарткан жана азап тартып жаткан Кашмир мына ушундай. Анын проблемасы Палестина проблемасына аябай окшоп кетет. Индустардын Кашмирди басып алган кездери жөөттөрдүн Палестинаны басып алып, ал жерде өз мамлекетин тикелеген учурга туура келет. Араб акимдери Палестинаны куткаруу жана сактап калууга канчалык кайдыгер болушса, Пакистан акимдери да Кашмирге карата ошондой болушту.

Пакистан көп убакыт бою бөлүнүү жана эгемендүүлүк жылы болгон 1947-жылдан 2003-жылга чейин Кашмир калкына өз тагдырын өзү белгилөө укугун берүүнү жана эл аралык токтомдорду колдонууну талап кылып келди. Индия болсо ар дайым дал Израил сыяктуу

бул токтомдордон баш тартты. 2004-жылдын башына келип, Пакистандын ээлеген позициясы өзгөрдү. Эл аралык токтомдор негизинде жана тагдырды белгилөө укугу жаатында сүйлөшүүлөр алып барууну токтотуп, анын ордуна проблемага эл аралык түсүн бербестен, Индия менен эки жактама сүйлөшүүлөр алып барууга о.э. Пакистандын Кашмир калкынын тагдырын белгилөө укугуна тиешелүү шарттарын бекер кылууга макул болду.

Кашмирге этибарсыздык о.э. андагы мусулмандарды коргоого кайдыгер болуунун себеби Пакистандагы мусулмандардын алсыздыгы эмес. Алар Кашмирди Индиядан оңой эле кайтарып алууга кудуреттүү. Бирок, Пакистан акимдери Америкага малайлыктары себептүү Индияга ушундай көрүнүштө жан берүүгө (уступкага) барышты. 1965-жылы Айюбхан Кашмир үчүн согушуп, Пакистанга караштуу үч дарыяны Индияга тапшырды. Яхяхан менен Зулфикор Алий Бхутталар болсо 1971-жылы чыгыш Пакистанды колдон чыгарып, Бангладешке айлантышты. Зияул-Хак доорунда индустар Сияншин чокуларын басып алышты. Навоз Шариф доорунда – 1999-жылы мужахиддер менен Пакистан кошууну Каргил дөңсөлөрүн сактап кала алышкан жок. Мусулмандар жеңишке жетишейин деп калышканда Навоз Шариф Американын буйругуна моюн сунуп, кошуунга чегинүүнү буюрду. Максат, ошол кездеги Индия премьер-министри Важпаини колдоо жана аны мусулмандардын кандары эсебинен Индиядагы атаандаш болгон Улуттук конгресс партиясы алдында эл каарманына айланту эле.

Акыры келип, Первез Мушарраф доорунда биринчи жолу Кашмир калкына өз тагдырын өзү белгилөө укугун берүүдөн, аны индустар басымынан куткаруудан баш тартылды.

Мушарраф Америкага сапар жасап, Буш аны 2003-жылды 24-июнда Кемп Дэвидде тосуп алгандан баштап, Кашмир маселеси олуттуу түскө өттү. Бул сапар Кашмирдин саясий жана аскерий ишине айкындык киргизди. Андан мурун Пакистандын бир да акими Кашмирди бөлүп алуу үчүн Индия менен сүйлөшүү алып барганда анык бир чечимди жарыялоого батынышпаган болчу. Ар бир саясий көрүнүштө Пакистан тарабындагы азат Кашмир да, Индия тарабындагы Жамму менен Кашмир да Индиядан өзүнчө эгемендүү болуп калышы ачык көрүнүп турган бир иш эле. Индия мындан баш тартып, 1956-жылдагы Неру жарыясында келгендей, Жамму менен Кашмирди өзүнүн бир бөлүгү деп билчү.

Мушарраф өзүнүн бул сапарында Кашмир маселесин Жакынкы чыгыш сыяктуу чечүү үчүн жарашууга макулдугун ачык жарыялады. Индия менен Кашмир жаатында туруктуу чечимге жетишүү үчүн маанилүү жан берүүгө барууга даярдыгын кошуп койду. Алар өз сунушун, туурарагы, жан берүүсүн жогорудагы сапар чагында – 2003-жылы 26-июндагы Вашингтондо Америка өкүлдөрү менен өткөргөн сүйлөшүүлөрдө айтып өттү. Кийин болсо «экстремист» мусулмандарга т.а. Кашмирде согушуп жаткан жамааттарга да каршы турушун кошуп койду.

Пакистан башчысы Первез Мушарраф 2003-жылы 11-августта Индия менен болгон келишпестиктерди чечүү үчүн аларды сүйлөшүүлөргө чакырды. Индия премьер-министри Атал Бихари Важпаинин билдирүүсүндө эки дияр ортосундагы кан төгүүлөрдү токтотуу зарылдыгы айтылган болсо, эртеси күнү Мушаррафтын билдирүүсүндө анын Нью-Дели менен болгон сүйлөшүүлөргө бекем баш ийиши айтылган.

2003-жылы 17-декабрда «Рейтер» маалымат кызматы Мушарраф менен учурушкандан кийин төмөнкүлөрдү жазат: «Ал эки тараптагы кошуундун ортосунда тынчтык орнотуу үчүн кайраттуулук көрсөтүүгө жана ылайыкташууга, жумшак болууга даяр. Мушарраф учурашуу чагында Кашмир маселесинде жумшак болду, ылайыкташты. «Биз бул маселени чечмекчи экенбиз, андыктан, ар эки тарап тең бири-бири менен сүйлөшүү алып барып жатканда жумшак, ылайыкташкан болушу, мурун жарыя кылынган позицияларды четтеп өтүп, анык бир чечимге келиши керек болот», - дейт Пакистан жетекчиси.

Ошондон кийин Мушарраф Индиянын Кашмирди басып алышына мусулмандар тарабынан каршылык көрсөтүлүшүн тыюу салган мыйзамдарды арты-артынан чыгара баштады. 2004-жылы 5-январда Важпаи менен бирге, Индия менен Кашмир жаатында сүйлөшүү алып баруунун амалий негиздерин түзө баштады.

Кийин эки мамлекет ортосундагы сүйлөшүүлөргө карата бири-бирине жакын жандашуулар башталды. 2004-жылы 12-мартта Индия премьер-министринин орун басары Лал Кришна Адвани өз мамлекетинин «Кашмир региону жаатында Пакистан менен тынчтыкка жетишүү үчүн өз ара аракеттенишүүгө даяр» эканин билдирди.

Пакистанга сапары боюнча, 2004-жылы 18-апрелде Важпаи «Кашмирге тынчтык алып келүүнүн жалгыз жолу сүйлөшүүлөр алып баруу», - деди. Пакистан премьер-министри Зафарулла Жамалий болсо бул үндөөнү алкыштоого шашылып, ал «оң жылыштарды жаратат» деди. Жамалий Индия премьер-министри Атал Бихари Важпаинин Кашмир жаатында сүйлөшүүлөр алып баруу жөнүндөгү сунушун чын көңүл менен кабыл алды. Жамалий Исламабаддагы элчилерге минтип кабар берди: «Пакистандын позициясы дагы деле ошол бойдон. Бирок, сүйлөшүүлөр башталганы себептүү, ар эки тараптан жумшактык, ылайыкташуу… болушу керек».

2004-жылы 16-февралда Индия менен Пакистан эки жарым жыл мурун кескиндик чокусуна жетейин дегенде үзүлүп калган сүйлөшүүлөрдү кайра баштады. «Келишпестиктер майданында негизги чекит» деген этибар менен Кашмирди талашуу маселесине чек коюлушуна алып барышы үмүт кылынып жаткан сүйлөшүүлөр үчүн шарт даярдоо жана иштерди пландаштырып алуу үчүн эки мамлекет өкүлдөрү Исламабадда сүйлөшүп алышты.

Совет союзу ыдырап кеткенден т.а. токсонунчу жылдардын баштарынан бери Кошмо штаттар Индия менен мамилесин жакшыртууга өч болду. Себеби, бул учурда ал Кытайды өзүнө каратып алуу баскычынан аны сүлүктөй соруу баскычына өтүп жаткан болчу. Индиянын болсо мурунтан Кытай менен душмандыгы болгон, анын үстүнө ал инсаний о.э. аскерий мүмкүнчүлүктөргө бай өлкө болуп, бул ролду ойноп берүүгө эң ылайыктуу талапкер мамлекет эле. Америка Индиянын бул ролун билчү. Ал Индия эгемендүү болгондон т.а. 1948-жылдан бери ага таасирин өткөрүүгө урунуп келген. Бирок, англичандар жана Улуттук конгресс партиясы анын жолун тосчу. 1990-жылы Америка аракетин күчөтүп, Америка маалымат агенттиги жетекчиси Роберт Шитзди ал жерге жиберди. Бирок, аракеттери өзү каалагандай ийгиликтүү чыкпады. 1998-жылы өзүнүн малайы Важпаи бийликке келгенде гана урунуулар натыйжа бере баштады. Сөздөр дүйнөнүн түрдүү региондорундагы Америкага ортомчу болгон борбордук же негизги мамлекеттер жөнүндө кетти. Кошмо штаттар аларды өз региондору үстүнөн башкарууну колго алууга үндөчү. Түштүк Азия регионун башкаруу үчүн Индия ылайыктуу талапкер эле.

Бирок, Кашмир маселеси Индиянын желкесине оордук болуп, быкынында сайышуу пайда болгон болчу. Америка анын быкынынан ошол оордукту алып таштамакчы болду. Муну менен анын бардык этибары региондогу атаандашы Кытайга каратылсын о.э. Кашмир проблемасынын күчөшү Американын Афганистандагы согушуна таасир көрсөтүп жибербесин.

Ошондуктан, Америка өз таасири астындагы эки мамлекет: Индия менен Пакистан ортосунда Кашмир жаатында түшүнбөстүк болуп калбашына аракет кыла баштады. Проблеманы чечүү үчүн негизги көз карашын өзгөрттү т.а. башталышында маселеге эл аралык түс берилген болсо, эми ал эки жактама маселеге айланды. Америка Кашмирди бөлүштүрүү менен маселени чечмекчи болду. Мында азат Кашмир Пакистандыкы, Индия өкүмдарлыгы астындагы Кашмир болсо Индияныкы болуп калат. Кашмирдин Индия ээлеп алган, көпчүлүгү мусулмандар болгон региондору Индия өкмөтүнүн көзөмөлүндө калса да, аларга кандайдыр бир деңгээлде эгемендүү бийлик берилет. Мушарраф менен Важпаи (акыркы шайлоолордон мурун) Американын колунда болушса да, бул бөлүштүрүү ишинде Пакистан кошууну жана фанат индус диндарларына алакадар тосуктар бар болчу. 2001-жылы 11-сентябрь окуяларынан кийин Америкага бул тосуктарды алып таштоо мүмкүнчүлүгү туулду. Ал Важпаинин фанат индустар назарындагы позициясын күчөтүү үчүн Пакистанды бир канча жан берүүлөргө мажбур кылды.

Пакистандын жан берүүлөрү төмөнкүлөр болду: жихадий уюмдарга жардам берүүнү токтотуу; аскерий машыгуу лагерлерин жабуу; чегарага жакын жерде Пакистан кошуунунун санын азайтуу; Кашмир мусулмандарына ар кандай колдоо көрсөтүүнү

токтотуу. Акыры келип Американын чоң малайы, мусулмандардын ашынган душманы Первез Мушарраф ушундай бир абалга түшүп калды дейсиң, жогоруда айтып өткөнүбүздөй, Америкага жасаган сапарында дал Жакынкы чыгыш маселесиндеги келишүүгө окшоп, Кашмир маселесин чечүү үчүн келишүүгө т.а. жарашууга макулдугун билдирди. Бул үчүн америкача чечим маселесинде Индия менен түздөн-түз сүйлөшүүлөр алып барылышы керек болот. Ал «экстремист» мусулмандарга т.а. Кашмирде согушуп жаткан жамааттарга о.э. Пакистандагы Исламий аракеттер жана хизбдерге каршы турушун да айтып өттү.

Америка бул жан берүүлөр натыйжасында Важпаинин жана аны колдоочу партиянын шайлоочулар назарында кадыр-баркы ашышын көздөгөн болчу. Ошону менен бирге, ал Важпаини аскерий жактан колдоп, өнүккөн куралдарды Пакистандан кайтарды. (Мисалы, Пакистан акчасын төлөгөнүнө карабастан, аскерий самолёттор соода келишимин аягына жеткирүүнү артка сүрдү). Мындан тышкары, калкка Индиянын атаандаш Пакистанга караганда аскерий кубат жагынан өнүгүшүнө Важпаини себеп кылып көрсөтүү үчүн Индия менен стратегиялык шерик болуу келишимин түздү. Важпаи экономикалык өнүгүүнү вужудга келтирүү үчүн экономикалык жактан да колдоо көрсөтүлдү. Мунун баарына Американын «Улуттук конгресс партиясы күч-кубатка ээ, Бхаратия жаната партиясы (БЖП) болсо коалициялык партия болуп, эгер ага колдоо көрсөтүлбөсө, Улуттук конгресс каршысында туралбайт» деп билиши себеп болгон.

Бул колдоп-кубаттоолор, ошону менен бирге, экономикалык колдоо көрсөтүү акыбетинде Жаната партиясы кыйроого учурады. Кошмо штаттар Жаната өкмөтүнө да менчиктештирүү программасын кабыл алышы үчүн абдан чоң экономикалык жардам берди. Натыйжада, чоң-чоң компаниялар вужудга келип, экономикалык өнүгүү жүз берди. Бирок, бул иштер капиталисттик калыпта т.а. байлыктын борборлошуу ыкмасында болду. Бул нерсе кембагалдык кең жайылган мамлекетке туура келбейт. Натыйжада, шаарларда ишканалар, финансылык компаниялар вужудга келгени менен, кембагалдар, ошону менен бирге, айылдагылар ого бетер жакырлашып кетти.

Бул экономикалык абалга (бир тараптан үлкөн байлык жана бир тараптан абдан жакырлык) экинчи бир фактор кошулду. Ал индустардагы улуттук, диний фанатизм болуп, алар мусулмандарга каршы канкордуктарды аткарууну, мечиттерди талкалап, башка диний топторго да кысым өткөрүштү.

Буга үчүнчү фактор т.а. Улуттук конгресс партиясынын эски партия экендиги жана Британияча ыкмадагы саясий айлакерлиги да келип кошулду. Жанатанын диний фанатизми каршысында Улуттук конгресс өзүнүн динге бөлбөй турган светский партия экендигин көрсөттү. Менчиктештирүү капитализмине каршы өзүнүн солчул партия экендигин жарыя кылды. Т.а. мамлекет ээлик кылган о.э. жумушчулар жана кембагалдарды иш менен камсыздай турган ишканаларды курууга чакырды. Жанатанын Кашмирге карата ээлеген позициясы жаатында болсо анын Пакистан каршысында алсыздыгын көрсөтүп берди. Буга Улуттук конгресс партиясынын басып алынган Кашмир жаатындагы сүйлөшүүлөрдү кабыл албастыгы, анткени, Неру 1956-жылдагы токтому менен аны кошуп алып, Индиянын бөлүнбөс бир бөлүгү деп жарыя кылганын далил кылып көрсөттү.

Ошентип, 2004-жылы 10-майдагы жалпы шайлоо аким Жаната партиясынын жеңилүүсү жана Британияны колдогон Улуттук конгресс партиясынын ийгилиги менен аяктады. Бул нерсе эки мамлекет ортосунда жакындыкты жаратуу жолу менен Кашмир үстүндөгү жаңжалды чечүү үчүн Америка түзгөн пландын жарымын да ишке ашырбас эле. БЖПнын жеңилүүсү Американын кеңири көлөмдөгү планына т.а. Индияны чексиз Кытай кубатына каршы коюу жаатындагы планына сокку берди.

Улуттук конгресстин ийгилиги Кашмирди өз колунда БЖПга караганда катуураак кармап туруу дегени. Улуттук конгресс ийгиликке жетиши менен биринчи болуп жүзөгө чыккан кеп-сөз да ушул болду. 2004-жылы май айында Индиянын ошол кездеги Улуттук коопсуздук кеңешчиси Эн-Жей Диксит мындай деген: «Кашмирди дагы да катуураак кармашыбыз анык... Жамму жана Кашмир жаатында Индия тарабынан таптакыр эч кандай жан берүү

болбойт. Чегара сызыгына кошумча оңдоолор гана киргизилиши мүмкүн». 2004-жылы 23-майда Индия тышкы иштер министри Натвор Сингх: «Пакистан менен Индия ортосундагы алакалардын негизи 1972-жылдагы Симла келишими жана андан кийинки эки мамлекет ортосунда болуп өткөн бүтүмдөр жана билдирүүлөр болуп эсептелет», - деди. 2004-жылы 24-майда Мушарраф Натвордун ойлорун четке кагып, мындай деди: «Эгер (Натвор) жөн туруу же аракет абалы жаатында анык бир чечим жоктугун назарга алып жаткан болсо, мен аны менен келише албайм. Бул чечим эмес. Чегара сызыгы дайыма ошондой боюнча калат, Симла келишими менен чектелишибизди назарга алып жаткан болсо, мен буга макул эмесмин».

Туура, Улуттук конгресс партиясы Америка менен достук алакалар орнотууну каалашын билдирди. Мисалы, Натвор Сингх: «Индия менен Кошмо штаттар ортосундагы мамилелер үстүрт эмес. Алардын бекем болушу биз үчүн да, алар үчүн да, дүйнө үчүн да пайдалуу болмок», - деди. Бирок, ошого карабай, Улуттук конгресс партиясынын 2004-жылы чыккан коопсуздук, коргоо жана саясатка алакадар документинде минтип айтылат: «Индиядай улуу мамлекет Кошмо штаттарга көз каранды болуп отурганы өкүнүчтүү. Бул БЖП өкмөтү алып барган саясаттын натыйжасы. Ал Америка саясатын, Американын көңүл каалоосун тышкы саясатта да, улуттук коопсуздукта да Индия кызыкчылыктарынан үстөм койду... Улуттук конгресс партиясы регионубузда жана башка жерлерде болуп жаткан саясий жана экономикалык реформаларды назарга алып, бул бузук саясатка жаңы багыт берет». Ошону менен бирге, Улуттук конгресс партиясынын билдирүүсү Индиянын тышкы саясатын Неру теориясы негизинде курууга чакырат. Анда минтип айтылган: «Улуттук конгресс партиясынын негизги милдети Индияны өзүнүн тышкы алакаларын тандоодо толук эркиндик менен камсыздоо. Жавахарлал Неру өз ара улуттук келишүүнү анын негизинде түзгөн тышкы саясаттын руху, жаны мына ушул. Бул келишүү БЖП бийлик доорунда кыйрап кеткен болчу».

Бул иштер Американын Индияга карата карманган позициясын кайра карап чыгышын көрсөтүп турат. Пакистан, андагы мусулмандардын Исламды кайра тикелөө жана жихад жаатындагы туйгулары өз чоккусуна жетиши менен Мушаррафтын титиреп турган абалы Американы өзүн кооп астына коюуга батына албастыгына алып барбаса, Улуттук конгресс партиясынын күчү жана союздаштарынын көпчүлүгү о.э. өзүнө карата болуп жаткан кысымдан эси ооп, Кашмирдеги катуу каршы туруу саясатынан баш тартууга шашылат. Америка үчүн мындан да жаманы – Улуттук конгресс партиясы Индиянын Америка менен кызуу мамиледе болгон куралдуу күчтөрүн кайра түзүүгө киришти. Кошуунду Америкага ыктоосу болгон офицерлерден иш жүзүндө тазалай баштады. Шек-күмөнсүз, бул нерсе Американын Индия куралдуу күчтөрүнө көрсөтө турган таасирин солгундатып жиберет. Натыйжада, Американын күтүүдөн башка аргасы калбайт. Көбүрөөк күтүлүп жаткан нерсе ушул, 2004-жылдын акырында боло турган Америка шайлоолору өтпөй туруп, Америка Индияга карата эч кандай саясатты колдоно албайт. Бирок, эмнеси болсо да, Америка Важпаи өкүмдарлыгында өз таасирин толугу менен өткөрүп келген Индияны оңойлук менен коюп жибербейт. Ошондой болгон соң, Кашмир проблемасы колонизатор капырлардын өз кызыкчылыктары жана таасирлерине карай бири-бирине ыргытып ойной турган оюнчугу болуп кала берет.

Ко-ош, Пакистан акимдери тарабынан Кашмирдеги мужахиддер менен мусулмандарга кылынып жаткан бул кыянаттарды токтотуунун кандай жолу бар?

Жооп ушул, ал үчүн пакистандык мусулмандар олуттуу ишке киришип, Мушарраф өкмөтүн оодарып, Ислам мамлекетин тикелеп, кийин анын байрагы астында жихад менен, куралдуу күч менен Кашмирди кайтарып алуулары, андан кийин болсо бүткүл Индия жарым аралы мурункудай Ислам кучагына кайтканга чейин күрөштү улантуулары керек. Мусулман диярларынан музоолорго сыйынуучу индустардын нажастарын жоготуу жолунан чыкпай баруу үчүн ыйман, кайрат жана эрдик күчтөрү жетиштүү болсо, бул иштин эч кандай кыйын жери жок. Айрыкча, Пакистан - жарым кылымдан көбүрөөк убакыт ичинде дипломатиялык

жолдор менен куткара албаган Кашмирди азат кылуу үчүн - аскерий жана ядролук кубатка ээ.

**Эй мусулмандар!**

Кашмир – мусулман дияры. Кашмир эле эмес, бүткүл Индия да Ислам дияры. Ал хижрий I кылымда фатх этилген. Халифалык Кашмирге да, бүткүл Индия жарым аралына да Ислам салтанатын кайтарууга, индустар жана аларга окшогондордун мусулмандарга каршы кылып жаткан жырткыч иштерин, зулум менен зомбулуктарын тыйып коюга кудуреттүү. Жарым аралдагы мусулмандар буга кудуреттүү. Пакистандын өзү буга кудуреттүү. Болгону бир калыс аким, туура жолду ээлеген, Алла түшүргөн хужаттар менен өкүм жүргүзө турган, Алланын душмандарына каршы жихад кыла турган бир халифа жетекчиликти колго алса эле болду. Капырлардын колунан эле эмес, балким, куралдуу күчтөрдү чыгыш менен батыштагы мусулман боордошторго каршы согушка ысырап кылып жаткан, Америка кызыкчылыктарын, Индия кызыкчылыктарын коргоп жаткан малай акимдердин колдорунда да күнү-түнү азап тартып жаткан мусулмандарды куткарып, алардын сый-урматын кайтара турган туура жолдогу Халифалыкты тикелөө үчүн Пакистанда негиздер жетиштүү.

Эй Пакистан эли, силер изгилик нурун кайрадан жаюуга, Халифалык байрагын, **«Алладан башка кудай жок, Мухаммад анын пайгамбары»**, байрагын бийик көтөрүүгө кудуреттүүсүңөр.

وَلَيَنصُرَنَّ اللَّهُ مَنْ يَنصُرُهُ إِنَّ اللَّهَ لَقَوِيٌّ عَزِيزٌ ﴿٤٠﴾.

- «*Албетте, Алла Өзүнө (т.а. динине) жардам бере турган заттарды үстөм кылып коёт. Шексиз, Алла Күчтүү, Кудуреттүү».* [22:40]

## -3-

## ЧЕЧЕНСТАН

Чеченстан Кавказ регионунун бир бөлүгү. Кавказ Кара деңиз менен Каспий деңизинин арасында жайгашкан тоолуу регион. Ал Ингушетия, Дагестан, Түндүк Осетия жана Чеченстанды камтыйт. Бул мамлекеттер Кавказдын түндүк бөлүгүндө жайгашкан. Түштүгүндө болсо Грузия, Армения, Азербайжан о.э. Түркия менен Ирандын белгилүү бир бөлүктөрү жайгашкан.

Кавказдын түндүгү да, түштүгү да Исламий диярлар болгон. Ал жерлерге Ислам абдан эрте, жада калса Перс менен Румдардан да мурун кирип келген. Умар ибн Хаттабдын доорунда, хижрий 22-жылы мусулмандар ал жерлерге жетип барышкан. Аларды фатх этүүдө улуу сахаба Абу Дужананын салымы болгон. Грузиянын борбору Тбилиси болсо Усман ибн Аффандын доорунда амир Хурбайб ибн Масламанын колу менен фатх болгон.

Кавказ Умавийлер жана Аббасийлердин Халифалык доорлорунда Ислам мамлекетинин бир бөлүгү болуп калган. Моңгол-татарлар хижрий 656-жылы Багдадды ээлеп алышкандан кийин, Аббасийлер мамлекети алсызданып, Кавказдагы Исламий бийлик моңголдордун колуна өтүп кетти. Кызыгы ушунда, жеңишке жеткен моңголдор жеңилген кавказдыктардан Исламды кабыл кылып алышып, Кавказда Исламий бийликти орнотушту. Бул миладий XIII кылымда болгон. Алар Москванын чыгышында жайгашкан Казанды өз бийлигинин борбору кылып алышты. Мамлекети күчөп, бекемдешип барды. Түштүктө да кеңейип, Кавказдын региондорун өздөрүнө кошуп алышты. Салтанаты Сибирге чейин, Москванын өзүнө чейин жетти. Борбордо алтындар көп жыйылгандыктан о.э. ошол доордогу коңшулаш мамлекеттерден кыйла бай жана аброййлуу болгондуктан алар алтын мамлекет (Алтын ордо) деген наам алышты. Орус мамлекети пайда болуп, Москва жетекчилиги астында православ насронийлер бириккенден кийин, Исламий татар мамлекет менен тынымсыз кагылышып турушту. Бул кагылышуулар эки кылымдан кийин татар мамлекетинин кулашына алып келди. Борбор Казан талкаланды, калкы кул болду, эркектери кырып ташталып, аялдары орустарга берилди, алардын баары мажбур түрдө орусташтырылды. Мусулмандардын түшүнбөстүктөрү, түштүктө жайгашкан борбордогу бoордоштору менен байланышпаганы себептүү Россиянын жүрөгүндө нур чачып турган Исламий мамлекет жок болду. Бул учурда Усманий мамлекет калыптанып, Кавказдагы мусулмандарга жардам бере баштап, орус мамлекети менен Кавказ региондоруна өкүмдарлык кылууну талаша баштады. Ошондо Кавказ эки улуу мамлекет - Россия менен Усманийлер ортосундагы чегара региондоруна айланып калган эле.

Усманийлер мамлекети Кавказга өз өкүмдарлыгын орнотууга жетишти. Бир гана Азербайжан Ирандагы Сафавийлардин колуна өттү. Бул иш миладий 1578-жылы болгон. Ал жерде миладий 1722-жылга чейин Ислам өкүмдарлыгы уланып келди. Ошол жылы Россия императору Пётр Кавказга чабуул жасап, анын бир бөлүгүн басып алды. Мусулмандар 1735-жылы орустарды кууп чыгарышты, бирок, бул көпкө созулбады. Мусулмандар менен орустар ортосунда тез-тез согуштар болуп турду.

Кавказдыктар үч кылымдан көбүрөөк убакыт Усманийлердин колдоосу менен орустардын көп сандагы армиясына каршы туруп беришти. Усманий мамлекет күчсүздөнгөндөн кийин, орустар Исламий каршылыктан үстөм келүүгө жетишип, XVII кылымдын экинчи жарымында Кавказга өз өкүмдарлыгын өткөрө башташты.

Орустар азаптоо, сүргүн кылуу, чокундуруу (христиандаштыруу), өлтүрүү, токойлорду өрттөө, араб, түрк, перс тилдеринин ордуна орус тилин киргизүү сыяктуу түрдүү жырткыч ыкмаларды колдонушканына карабастан, кавказдыктар каршы турууну улантышты.

Кавказча багынбоолор арасынан чечендердин багынбоосу этибарды тарта турган даражада өзгөчөлөнөт. Ал жерден чечен калкын жихадга баштай турган аалымдар жана мужахиддер жетишип чыккан. Алар жетекчилигиндеги мужахиддер курмандыктарды берип, орус падышаларынын уйкуларын качырышкан. Орус баскынчылыгына каршы чечендердин катуу каршылык көрсөтүштөрүнө эң жаркын мисалдардын бири ушул, чечен Шайх Мансур

1785-жылдан 1794-жылга чейин орус баскынчыларына каршы эр жүрөктүүлүк согушуп, согуштарды ыйык жихад согушу деп атады. Кийин урматтуу Имам Мухаммад 1824-жылдан 1832-жылга чейин орус баскынчыларына каршы какшаткыч соккуларды берди. Андан кийин Имам Шамил орустарга каршы 1832-жылдан 1859-жылга чейин отуз жылга жакын тынымсыз күрөштү.

Чечендер Амадоев башчылыгында, Тоби Азоев аракетинде, Залмоев аракетинде, чечен жетекчиси Алибек Ажы аракетинде орустарга каршы козголоңдор болуп турду. Алибек Ажыны орустар 1878-жылы Грозныйда өлтүрүштү. Орустар чечендерди жихаддан кайтаруу үчүн колунан келишинче айла-амал иштетишти. Алардын ички толкундануусун тарки дүйнөчүлүккө, зикр халкаларына буруп жиберүү үчүн аларды суфийлик тарыйкатына багытташты. Бирок, бул иш орустарга пайда бербеди. Анткени, ар бир чечен, суфийи да, башкасы да орустарга каршы согуш болсо атылып чыгышчу.

Кавказдагы мусулмандардын орус кошуунуна каршылык көрсөтүүдөгү эрдиги орустарды коркок кылып коюу даражасында күчтүү болгон. Ленин Биринчи дүйнөлүк согуштагы орустардын жеңилүүсүнө түшүндүрмө берип, «анын себеби Кавказдагы бир канча кылымдардан бери уланып келе жаткан күжүрмөн согуштар орус кошуунунун жүрөк үшүн алып койгону» деген.

Коммунисттер доорунда Сталин экинчи дүйнөлүк согуштун аягында бүткүл чечен элин өз журтунан Сибир жана Казахстанга сүргүн кылды. Бир миллион эки жүз миң чечен калкынын жарымы дым-дарексиз жоголуп кетти. 1957-жылда гана алар кайтуу укугуна ээ болушту.

Орус коммунисттеринин чечен мусулмандарына көрсөткөн кысымдары падышалык заманынан да ашып түштү. Алар мечиттерди бузуп, диний таалимди тыйып, адамдарды коммунисттерче, материалисттерче пикирлөөгө мажбурлашты. Кысымдардын аягы көрүнбөс эле.

Ошондой болсо да, чечендер Роббисине, дин менен этикаттарына болгон берилгендиктери себептүү күчтүү жана азиз болуп калышты. Коммунисттердин кысымдары алардын кайра бекемдигин жана кайратын ашырды. Буга орус жазуучуларынын өздөрү да күбөлүк беришти.

Пушкин, Лермонтов, жада калса Толстой чечендерге тан берип, корккондуктан дилиндеги нерселерин ачык айта алышчу эмес. Толстойдун «Хаджимурат» чыгармасы чечендерди жана алардын капыр басымынан азат болууга умтулууларын улуулоодон башка нерсе эмес. Герцен чечендерди адамзат жынысынын өзгөчө бир классына тийиштүү болсо керек деп ойлоп калган. Солженицин Гулагга өкүм кылынганда камалгандардан 150 түрдүү улутту учураткан. Анын айтымында, ошолордун арасынан сынбагандары жалгыз чечендер болушкан.

1991-жылы Советтер союзу он беш республикага бөлүнүп кеткенде да, Чеченстан ошол эгемендүү өлкөлөрдүн бири болбой, Россияга көз каранды боюнча калды. 1992-жылы 1-ноябрда Жахар Дудаев Чеченстанды эгемендүү мамлекет деп жарыялады. Орустар дароо нааразычылык билдирип, ага каршы айгышкан күрөш башташты, 1995-жылы чабуулга өтүштү. Бирок, алар бул согушта жеңилип, абдан чоң зыян көрүштү. Чеченстан мамлекети Москвадан бүтүндөй бөлүнүп чыгуу үчүн аракетин уланта берди. 1999-жылы орустар Чеченстанды басып алууга, жарыя кылынган мамлекетти жокко чыгарууга жетишип, ал жерде үрөй учурган кыргындарды, канкордуктарды өткөрүштү. Дүйнөнүн бир да мамлекети ар кандай жырткычтыкты артта калтырган орус жыркычтыгына каршы Чеченстанга жардам берүү үчүн кыймылдап да койбоду.

Анна Политковская орус кошуунунун Чеченстанда ишке ашырган кылмыштары жөнүндө «Орус шермენделиги» аттуу китеп жазды. Бул аял коммунисттерден кийинки доордун эң белгилүү журналисттеринен болуп, «Новая газета»нын корреспонденти. Ал 1999-жылдан бери Чеченстанга бир нече жолу барып, китебинде ал жердеги орус кошуунунун кылмыштарын жандуу көрсөткөн. Китепте Чеченстандын аянычтуу абалын минтип чагылдырган: «Борбор Грозный урандыларга айланган. Жүздөгөн чечен айылдары

мазарларга окшойт. Шаарлар көрүстөндөргө толуп кеткен. Ошол эле учурда, калктын жарымы коңшулаш Ингушетиядан башбаанек издеп, чатырларда аянычтуу шарттарда жашашууда». О.э. Политковская Чеченстанда иш жүзүнө ашырылган кылмыштардын тизмесин да көрсөткөн. Анда Чеченстандын жарым калкын өлкөсүнөн бөлүү максатында кылынган массалык көчүрүүлөр жана массалык кыргындар көрсөтүлгөн. Мындан тышкары, Политковская 150 чакты шаардык чечендин орус күчтөрү тарабынан соттолбостон өлтүрүлгөнүн ачып берген.

Адам укуктарын коргоочу бейөкмөт «Мемориал» уюму Россия өкмөтүн Сталин репрессиясы кара жылдарында колдонгон ыкмаларды Чеченстанда колдонду деп айыптады. Адам укуктары уюмдарынын Россия борбордук резиденциясында болуп өткөн журналисттер конференциясында «Мемориал» уюмунун Чеченстан борбору Грозныйдагы иш башкаруучусу Лидия Юсупова менен уюмдун Москвадагы адам укуктары борборунун жетекчиси Олег Орлов Россияны 1930-1940-жылдарда сталинизм саясатынын милиция аппараты колдоногон ыкмаларга окшош ыкмаларды колдонгондукта айыптады. Юсупованын айтышынча, орус кошууну жана алар тарабында турган чечен күчтөрүнүн издөөдөгү адамдарга кысым өткөрүү үчүн алардын бардык үй-бүлө мүчөлөрүн кармап алып, сталинизмдин жашыруун милициясы ыкмалары менен моюн сунууга мажбурлашы абдан көп ишке ашырылган.

1999-жылы Чеченстан эгемендүүлүккө жетишейин деп калганда Россия Чеченстан маселесин өзүнүн пайдасына чечүү үчүн ага жаңыдан жүрүш баштады. Бул иш Иванов менен Олбрайттын жашыруун келишүүлөрүнөн келип чыккан Россия менен Америка ортосундагы бүтүмгө негизделип болгон. Бирок, чечендер чечендигин көрсөтүп, ошончо курмандыктарга карабастан, кайраты сынбай, Россиянын аскерий техникасына каршы коркпостон согушту улантышты.

2001-жылдагы 11-сентябрь окуяларынан кийин Буш «терроризмге каршы согуш» жарыялаганда, Путин мындан пайдаланып, Чеченстандагы абалды Россиянын пайдасына иштетмекчи болду. Терроризмге каршы жалпы согуш жарыялап, Чеченстандагы согушту терроризмге каршы согуш деп эл аралык коомчулук тарабынан тан алынышына жетишүү үчүн аракет кылды. Бул сөздү тез-тез кайталай турган болуп калды. Акыркысы Москва метросундагы жардыруу аракетинен кийин 2004-жылы 6-февралда терроризмди «XXI кылымдын чумасы» деп сүрөттөп, бүткүл дүйнөнү ага каршы күрөшүү үчүн биригүүгө чакырган убакта болду. Акыйкатта болсо, Итар-ТАСС Россия маалымат агенттигинин мурунку жетекчиси Борис Миронов өзүнүн «Ал-Хаят»ка берген интервьюсунда метродогу жардыруу аракетинин 1999-жылдагы президенттик шайлоолор кезинде болуп өткөн турак жайларды жардыруунун «кайталанган нускасы» экенине шилтеме жасап, чоң-чоң жардыруу операцияларынын шайлоолор жакындашып калганы менен синхрондуу экенине этибарды тартты. Ошондо ядро чемоданы (жетекчилик жарлыгы) орустардын коопсуздугун кайра тикелөөгө, Чеченстандагы жана бүткүл Кавказ регионундагы делолорду жабууга сөз берген президенттикке талапкерлердин эң ылайыктуусуна тапшырылган эле.

Бирок, Путин Чеченстандагы согушту дүйнөдөгү терроризмге каршы согуштун бир бөлүгү кылып өткөрүү жаатында бир аз ийгиликке жетишкен болсо да, максатына таптакыр жетише албады. Бирок, мунун мааниси Америка менен Европа Чеченстанды кубаттоочу позицияны ээлешти дегени эмес. Тескерисинче, алар Чеченстан окуясы акысына Россиянын жан беришинен келе турган кызыкчылыктарды бөлүштүрүшмөкчү гана.

**Американын позициясы**

Американын Москвадагы элчиси Александр Вершбоу 2004-жылы 29-февралда берген билдирүүсүндө мындай дейт: «Американын бул жааттагы позициясы акыркы жылдардан бери өзүнүн туруктуулугун сактап келүүдө. Ал билгилүү бир факторлорго негизделет. Алардын эң этибардуусу орус жерлеринин бүтүндүгүн тан алуу, ошол эле учурда, маселенин күч же террористтик жол менен чечилишине каршы туруу. Вашингтон келечекте бул маселенин эл аралык терроризмге байланыштуулугун, ага «Ал-Коида»нын аралашканын тан алат. Ушуга ылайык, Кошмо штаттар Чеченстанга курал-жарактар же

башка товарлар кирип келе турган жолду тосуу үчүн маалыматтарды өз ара алмашып, Москвага өз жардамын сунуштайт. Бирок, ошого карабастан, Чеченстан маселесине баа берүүдө биздин пикирибиз башкачарак. Биздин оюбузча, ал жердеги согуш жалгыз терроризмге гана байланыштуу эмес. Анткени, анын тамырлары жергиликтүү болуп, өзүнчө саясий аракеттен келип чыккан. Аны саясий каражаттардын жардамы менен гана чечүүгө болот. Биздин пикирибизче, Москванын азырга чейин аткарган Чеченстан конституциясынын кабыл алынышы, өлкө үчүн президент шайланышы сыяктуу иштери али жетиштүү эмес. О.э. биз федералдык күчтөр жана Чеченстандын шайланган президенти Ахмад Кадыровдун аппараты тарабынан адам укуктарынын тебеленишин каралоону уланта беребиз». Ал дагы мындай деди: «Мурунку Совет башчылыгындагы таасир маселеси Россия-Америка мамилелери алдындагы эң маанилүү атаандаштыкты түзөт».

Америка мамлекеттик катчысы Колин Пауэлл 2004-жылы 26-январда Москвага жасаган сапарында «Москва Чеченстанда алып барып жаткан ички саясаттын айрым жактары» алдында о.э. Россиянын коңшулаш КМШ мамлекеттери менен болгон мамилелери каршысында өз мамлекетинин кыйла артта калганын айтып өттү. «Вашингтон Россия жерлеринин бүтүндүгүн канчалык урматтаса, Россия коңшуларынын укуктарына ошончолук этибар беришин» да кошуп койду. Этибарды тарткан жери ушул, бул билдирүүлөрдү Пауэлл Грузиядан Москвага келери менен берди.

Американын Москвадагы элчиси Александр Вершбоу бул сапарды жогорку даражада мааниге ээ деп түшүндүрдү о.э. сапардын негизги максаттарынын бири Россия менен Америка ортосунда мурунку совет башчылыгындагы «учурашуу чекиттерин» издеп табуу экенине шилтеме жасап, Пауэллдин ниети мурунку совет республикаларына алакадар маселелерди Россия тарабы менен талкуулоо деди.

Ушулардан көрүнүп тургандай, Чеченстан проблемасы бар-жок баасы Американын Грузия, Орто Азия жана Чыгыш Европада кең жайылышынан Россиянын көз жумушуна тең келген бир товар гана. Пауэллдин «Вашингтон Россия жерлеринин бүтүндүгүн канчалык урматтаса, Россия коңшуларынын укуктарына ошончолук этибар да берет» деген сөзүнө ушул жактан жандашуу керек. Грузиянын убактылуу президенти Нино Буржанадзенин «Тбилиси Чеченстанга каршы күрөш үчүн зор ыңгайлуулуктарды жаратып берди» деген сөзүн да ушул мааниде түшүнүү керек. Кремль тарапкерлери Буржанадзе Москвага сапар тартып, президент Владимир Путин менен учурушкандан кийин Россия жана Грузия ортосундагы ишенимди бекемдөө үчүн шарттар жетиштүү деп эсептешүүдө.

Американын Москвадагы элчиси Александр Вершбоунун билдирүүлөрү да Москваны эскертүү жана кызыктыруудан башка нерсе эмес. Ал да бир жактан Россия жерлеринин бүтүндүгүн тан алганы менен, экинчи жактан Чеченстандагы күрөштү жалаң терроризмге гана байланыштуу болбогон, тамырлары жергиликтүүлүккө барып такалып, өзүнчө саясий аракеттен келип чыккан деп эсептейт.

Демек, Чеченстан маселеси Америка жана Россиянын Кавказ, Орто Азия жана Чыгыш Европадагы кызыкчылыктарына карап, алды-берди кылынып тура турган товардан башка нерсе эмес. Эгер, Россия Американын талаптарына көнсө, Америка анын Чеченстанды каалаганча талкалашына коюп берип, аны колдоочу позицияны кармап тура берет. Эгер, Россия Америкага жан бербесе, анда Америка Чеченстандын өз тагдырын өзү белгилөө укугу жана андагы адам укуктары тебеленген делолорду кайрадан ачып, Чеченстан проблемасын эл аралык конференцияларда көрүлө турган эл аралык проблемага айлантууга аракет кылат. Ошону менен бирге Грузиянын жаңы өкмөтүн Россия күчтөрүнө каршы Чеченстанды колдоого, ага жардам жана башбаанек берүүгө үндөйт.

«Айырбаштоо бүтүмү» деген сөз Америка менен Россия ортосунда сыр эмес болчу. Россия 1999-жылы августта Чеченстанга каршы жырткыч согушту баштаганда эле бул бүтүм түзүлүп болгон эле. «Нью-Йорк Таймс» газетасынын 1999-жылы 19-ноябрдагы санында басылган кабарга ылайык, Россия тышкы иштер министри Игор Иванов 1999-жылы 18-ноябрда болуп өткөн Түркиядагы саммитте ошол кездеги Америка мамлекеттик катчысы Мадлен Олбрайтка бир расмий эмес катты тапшырган. Бул кат айырбаштоо бүтүмүнүн түзүлүшү жаатында болчу. Анда Коопсуздук кеңешиндеги Россиянын өкүлү Иракка каршы

колдонуп жаткан жаза чаралары жаатында жумшактык көрсөтүшү о.э. Азербайжандан Жер ортолук деңиз аркылуу Түркиянын Жейхун портуна нефть жана газды алып өтүү үчүн турбалар жаткырылышына Россиянын эч нерсе дебестигинин акысына Чеченстанга каршы ишке ашырылып жаткан Россия аскерий операцияларына Американын көз жумуп турушу айтылган.

**Европанын позициясы**

Европанын позициясы Американын позициясынан негиз жагынан таптакыр айырмаланбайт. Экөөсү тең өз кызыкчылыктарына жетишүү үчүн Чеченстан үстүнөн айырбаштоо кылышат. Европа Европа союзунун майданын чыгышка карай кеңейтүүгө кызыкдар. Ал союздун багытына Россия тоскоолдук кылышын каалабайт. О.э. ал Америка тактикаларына каршы жүздөнүүдө өзүнүн колу кыскалык кылгандыктан Россия менен стратегиялык кызматташтык кылууну каалайт. Франциянын мурунку тышкы иштер министри Доминик де Вильпен 2004-жылы 23-январда Москвада коопсуздук, тышкы саясат жана коргонуу жаатында Россия менен Европа ортосунда «чыныгы стратегиялык кыматташтык»кты түзүүгө чакырды.

Франция министри ошону менен бирге коопсуздук жаатында «туруктуу техникалык мекемелерди» түзүү сунушу менен чыкты. Бул сунуш анын Россия эл аралык мамилелер университети студенттери алдында орус коллегасы Игор Ивановго карата айткан сөзүндө бар.

Де Вильпен мындай деди: «ошону менен бирге, ядролук курал жана терроризмдин кең жайылышы жаатында Европа континенти жүздөнүп жаткан коркунучтарды үйрөнүүгө адистешкен туруктуу техникалык мекемелелерди түзүүгө болот». Ал Франциянын «европалык шериктери менен тышкы саясат жана Европа коргонуусу жаатында Россия менен кызматташтыкты бекемдөө жөнүндө пикирлешип көрүүгө» даяр экендигин баса белгиледи. О.э. «тынчтыкты сактоо жаатында ортоктош операциялар өткөрүү жөнүндө пикирлешип көрүүнү» сунуш кылды.

Эки президент - Владимир Путин менен Жак Ширак 2004-жылы 3-апрелде Москва менен Париж ортосунда өз ара ишеним болушу зарылдыгын баса белгилешти. Акыйкатта болсо, Европа союзу бул кезде Орто жана Чыгыш Европадагы көпчүлүк коммунисттик мамлекеттерди өзүнө кошуп алуу аркылуу майданын кеңейтүү менен убара эле. Ширак өзүнүн Россияга жасаган сапарында Москва айланасындагы Краснознаменск аскерий курулуштарын барып көрдү. Алардын ортосунда болуп өткөн талкуулар негизинен Россия менен Европа союзу ортосундагы алакаларга багышталды. Ширак Европа союзу менен Россия ортосундагы алакалар Россия үчүн да, Европа үчүн да, алардан да негизгиси эртеңки дүйнөнүн тең салмактуулугу жана туруктуулугу үчүн да негизги фактор экенин айтты. Өз учурунда Путин да «Европа союзу жаңы Россиянын негизги шериги» деди. Москва өзүнүн кызыкчылыктарына таасир этет деп билген союз кеңейип жатканына шилтеме кылып, жарактуу чечимдерге жетишүү зарылдыгын баса белгилеп да койду. Ошону менен бирге, Чеченстан проблемасына да токтолуп, Ширак аны терроризмге каршы согуштун катарына киргизди, бирок, ошол эле учурда, анын саясий чарасы табылышына үмүттөнүшүн да билдирди.

Россия президенти Владимир Путин 2004-жылы 22-апрелде Европа союзунун Чеченстанга карата карманып жаткан позициясын сындап, Москваны өздөрү «чечен террористтери» деп ат коюп алган кимселер менен сүйлөшүүлөр алып барууга чакырууну Усама бин Ладендин Европаны сүйлөшүүлөр столуна отурууга чакыруучу сунушуна теңдештирди. Ал Италия премьер-министри Силвио Берлускони да катышкан Липецктеги Россия-Италия кошмо ишканаларынын биринин ачылыш ырасымында: «Айрымдар биз террористтер деп атаган тигилер менен сүйлөшүүлөр алып барууга бизди чакырат... Акыйкатта болсо, биринчи номердеги террорист Усама бин Ладен Европаны сүйлөшүүлөр алып барууга чакырып, кайрылды. Европанын бул сунушту четке какканынан кабардармын. Мен – Европа бизди сүйлөшүүлөр алып барууга үндөп туруп, өзү бул сунушту кантип четке какты – мунун себебин биле албай айранмын», - деди. Москванын «жакынкы келечекте Еврокомиссия төрагасы Романо Проди менен учурашып, бардык проблемаларга, ошолордун

катарында, Чеченстандагы терроризм жана Европага багытталган бин Ладендин кайрылуусуна да алакадар маселелер жөнүндө сүйлөшүүлөр алып барышына» шилтеме жасап, Путин Россиянын Европа союзу менен болуп жаткан мамилелеринде терроризмге каршы күрөштү негизги маселе деп эсептешин билдирди.

2004-жылы 23-апрелде Романо Проди Москвада сүйлөгөн сөзүндө мындай деди: «Европа союзунун Россия жерлеринин бүтүндүгүн шартсыз жана толук бойдон колдоосун түшүндүрүп берүүнү бизге койгула. Мындан тышкары, алдыбызда терроризмге каршы күрөшүү зарылдыгы болгон ортоктош проблема да турат». Эртеси Проди Москвада Россия президенти Владимир Путин менен Европа союзун май айынан баштап Россия чегараларына чейин кеңейтүү жаатында талкуулашып: «Терроризмге каршы күрөш жалаң күч жолу менен гана болушу мүмкүн эмес. Ал үстүбүздөгү демократия багыттарына бекем моюн сунуу мажбуриятын дагы да көбөйтөт», деген сөздү да кошуп койду. Еврокомиссиянын мурунку төрагасы «Адам укуктарын урматтоо терроризмге каршы күрөш аракетин чектеп койбойт», деп да баса белгиледи.

Мусулмандар акимдери болсо шерменделерче душман менен тил бириктирип, бар болгон иши өткөн жылдын октябрь айында болуп өткөн «Исламий конференция уюму»нун токтому болду. Анда да Чеченстандагы согуш «Россиянын ички проблемасы» деп бааланды. Алланын душманы, кресттүү капыр, мусулмандар канын ичкен Владимир Путин уюмдун Куала-Лампурда болуп өткөн жогорку конференциясына келгенде, аны каармандардай тосуп алышты. Проблемасы эркиндик, демократия, адам укуктары деп кыйкырып жаткан мамлекеттердин кызыкчылыктар бөлүшүүсүнө жем болгон Чеченстандын Алладан башка жардамчысы калбады. Чеченстан өзүнүн мурунку стратегиясында садык калат. Бул иш күчтүү чечен жигиттеринин табиятына айланган. Ар дайымкыдай, согуштарда алар дос таба алышпады, жада калса, жалгыз согушууга адаттанып да калышты. Чечендер куулганда бир да үн чыкпады. Качанга чейин алар жалгыз өздөрү согуша беришет?

Качан мусулмандар үчүн бир Халифа дайындалып, жалпы сапарбардык жарыялайт? Качан орустун көзүн ачып коё турган, мусулмандарды чыныгы Ислам улуулугуна жетиштире турган соккулар менен кошуунду жеңишке карай, карылар, аялдар, наристелер үчүн өч алууга карай жетектейт? Качан?!

## -4-

## АФГАНИСТАН

Афганистан Борбордук Азияда жайгашкан бир канча регионалдык жана чоң күчтөр ортосундагы тогонок мамлекет болгондугу менен айырмаланып турат. Мисалы, ал Россия менен Индия жарым аралы ортосундагы тогонок мамлекет болуп, орустарды Индокеанындагы жана Араб деңизиндеги жылуу сууларга жетишинен тосуп турат.

Британиянын Индияны колония кылуу доорунда Афганистан Россия буржуазиясы менен Британия империализми ортосунда чыныгы тогонок болду. Афган акимдеринин бири аны орус аюусу менен англичан арстаны ортосунда калган койго окшоткон. Афганистандын Россия менен Британия ортосундагы саясий чегараларын белгилөөдө Памир тоосу жана Вохон (Хайбар) өткөөлү британиялыктар, кытайлыктар жана россиялыктар согушу үчүн регионго чыгуу жайы деп этибар кылынган. Ошону менен Афганистан картасы Түндүк-чыгыш жактан Авзадан Кытайга чейин созулуп, Пакистанды Россиядан жана анын Орто Азия республикларындагы мурунку карамагындагыларынан бөлүп турат. Британиянын Индиядагы өкүлү Лорд Карсон жерлеринде тынымсыз согуштар боло бергенине карап Ооганстанды: «Азиянын согуш майданы» деп атаган.

Афганистандын мына ушундай калтыс географиялык орду жана эркин өткөөлдөрү жок мамлекет болушу аны Азия континентине жүрүш жасаган ар бир баскынчы жана фатих үчүн кадам коюу жайына, өткөөлгө жана дарбазага айлантты. Биздин заманга чейин 329-жылы Греция Чыгышка жүрүш жасаганда Александр Македонский андан кадам коюу жери катары пайдаланды. Мусулмандар болсо миладий 654-жылынын кириши менен аны фатх кылып, Ислам диярына кошту. Андан Чыңгызхан кошууну да, түрктөр, индустар, перстер да өтүшкөн. Жаңы кылымга келип, анын эшигин англичандар, орус падышалары, советтер какты. Акыры келип анын канчалык мааниге ээ экенин, Орто Азия жолу аркылуу Россия менен Кытайды камал кылуу дарбазасы экенин, мындан тышкары нефть жана газ куурларын Орто Азиядан Пакистан о.э. Индия океаны жана Перс Булуң жээктериндеги портторго өткөрүүдө Афганистандын өтмөк жай экенин түшүнгөндөн кийин, бул эшикти Америка да какты. Каерде нефть темасы болсо, ошол жер Американын көңүл борборуна айланып, аны ээлеп алууга аракет кылат.

Афган калкы пушту, тажик, өзбек, хазар жана башкалар сыяктуу көп улуттуу калк болсо да, жалпысынан алганда динге катуу берилген, күнүмдүк турмушу жана жашоо образына Исламдан башкасын түзүм катары кабыл албаган мусулман калк.

XIX кылымда Афганистан Британия-Россия согушунун олжосуна айланып калды. Британия Афганистанды басып алуу үчүн афган калкына каршы үч жолу согуш кылды. Максаты Россияны сүлүктөй соруу болчу. Биринчи согуш 1839-1842-жылдарда болуп, анда Британия кошууну шерменде болуп жеңилген. Согуштан кийин бийликти Абдуррахманхан ээлеп, Россия жана Британия империялары ортосунда бейтарап тышкы саясатты колдоду. Экинчи согуш 1878-1880-жылдарда болуп, анда да Британия жеңилди, анын Афганистанды басып алуу максаттары ишке ашпады. Үчүнчү согуш болсо 1919-жылы болуп, Британиянын ошол жылдын 19-августунда афган шахы Аманулла менен Афганистанда Британиянын саясий таасирин орнотуучу Равалпинди келишимине кол коюлушу менен аяктады.

Бул шах афган диярынан анын Исламий маданиятын чыгарып жибермекчи болуп, хижабды бекер кылуу жана Афганистанга батышча моданы киргизүү жөнүндө токтом чыгарганда, ага каршы ибн Сако лакабындагы Хабибулла башчылыгында Исламий калк козголоңу көтөрүлүп, аны бийликтен четтетүү о.э. Афганистанда Исламий кийинүүнү бүтүндөй кайра тикелөө менен аягына чыкты. Бирок, Аманулланын өкүмдарлык доорунда Афганистанды аскерий жактан ээлеп алган Британия Аманулланын тарапкери болгон мурунку аскер башчыларынын бири Надиршах аркылуу ибн Сакону өлтүрүүгө жетишти. Ушуну менен Афганистанда жаңыдан англичандарга көз каранды падышалык түзүм кайра тикеленди.

1933-жылы Надиршахтын уулу Захиршах бийликке келгенде, анын жашы он тогузда эле. Ал кырк жылга жакын англичандарга көз каранды болуп, өкүмдарлык жүргүздү. Анын саясатынын «эгемендүүлүк» доорлорунда, ошону менен бирге, 50-60-жылдарда Россия менен Британиянын Афганистан жаатындагы кызыкчылыктары кагылыш келип калганда алардан алысыраак жүрүү саясатын колдонуу үчүн четке чыгуулар да болду. Кийин дагы кайрадан жаңыдан англичан саясатына кайтты. Тээ солдор тарабында турган, Советтер союзун колдогон абасы Мухаммад Давуд 1973-жылы аны четтеткенге чейин ушундай болду.

Захиршахтын көп мөөнөттүү падышалык доорунда Советтер союзу 1953-жылы Афганистан өкмөтүнө заманбап курал-жарактарды сатуу, 1965-жылы Мухаммад Нур Тараакий башчылыгында Афганистан коммунисттик партиясынын түзүлүшүн колдоо сыяктуу өз кызыкчылыгы үчүн айрым иштерди бүтүрүп алууга мүмкүнчүлүк тапты. Акыркы жылдарда коммунизмдин адаттагы жолуна ылайык таптар ортосунда карама-каршылык жана душмандыкты жаратуу аркылуу Афганистанда айрым саясий туруксуздуктарды жүзөгө келтирүүгө да жетишти.

1973-жылы Мухаммад Давуд бийликке келиши менен Афганистан англичандар чеңгелинен чыгып, коммунисттер оңой эле, беш жыл өтүп бийликке жетишти. Анткени, алар мамлекетке коммунизмдин кирип келишине көмөктөшкөн Мухаммад Давудду өлтүрүп, анын ордуна 1978-жылы Мухаммад Нур Таракийди бийликке алып келишти. Ал болсо ошол эле жылы Брежнев менен болгон Советтер союзу күчтөрүнүн Афганистанга кирип келишине уруксат берген келишимге кол койду. Бул иш т.а. абдан маанилүү жана калтыс региондо орустар пайдасына узак мөөнөттөгү келишимдер түзүлүшү Америка менен Британиянын каарын козгоп, биринчи жолу эл аралык күчтөр салмагындагы назик тең салмактуулукту калтылдатып жиберди.

Мына ушул баскычта Афганистан жаатында Советтер союзуна каршы күрөшүүдө Американын кезеги келди. Хафизулла Амин деген Батыш тарапкери болгон коммунисттин колу менен Мухаммад Нур Таракийге каршы козголоң көтөрдү. Хафизулла Амин Америка разведкасы менен ачык мамиледе болуп турган бир учурда орустарды алдап, өзүн коммунист кылып көрсөтө алды. Ал 1979-жылы бийликти ээлеп, Таракийди өлтүрдү жана советтердин тарапкерлери болгон коммунисттерди кыйнады. Орустар буга жооп катары ошол жылы 27-декабрда Афганистанга зомбулук менен бастырып кирип, Хафизулла Аминди өлтүрүштү жана Кабулда өздөрү менен бирге Россиядан алып келген Бабрак Кармал башчылыгындагы жаңы коммунисттик өкмөттү орнотушту. Мунун артынан эле дахшаттуу козголоң көтөрүлдү жана мамлекеттин бардык тарабына жайылды. Мужахиддер атылып чыгышты, согушкерлер бир канча кошуунду түзүштү. Афган тарыхынын жаңы бети ачылып, ага коммунисттерге каршы согуш - жихад жазылды. Ушуну менен Ислам дүйнөсүнүн бардык өлкөлөрүндө баскынчы коммунист капырларга каршы жихадий рух күжүрмөндүк менен кең жайылды.

Америка Афганистандагы бул жаңы абалды колго алып, советтер афгандар өлкөсүн басып алып, Британия менен түзүлгөн тарыхий келишимдерди бузду деген аргумент негизинде бар күчү менен ага аралашты. Жогорудагы келишимдерде Россия күчтөрүнүн Амударя (Жейхун) чегарасынан өтпөшү керектиги көрсөтүлгөн болчу. 1980-жылдан баштап афган мужахиддерине аскерий жана финансылык жардамдар агып келе баштады. Американын мужахиддерге көрсөткөн жардамы жылына жети жүз миллион долларга жетти. Мунусу али куралдардан, ошону менен бирге, «Стингер» ракеталарынан тышкарысы. 1986-жылдын аяк чендеринде бул ракеталар мужахиддердин колуна жетип келип, жүздөгөн самолёттордү атып түшүрүп, совет авиациясынын жеңилишине себеп болду.

Американын мындан максаты ошол кымбат баалуу тарыхый учурдан пайдаланып, мурун эч кадам койбогон регионго кирип алуу жана ушул аркылуу Россия жана Кытай менен бетме-бет болуп алуу о.э. Советтер союзунун экономикалык кризисин тездетип, кийин аны кулатып, дүйнөдөгү эң улуу мамлекет катары анын абдан маанилүү жерлеринде негизги

ролду ойноп бере турган актёр болушу керек эле. Анткени, бул региондо Америка үчүн эсепсиз кызыкчылыктар толуп-ашып жатчу. Айрыкча, анын нефть, газ жана түрдүү байлыктарга толо болгон Каспий деңизи жана Орто Азия региондоруна жакындыгы этибарды тартчу.

Россия Афганистанды басып алганына жети жыл өткөндөн кийин, өзүнүн чындыгында оор абалга түшүп калганын сезди. Анткени, көрсөтүлүп жаткан каршылык совет күчтөрүнө абдан чоң зыян жеткирип, Афганистандагы иштер Россиянын зыянына ооп, анын экономикасы кризиске учурап бараткан эле. Ушуга ылайык, ал бул туңгуюк көчөдөн чыгып кетүү үчүн саясий чара издей баштады. 1987-жылдагы урунуу ийгиликсиз чыккандан кийин тынчтык жолу менен т.а. Кармалдын отствкага чыгышы менен анын ордуна Нажибулла орнотулду. Нажибулла бийликке келишинен мурун разведка башчысы болгон. Ал советтердин мамлекеттен чыгып кетишине шарт даярдоо үчүн каршы туруучу күчтөр менен «улуттук келишим түзүү» саясатын колдоно баштады. Бирок, бул саясат да ийгиликтүү чыкпады. Анткени, согушка болгон ыктоо күчөгөндөн күчөп бараткан эле. Мужахиддер орустарга каршы кошумча жардамдар алып, советтердин эки жүзгө жакын самолётторун атып түшүрүшкөн болчу.

Ошондон кийин советтер жеңилишине анык ишеништи. Алардын кошуунунан он беш миңден көбүрөөк адам өлдү. Американын мужахиддерди колдоосунан токтобостугуна да толук ишеништи. Натыйжада, 1989-жылы 14-февралда Афганистандан чыгып кетүүгө мажбур болушту.

Мужахиддер менен советтерден дайым жардам алып турган Нажибулла өкмөтү ортосундагы согуш кийин да уланды. 1992-жылга келип, борбор Кабул мужахиддер колуна өтүп, Афганистандагы коммунисттик бийлик бүтүндөй акырына жетти.

Кейинки доордо бийликке Ахмад Шах Масъуд жетекчилигиндеги коомдун аскерий кошууну күчтөрү тарабынан колдоо көрсөтүлүп турган «Исламий коом» башчысы Бурханиддин Раббоний отурду. Бирок, Раббоний жана анын тажиктерден турган тобунун Афганистанда көпчүлүктү түзбөшүнөн проблема келип чыкты. Мындан да маанилүүрөгү, аларды советтерге каршы узак мөөнөттөгү согушта мужахиддерди колдоп турган, Афганистан үчүн негизги коңшу күч эсептелген Пакистан колдочу эмес. Ушуга ылайык, ошол кезде Пакистан тарапкери болгон Гүлбиддин Хикматияр башчылыгындагы пуштулар жамааты тажиктердин мамлекетти башкарышына макул болбоду. Мунун үстүнө пушту уруулары кылымдардан бери жетекчилик кылып келишчү. Натыйжада, тажиктерден турган Раббоний жана Масъуд күчтөрү менен пуштулардан түзүлгөн Хикматияр күчтөрү ортосунда ички согуш келип чыкты. Бул эки жамаат ортосундагы тайпачылык согуш жыйырма беш миң афганды курман кылды. Бул согуш учурунда Иран менен Тажикстан Раббоний жамаатын маддий жактан, курал-жарактар менен, эл аралык конференцияларда саясий көмөк менен колдоп турган болсо, Пакистан Хикматияр жамаатын көтөрдү.

Хикматияр Раббоний менен болгон согушту Пакистан пайдасына чече албагандан кийин, Пакистан өкмөтү андан жүзүн бурду. 1994-жылы Хикматияр жамааты ордуна Америка разведка башкармасын кабардар кылып, Пакистан разведка кызматы башчылыгында «Талибан» деген жаңы бир пушту жамааты түзүлдү.

Талибан Пакистандан күч жана тез жардам алып, афган айыл жана шаарлары биринин артынан бири анын колуна өтө баштады. Эки жыл ичинде борбор Кабулду басып алып, 1996-жылы өз күчтөрүн ал жерге киргизип, Мулла Мухаммад Умар башчылыгында Афганистанда Исламий амирликти тикеледи. Раббоний өкмөтү талкаланып, анын күчтөрү коңшу Тажикстандын түндүк-чыгыш региондоруна качып кетти.

Пакистан, Саудия жана Бириккен араб амирликтери Талибан өкмөтүн тан алышты. Ошону менен Афганистандагы иштер Американын түздөн-түз катышуусу жана Талибан күчү менен колдоп-кубатталган региондогу негизги малай мамлекети болгон Пакистан аркылуу анын пайдасына чечилди.

Бирок, Афганистандын түндүгүндө Талибан күчтөрү менен Раббоний, Масъуд жана аларга кошулган Абдурашид Дустум башчылыгындагы өзбек кошууну ортосундагы согуш

токтогон жок. Россия, Британия, Иран жана Индиялар Масъуд менен Дустум күчтөрүн колдошсо, Пакистан менен Саудия Америкага таянып туруп, Талибан күчтөрүн колдошчу.

1996-1998-жылдар аралыгында Талибан кыймылынын жооптуулары менен Америка жооптуулары ортосунда Американын Талибан аракетин расмий өкмөт катары тан алышына о.э. БУУдагы Афганистанга тийиштүү болгон башкы жерди ага тапшыруусуна байланыштуу сүйлөшүүлөр алып барылды. О.э. Талибан кыймылы менен Американын «Юнокал» о.э. Саудиянын «Дельта» компаниялары ортосунда газды Орто Азиядан Пакистан жана Индия океанына Афганистан аркылуу алып өтүү бүтүмүнө кол коюу үчүн да сүйлөшүүлөр алып барылды. Бирок, 1998-жылдагы Кошмо штаттардын Кения жана Танзаниядагы элчиканалары жардырылышы натыйжасында 1997-жылы Түркменистандын борбору Ашхабадда кол коюлган бүтүмдү ишке ашыруу токтотулуп коюлду.

Талибандын Кошмо штаттар менен да, Саудия менен да мамилеси жылуу жана достук көрүнүшүндө эле. Бирок, элчиканалардын жардырылышы бул мамилеге уу салып койду. Натыйжада, Америка да, ага караштуу Саудия да бул мамилеге карата көз караштарын өзгөртүштү. Талибан бул проблеманы жок кылуу үчүн элчиканалардын жардырылышында айыпталып жаткан Усама бин Ладенди тапшыруу жаатында Саудия менен сүйлөшүүлөр алып барды. Бирок, 1998-жылдагы Америка аскерий самолётторунун Афганистанды бомбалашы бул иштин белине тепти. Саудия разведка агенттигинин ошол кездеги төрагасы түркий Файсал MBC телеканалына берген интервьюсунда ашкере: «Талибан өкмөтү бин Ладенди Саудияга тапшырууга даяр болчу, бул жаатта сүйлөшүүлөр да алып барылып жаткан эле. Бирок, 1998-жылдагы окуялар ишти токтотуп койду», - деген.

Ошондон кийин «Ал-Коида»нын жардыруу амалияттары көбөйүп кетти. Америка болсо Афганистанда Талибан ордун баса турган талапкер издей баштады. Анткени, ал Талибанды «Ал-Коида» уюмунун демөөрчүсү деп, «Ал-Коида»нын өзүн болсо террористтик уюм деп эсептечү.

Он биринчи сентябрь окуяларынан кийин иштер чалкасынан кетти. Мурун Исламчылар менен кызматташтык кылып келген Америка эми бул жааттагы көз карашын бүтүндөй өзгөрттү. «Терроризм»ге каршы күрөш идеясы кичүү Буш өкүмдарлыгы доорунда Америкача жаңы тышкы саясаттын негизине айланды.

Америка Раббоний жана Масъуд жамааттары менен мамилесин шашыла кайра тикелеп, Түркиядан саясий башбаанек издеп, куугунтукта жүргөн Дустумду Афганистанга кайтарды. Масъуд жана Дустумдун күчтөрүн курал-жарак менен жана маддий жактан колдоп, Талибандын таштады. Америка тарабынан колдоо көрсөтүлүп жаткан бул күчтөр ортосундагы бүтүм «Түндүк альянс» деп аталды. Пакистан Талибанды колдоону токтотуп, Американын Афганистанга чабуул жасашы үчүн абадан да, кургактыктан да, деңизден да сокку беришине мүмкүнчүлүк жаратып берди. Америка мындан пайдаланып, Афганистанга каршы жырткыч баскынчылык чабуулун баштады. Талибан өзүнүн акыркы күндөрүндө Америка менен Пакистандын таасиринен кутулуу үчүн абдан катуу туруп берди. Америка талаптарынын кандырылышына каратылган Пакистан басымдарына моюн сунуудан баш тартты. Катуу басым өткөрмөкчү болгон Пакистандын расмий өкмөт өкүлдөрү койгон талаптарга баш ийбей, аларды кууп жиберди. Бирок, бул ишти кыйла кеч, бир бурчка тыгылып калгандан кийин кылды.

Америка «Түндүк альянс» күчтөрүн өз кошуунунун кургактыктагы күчтөрү катары, туурараагы, аз зыян көрүү үчүн адамдардан жасалган калкандар катары ишке салды. Ошентип, 2001-жылы 7-октябрда капырлардын башчысы Америка өз союздашы Британия менен мусулмандарга каршы жырткыч согуш баштады. «Томагавк» ракеталары, бомбалоочу самолёттор жана башка куралдар менен Кабул, Кандагар, Жалалабад сыяктуу Афганистан шаарларын бомбалады. Мусулмандарга каршы абадан, кургактыктан жана деңизден чабуул жасашына, өзгөчө, Пакистан жана Өзбекстандын кыянатчы акимдери мүмкүнчүлүк жаратып беришти. Бул иш апталап созулду. Жөнөкөй эле куралдар менен болсо да мусулмандар баскынчыларга каршы күрөштө канчалык кайрат жана эрдик

көрсөтүшпөсүн, жырткыч чабуулдун абдан чоңдугу жана Афганистан айланасындагы акимдердин кыянаты 2001-жылы эле анын Американын колуна өтүшүнө алып барды.

Кийинки чейрек кылым ичинде т.а. 1979-жылы Афганистанга орустар бастырып киргенден тээ 2001-жылдагы Америка баскынчылыгына чейин Афганистан берген курмандыктардын саны эки миллионго жетет. Эң өкүнүчтүүсү, Хамид Карзаийдин Американын Афганистандагы канкор акими катары дайындалышы менен бул үрөй учурган курман берүүлөр чокусуна чыкты.

2001-жылы 6-декабрда Афганистандын жаңы конституциясын орноткон Бонн келишимине кол коюлду. Америка аны күчөтүү үчүн Коопсуздук кеңешинде 1883-номерлүү токтом чыгартты. Келишимде келген конституция БУУ тонуна оролгон Америкага афган калкынын ички жана тышкы иштерин жолго коюуда, андагы чоң-кичине бардык иштерди көзөмөлдөп туруууда негизги ролду берди. Келишимге ылайык, конституциялык сотту, маданий иштер мекемесин түзүүдө, өкмөттүн иштери жана укуктарында, бардык мамлекет мекемелеринин аткаруу мыйзамдарына алакадар ар бир өзгөрүүдө, келишимдер иш жүзүнө ашышын кылдаттык менен күзөтүүдө америкалыктын катышуусу шарт кылынган. Кыскача айтканда, мамлекеттин иш жүзүндөгү акимин Америка өзүнөн дайындаган. Бул нерсе Американын жашыруун кара мүртөздүктөрүн ачып жиберет. Анын максаты өзү айткандай эгемендүү бийликти вужудга келтирүү эмес, балким, Ислам регионуна өкүмдар болуп алуу. Анын терроризмге каршы деген шылтоо менен жарыялаган согушу Исламга жана мусулмандарга каршы кресттүүлүк согушунун кириш бөлүгүнөн башка нерсе эмес. Кресттүүлүктүн максаты болсо мусулман диярларына өкүмдар болуу, мусулмандар жашоосунан Исламды сууруп алуу. Афганистан менен Иракта болуп жаткан иштер, алардын «Чоң Ортоңку чыгыш» долбоорунда көрсөтүлгөн сызыктар мунун жаркын далили. Анын кресттүүлөр жүрүшү экенин Американын өзү кирип барган ар бир Ислам диярында алып барып жаткан аскерий, саясий, сакафий иштери да көрсөтүп турат. Кичүү Буш 11-сентябрь окуяларынан саналуу күндөр өтпөстөн өзүн-өзү ачып койду. Ошол окуялардан төрт күн гана өтүп т.а. 2001-жылы 16-сентябрда өзүнүн терроризмге каршы согушу кресттүүлүк жүрүшү экенин жарыя кылды. Акыйкатта болсо, мынча убакыт окуя себептерин толук текшерип чыгуунун ондон бирине да жетпейт. Ушунун өзү Америка жетекчилеринин сандыктарында Ислам жана мусулмандарга каршы эмнелер жатканын көрсөтүп турат.

Ал Ислам душмандарын айланасына топтоо үчүн крестүүлүк жүрүшү деп айткан болсо да, бирок, иш жүзүндө өзүнө каршы турган мусулмандарды бириктирип койду. Мына, Афганистандагы каршылык күчөгөндөн күчөп бара жатат. Кече гана бири-бири менен талашып жүргөн «Талибан» жана «Ислам хизби» төрагасы Хикматиярлар, кабарларга караганда биригип, Америкага каршы күрөшүүдө.

Америка күчтөрү БУУ жана Атлантика союзу (НАТО) күчтөрүнө кошулуп да баскынчылык таасирин борбордон нарыга өткөрө алган жок. Негизи, Афганистандын Кабулдан тышкары бардык региондору Америка баскынчылыгы башталгандан бери бир күн да тынбастан куралдуу операциялардын майданы болуп калган болчу. Бонн келишиминин кийинки баскычына ылайык, 2004-жылы июнда Афганистанда президенттик жана парламенттик шайлоолор болушу керек эле. Бирок, Америка баскынчылыгына каршылыктын кеңдиги баскынчыларды жана өз учурунда Карзаий өкмөтүн президенттик шайлоолорду ошол жылдын сентябрына, парламенттик шайлоолорду болсо келерки жылдын жазына кечиктирүүгө мажбур кылды. Америка келишиминин биринчи баскычында өзүнүн малайы Карзаий президенттигиндеги убактылуу өкмөттү түзүүгө, ошону менен бирге, өкмөткө Захиршах жана анын адамдары башчылык кылышы керек деп билген Европанын ролун четтетүүгө жетишкен эле.

«Нью-Йорк таймс» газетасынын кабар беришинче, Кошмо штаттар өкүлдөрү Лоя Жиргага (жалпы улуттук курултай) үммөт командачысын өзү тандоо мүмкүнчүлүгүн жаратып берүү максатында атаандашчылар сабынан четке чыгышы үчүн падышага басым өткөргөн. Захиршах бул жаатта пикирин билдирбей туруп, Залмай Халилзад (ал азыр

Кошмо штаттардын Афганистандагы элчиси) маалымат каражаттарына мындай жарыя берип жиберди: «Мурунку падыша убактылуу өкмөттөгү мансапка талапкер эмес. Ал мансап межлис төрагасы Карзайиге тапшырылат».

2004-жылы 3-январда Америка БУУ жардамы менен афган делегаттары межлисине (Лоя Жирга) Афганистан үчүн жаңы жарандык дастурду басым менен кабыл алдырууга жетишти. Бул дастур парламент кеңешине берилген укукту кыскартып, президентке абдан чоң укуктарды берет. Парламенттин министрлер жыйынындагы вето укугунан башка нерсеси калбайт. Американын Афганистандагы элчиси Залмай Халилзад бул дастурду «Ислам дүйнөсүндө эң жаркырап турган дастурлардын бири» деп сыпаттаган. Президент Буш да Вашингтондогу бир билдирүүдө бул дастурду мактап: «Афганистандагы демократиялык мекемелердин негизин түзөт» деген. Ушунтип Америка Карзаийдын убактылуу өкмөтүн орнотуу менен бирге афган калкына өзүнүн жаңы дунявий жолун ачты. Келишим баскычтарына ылайык акырында кылынышы керек болгон иш Карзаийдин өлкөгө президент болушу жана акыркы баскыч шайлоолор кезинде жаңы өкмөттү түзүү болчу. Бирок, кескиндешип кеткен коопсуздук абалы шайлоолорду кечиктирип жиберди. Америка топтогон эл аралык күчтөр, НАТО, Америка күчтөрү, Пакистан күчтөрүнүн жардамга келиши – ушулардын баарына карабастан, алоолонуп бара жаткан каршылык абалы дагы эле уланууда. Ушунча урунуулар да шайлоолорду өткөрүп алуу үчүн коопсуздукту камсыздап бере албай жатат. Натыйжада, Америка саясатын түзүп жаткандар саясий жол менен шайлоолорду өткөрүп алуу максатында коопсуздук шартын жаратуу үчүн аракет кылууга мажбур болушууда.

Ушуга ылайык, Афганистан Карзаий өкмөтү менен америкалыктар ортосунда жүз берип жаткан бир канча дипломатиялык аракеттердин күбөсү болду. «Талибан»ды келе жаткан сентябрда өткөрүлүшү белгиленген шайлоолордо катышууга үндөө мына ошолордон. Негизи, бул шайлоолор июнь айында болушу керек эле, бирок туруксуздуктар себептүү сентябрга кечиктирилди.

Бул шайлоолордон максат, малай Карзаий өкмөтүн мыйзамдаштыруу о.э. Американын регионго тийиштүү пландарын ишке ашыруу үчүн Афганистанда саясий туруктуулукту вужудга келтирүү болчу. Бирок, «Талибан»дын ири командачысы Дадулла 2004-жылы 25-апрелде Карзаийдын сунушун дароо четке кагып, Афганистандагы президенттик шайлоолор да, парламенттик шайлоолор да өткөрүлбөйт деп кайра-кайра коркутту. Ал «Талибан»дын өкмөт менен сүйлөшүүлөр алып барышын да четке какты. Карзаий кан төгүүнү токтотуу үчүн менин өкмөтүм фанат кыймылдар менен сүйлөшүүлөр алып барат деген болчу.

Бул иштер менен эле бир учурда Америка баскынчылыгына о.э. анын малайы Карзаий өкмөтүнөн түзүлгөн корукчуларына каршы иштер уланып барды. Анткени, ал жерде капыр баскынчыны жана анын ошол жердеги куйруктарын тынч уктатпаган жардыруулар бир да тынган жок. Бул нерсе баскынчыларды Америкага жардам берүү үчүн Афганистанга кошуун киргизүүгө көнүшү мүмкүн болгон мамлекеттерден кошумча күч издөөгө мажбурлады.

Американын НАТОдогу элчиси Николас Бернс 2004-жылы 26-апрелде айтышынча, Испания жана Түркия Германия менен биргеликте о.э. «Иракта күчтөрү болбогон» башка жети мамлекет союзга Афганистан борбору Кабулдан тышкарыда да өз милдетин өтөөгө мүмкүнчүлүк жаратып берүү үчүн Афганистанда өз күчтөрү менен катышууга даяр экендиктерин билдиришкен. «Бул мамлекеттердин күчтөрү сентябрда болуп өтө турган Афганистан шайлоолору учурунда, ошону менен бирге, бейбаш лашкерлер тартипке салып жаткан тынчсыз участкалардагы шайлоолордон тынчсызданып жаткан Афганистан президенти Хамид Карзаий талабына ылайык коопсуздукту бекемдөө үчүн катышуусу мүмкүн» деди элчи. Бернс НАТОнун аскерий командачысы генерал Жеймс Жонсту о.э. 26 союздаш мамлекеттин элчилерин Кабулга алып бара жаткан самолёт бортунда журналисттерге мындай деди: «Иракта катышпаган же Испания сыяктуу Ирактан чыгып бара жаткан бир канча өкмөттөр ашыкча күчтөргө ээ».

«Би-би-си» 2004-жылы 6-февралда мындай кабар берди: «Түндүк Атлантика союзунун (НАТО) коргоо министрлери Мюнхенде болуп өткөн жыйында союздун Афганистандагы тынчтыкты сактоо күчтөрүн (ИСАФ) көбөйтүүгө келишти. Афганистандагы НАТО күчтөрү командачысынын отставкадагы орун басары Андре Ласло: «ИСАФ күчтөрү коопсуздукту коргоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн 12 миң аскерге жеткенге чейин күчөтүлүшү керек», - деди.

«НАТО күчтөрү өзүнүн Афганистандагы милдетин болжол менен он жылдай аткарышы мүмкүн», - деп кошуп койду орун басар.

Америка коргоо министри Дональд Рамсфельд болсо кошумча аскер жиберүүдөн мурун алардын тажрыйбасын мүмкүн болушунча жогорку даражага ашыруу керектигин баса белгиледи.

Ал Вашингтондон кайтып жатып: «Мен ишенемин, НАТОнун эң биринчи милдети Афганистандагы ишин толук өтөө болушу керек», - деди.

НАТОнун жалпы көзөмөлчүсү Американын Афганистандагы 12 миң кошуунга ээ болгон күчтөрү менен ИСАФ күчтөрү ортосундагы алакаларды күчөтүү сунушу менен чыкты.

Бирок, бул аракеттердин баары аскерий же саясий каршылыктын күчөшү алдында ийгиликсиздикке учурады. Натыйжада, «Талибан», «Ал-Коида» жана башкалардан турган мусулмандар каршылыгы күчөгөндөн күчөп, баскынчылар капыр болгондуктары себептүү да алар менен согушуу керектиги афгандардын мээлеринде бекем орношту.

Афганистандын абалы мына ушундай. Бир тарапта Америка, Британия жана алардын союздаштары турса, экинчи тарапта алгач мамлекет сыпатындагы Талибан, кийинчерек болсо каршылык сыпатындагы Талибан, Хикматияр жана Афганистандагы башка мусулмандар турган абал мына ушундай. Талибан бийлиги, Түндүк альянс бийлиги, Карзаий бийлиги о.э. Америка жана Пакистандын ролу – булардын баары этибарды тарткан иштер. Бул окуялар алар каршысында көпкө туруугa, аларды үйрөнүүгө, алардан ибраттанууга арзыган окуялар. Муну менен мусулман ишин билип кылсын, душмандын тузагына илинип калып, өкүнүч пайда бербеген жайда бушайман болуп калбасын.

Эң биринчи ибрат ушул, кандай гана абалда болбосун чет элдик капыр менен кызматташтык кылбоо, аларга ишенбөө керек. Анткени, капырлар мусулмандарга жакшылык каалашпайт. Алар шайтандын жолунда согушушат. Ислам үммөтүнө каршы айла-амал иштетип, тузакка илинтүү үчүн учур күтүшөт. Жада калса, Америка менен союздаш болгондор да пайда көрүшпөдү. Ролдорун аткарып бүткөндөн кийин, Америка аларды түкүрүп таштады.

Америкага ишенүү шайтанга ишенүү дегени. Ага таянуу Ислам үммөтүн бар-жогу менен ич-ичинен жаман көрүп, тиш-тырмагы менен ага каршы күрөшө турган душманга таянууга барабар. Жада калса, Талибанга кыянаттык кылып, Американын Афганистанга киришине, Талибанды жексен кылышына мүмкүнчүлүк жаратып берген Пакистандын өзү да ушул шерменделүү кыянаты акысына Америкадан эч кандай пайда көргөн жок. Себеби, Америка Пакистандын эң чоң душманы Индия менен союз түзүп, Кашмирден баш тартышы жана мужахиддерди басышы үчүн Первез Мушаррафга басым өткөрдү.

Экинчи ибраттана турган сабак Американын малайларына да ишенбөө. Пакистан өкмөтү оболу Талибанды тикелөө үчүн талпынып жүгүргөн болсо, Америка кызыкчылыгынын талаптары өзгөргөндөн кийин, Талибанды ыргытып таштап, ага кысым өткөрүү тарабына өттү.

Үчүнчү ибраттана турган сабак саясий аң-сезим сабагы. Момун адам зирек, көрөгөч болушу, уйку басып душман тузагына илинип калбашы керек. Талибан жакшылыкка буюруп, жамандыктан кайтаруу жаатында Америка кучагындагы Пакистан акими менен алака байлап, өзүн жакшы иш кылып жатам деп эсептеди.

Акыркы ибраттана турган сабак ушул, Ислам келишүү деген нерсени кабыл албайт. Талибан бийликке жетишкенден кийин, Халифалыкты жарыялап, Американын Пакистандагы малайлары менен алаканы үзүшү, алардан жардам алууну токтотушу, шарият өкүмдөрүн талап кылынган даражада колдонуу үчүн бирөөнүн көмөгүнөн

пайдаланбашы керек эле. Бирок, алар мунун ордуна бир тараптан Исламга, экинчи тараптан болсо Халифалыкка каршы тиш-тырмагы менен күрөшүп жаткан Америка колундагы Пакистанга байланган амирликти жарыя кылышты.

Эмнеси болсо да мүмкүнчүлүк бар. Болгондо да алыс эмес, жакын. Бул үчүн Пакистан Америка таасиринин кулдугунан азат болуп, бир калыс бийликти, Ислам бийлигин - Алланын шариятын колдоно турган, Алланын жолунда жихад кыла турган, жер жүзүндөгү бардык мужахиддер менен Афганистандан Америка таасирин сууруп алууга карай алдыга бара турган Халифалык бийлигин тикелесе болду. Мына ошондо Ислам байрагы, **«Алладан башка кудай жок, Мухаммад анын пайгамбары»** байрагы жогору көтөрүлөт. Бул иш алгач оор туюлса да, Алла жетиштирген адам үчүн жеңил.

وَمَا ذَٰلِكَ عَلَى ٱللَّهِ بِعَزِيزٍ ﴿٢٠﴾

- «*Бул (иш) Алла үчүн кыйын эмес».* [14:20]

## -5-

## КИПР

Кипр Ислам диярларынын эң этибардуусу жана эң кооздорунун бири. Ал маанилүү стратегиялык орунга ээ. Кипр Жер ортолук деңизинин чыгышында жайгашкан. Ошондуктан, чоң мамлекеттер аны ээлеп алуу үчүн тынымсыз катуу урунуп келишет.

Бул жерди Ислам Халифа Усман ибн Аффан ﷺ доорунда фатх кылган. Халифа ошол кездеги Шамдын акими Муавиядан аны фатх кылууну талап кылган. Ошол күндөн т.а. миладийдин 649-жылынан баштап XIX кылымдын аырына чейин ал жерде мусулмандар өкүмдарлык кылышкан. Акыркы доорлордо Кипр Византия жана кресттүүлөр тарабынан айрым чабуулдарга дуушар болду. Бирок, мусулмандар душмандарды кууп, кайрадан Ислам бийлигин кең жайышты.

Ушуга ылайык, Кипр Ислам дияры, Ислам аралы. Ал жерде калган гректер ж.б. капырлардын өкүмү зиммийлик. Өкүмдар болууга алардын акысы жок. Алар башка Ислам диярларындагы зиммийлерден айырмаланбайт.

XIX кылымда Россиянын кубаты өсүп, Усманий мамлекетке коркунуч туудура баштады. Ага эң алдыңкы мамлекет Британия да кооп салчу. Британия өзүнүн Сувайш аркылуу Индияга алып баруучу ашуудан өтө турган эң керектүү жолунан кабатырланчу. Ал эгер Россия чыгыштагы Жер ортолук деңизинин боорунда жайгашкан Кипрге жетсе, Сувайш дарыясы коркунуч астында калышын жакшы билген. Ошол кезде ал Индия үчүн күрөшкөн Франция менен болгон жети жылдык (1756-1763-м) согуштан эми гана чыккан болчу. Бул согуш Франция таасиринин Индиядан бүтүндөй чыгышы, ошону менен Индия Британиянын мүлкүнө айланышы менен аяктады. Британия аралдарынан ашуу жана дарыя аркылуу Индияга алып бара турган деңиз жолунун туруктуу коопсуздугу Британия үчүн абдан маанилүү эле. Ошондуктан, Британия Кипр аралына сөзү өтө турган Усманий мамлекетке карата өзүнүн саясий айлакерлигин ишке салды. Максаты аралга кирип алуу болчу. Бул бир тараптан болсо, экинчи тараптан ошол мезгилдеги Усманий мамлекет Россия күчтөрүнүн өсүп бара жатканын түшүнүп, алардын Кипрге кирип барышынан тынчсызданды. Британия кадам коюу үчүн Кипрден бир жай – кубат борборун ойлогон болсо, Усманий мамлекет Кипрдеги бийлигин коргой албай калышын ойлогон. Британия үстүртөн караганда англичандардын убактылуу Кипрде турушу менен аны Россия баскынчылыгынан коргой тургандай көрүнгөн келишимди түзүү үчүн халифа Абдулхамидди көндүрүүгө, туурарагы, алдоого жетишти. Халифанын эсеби боюнча бул иш кийинчереек англичандардын чыгып кетишине алып барса, Британиянын эсебинде аралды бүтүндөй басып алуу үчүн шарт даярдоо болгон. Ошентип, 1876-жылы Усманий мамлекет менен Британия ортосунда төмөндөгүдөй келишим түзүлдү:

1. Усманий Халифалыктын аскерий жана саясий жетекчилигин өз абалында калтыруу;
2. Англичандар жылына 96 миң алтын тыйын өлчөмүндө акы төлөйт;
3. Англичандар аралда турушкан кездеринде Усманий аскерийлердин бийлиги астында болушат;
4. Россия коркунучу жоголгондон кийин англичандар чыгып кетишет. Ошондо, Англия Россиянын Дарданеллге чабуул кылышы, Жер ортолук деңизине, андан кийин Кипрге кирип келиши жөнүндө өзүндө анык маалыматтар бар экендигине ишендирген.

Саясий чеберчилиги менен белгилүү болгон султан Абдулхамид мамлекетинин орустар алдындагы күчсүздүгүн Англияны Россия менен уруштуруу аркылуу чечмекчи болду. Ошону менен Кипрден орустар коркунучу жоголуп, арал сакталып калат, англичандар болсо чыгып кетишет деп ойлоду. Алла рахмат кылгыр, англичандардын куулугун, митайымдыгын биле туруп, маселенин бул тарабын эсепке албаган эле. Анын пикиринче, англичандар келишим менен болобу, келишимсиз болобу, Кипрде орношуу планын түзүшүп жаткан болчу. Ушуга ылайык, эл аралык абалдын өзгөрүшүн, жок дегенде англичандарды чыгарып жиберүүнү кепилдеп, оор шарттар менен бүтүм түзүүнү макул көрдү. Бирок, иштер султан Абдулхамид каалагандай жүрбөдү. Алла жана Расулунун душмандары 1908-жылы аны

бийликтен четтеттирди. Андан кийин «Биримдик жана өнүгүү» жамааты келип, мамлекеттин аброюн сактап кала албады. Аларда Алла рахмат кылгыр халифа Абдулхамид планы боюнча иш жасоого кайрат жетишпеди. Кийин, 1914-жылы Биринчи дүйнөлүк согуш башталып кетти. Мына ошондо Британия «Усманийлер мамлекети Британияга каршы Германия менен союз түздү» деген нерсени шылтоолоп, келишимди бекер кылды жана Кипрди өзүнө кошуп алды. 1914-жылы 5-ноябрда кошуп алганын расмий түрдө жарыялады.

Мустафа Кемел англичандардын жардамында халифага каршы козголоң көтөрүп, Анкарада халифа бийлигинин тушунда дагы бир бийликти түздү. Келишим шарттары боюнча англичандар менен сүйлөшүүлөр алып баруу үчүн өкүлдөр жиберди. Өкүлдөргө өзү сыяктуу англичандардын малайы болгон Исмат Инину башчылык кылды. Ошол эле учурда, 1923-жылы июлда Мустафа Кемел өкүлдөрүнө англичандар менен боло турган бир келишимге кол коюну буюрду. Ошол келишимге ылайык, Анкара өкмөтү англичандардын Кипрге бүтүндөй өкүмдар экендигин, анын Британияга кошулганын жана англис жерлери деп этибар кылынышын тан алды. Көрүнүп тургандай, бул иш саткын Мустафа Кемелдин англичандарга кылып берген кызматтарынын бир тамчысы болду. Анын негизги кызматы англичандарга берилгендиги, Аллага, Расулуна жана момундарга болсо душмандыгынын далалаты катары Халифалыкты жексен кылып бериши болду. Мустафа Кемел түзгөн келишим документтеринде келишинче, Кипрдеги мусулмандар же Түркиянын, же англичандардын жарандыгын кабыл алышы керек эле. Түркия жарандыгын тандаган адам аралдан чыгып кетиши керек. Келишимдин 21-беренесинде минтип айтылат: «Кипр түрктөрүнүн Британия жарандыгын алууга укугу бар, бирок, бул үчүн келишимге кол коюлган күндөн баштап эки жыл ичинде алар Түркия жарандыгынан баш тартуулары керек. Түркия жарандыгын алмакчы болгондор болсо, ушул укуктан пайдаланышканынан баштап 12 ай ичинде аралдан чыгып кетүүлөрү керек».

1925-жылы мартта Кипрге англичан аким дайындалып, ал Британия королдугуна көз каранды колония деп жарыя кылынды. Кипрдин Британия королдугуна көз карандылыгы 1959-жылга т.а. расмий түрдө эгемендүү өлкө деп жарыя кылынганга чейин улантылды.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин англичандардын Кипрдеги абалы туруксуз болуп калды. Буга себеп, алар согуш алып келген кесепеттер себептүү андан ички күчсүздүк менен чыгышты. Кала берсе, эл аралык майданда аброю түшүп кетти. О.э. Америка эл аралык майданда эң алдыңкы мамлекетке айланып, Батыш мамлекеттеринин, ошону менен бирге, Британия жана Франциянын колонияларын көзөмөлдөөгө умтулду. Кипрди да көз астына алып койгон болчу. Ошентип, Кипрде амалдагы абал калкый баштады. Америка Кипрдин Азия, Европа жана Жакынкы чыгыш үчүн канчалык мааниге экенин түшүнүп, ал жердеги англичандын таасирин жоготмокчу болду. Батыш мамлекеттери, ошону менен бирге, Франция жана Британия өз колонияларындагы таасирлерин жоготуулары үчүн Америка өзү ойлоп тапкан «колонияларды тазалоо» наамы астында иш алып барды. Бул жолго алгачкы кадамды мына ушундай көрүнүштө таштады. Башкы грек чиркөөсү Американын жардамында Кипр калкына анкета таркатты. Анын мааниси Британия колонизаторлугунан чыгып, Грецияга кошулуу болгон. Бул анкета 1950-жылы 15-январда 96% добуш алды. Ошондон баштап Греция Кипрди талап кыла баштады.

Италия Экинчи дүйнөлүк согуштан жеңилип чыкты жана Парижде түзүлгөн тынчтык келишиминин артынан эле, 1911-1912-жылдары басып алган Эгей деңизиндеги он эки аралды Грецияга тапшырды. Бул нерсе Грецияны Американын колдоосу астында Кипрди көздөөгө үндөдү. 1952-1954-жылдарда Америка тилине кирип, Англиянын Кипрден чыгып кетишин Бириккен улуттар уюмунан (БУУ) расмий түрдө талап кылды. 1954-жылы 16-августт болсо Кипр калкына өз тагдырын өзү белгилөө укугу берилишин талап кылып, БУУга Англия үстүнөн арызданды. Бирок, эл аралык майданда өзүнө жараша салмакка ээ болгон Британия бул аракеттерди жокко чыгарды. Өзүнүн тарапкери Түркияны Греция талабына каршы чыгууга тукурду. Кипрдин Грецияга кошуп алынышынан тынчсызданып, Түркиядагы элдик пикирди аракетке келтирди. Түрк калкы Кипрдин Грецияга кошулушун четке какчу.

Америка Англияга кысым өткөрөсүң деп Грецияны сайгылай берди. 1955-жылы ал православ гректерди (Кипр калкынын фанат христиандарын) провокация жолу менен Англияга каршы койду. Негизи, гректер «Анусис идеологиясы»на этикат кылышчу. Анын мааниси Кипр менен Грецияны бириктирүү же аралды Грецияга бүтүндөй кошуп жиберүү эле. Англичандар бул идеяга каршы чыгышты. Америка мындай абалдан пайдаланып, аралдагы малайларынын колу менен туруксуздукту жүзөгө келтирүү аркылуу англичандарды кууп чыкмакчы болду. Ал туруксуздуктарга жардыруу операцияларын да кошту. Маселен, 1955-жылдын баштарындагы окуялардын акыбетинде жүздөгөн англичандар өлтүрүлдү.

Ошондон кийин, Англия 1955-жылы 29-августта Кипрдеги абалды үйрөнүү үчүн Лондондо кеңеш чакырды. Кипр маселесинде Греция жанына Түркияны да киргизүү ммкүнчүлүгү туулду. Ал эки мамлекеттин Кипрге карата көз-караштары ар түрдүү болгондуктан кеңеш ийгиликсиз аякташын билчү. Ошентип, кеңештен эч кандай натыйжа чыкпады. Бирок, ушул Лондон кеңешинин тарыхий мааниси мындай, ал Түркияны биринчи жолу расмий түрдө проблемадагы саясий жактын бир тарабы катары кабыл алды.

Кипрдеги тартипсиздиктер улана берди. Аларды Греция жана аралдагы куйруктары аркылуу Америка козгоп турду. Максат, англис таасирин андан чыгарып таштоо, анын ордуна же түздөн-түз, же кыйыр түрдө т.а. Американын тарапкери Грецияга аны кошуу аркылуу Америка таасирин киргизүү болгон. Мунун үстүнө Британия аралда болжол менен 256км$^2$ жер аянтына эки чоң аскерий база курду. Алар толук Британия башкаруусунда эле. Бул нерсе күрөштү андан да кескиндештирип жиберди.

Америка этибарын бул эки базаны да, англичан таасирин да бүтүндөй чыгарып жиберүүгө каратты. Анткени, ал өзү жөнүндө «Экинчи дүйнөлүк согушта Европаны мен куткардым, ошондой болгон соң, анын колонияларына мен ээлик кылышым керек» деп ойлочу. Ошентип, Америка менен Британия ортосунда Кипр үстүндө, айтып өткөнүбүздөй, кескин күрөш башталды. 1958-жылы ал алоолонуп кетти. Анткени, Америка гректерди козгоо, аларды аралды Грецияга кошуу талабы менен чыгууга үндөө аркылуу Кипрде англичандарга каршы козголоңун алоолонтту. Натыйжада, алар англичандарды аралдан чыгарып жиберүү үчүн согушту. Аралдагы иштер тизгинин бекем кармап алган Британия жөн турбай, өзүнүн малайы митрополит Макариусту козголоңго жетекчи болуп алып, аралды Грецияга кошууну эмес, эгемендүүлүктү талап кылып чыгууга үндөдү. Британиялыктар Макариустун атагын көтөрүү үчүн аны Индия океанындагы Сейшел аралына сүргүн кылышты. Кайтып келгенден кийин, Кипрге жетекчи болуп, анын Грецияга кошулуу пикирин жокко чыгарып, эгемендүүлүктү талап кылып чыгыш керек эле. Экинчи тараптан Британия түрктөрдү аралдын Грецияга кошулушуна каршы чыгууга үндөдү. Ошону менен Британия Американын планын жокко чыгарууга жана өзүнүн Кипрдеги вужудун сактап калууга жетишти. Кипр аралына эгемендүүлүктү берүү жаатындагы оюнун аягына чейин ойногондуктан, 1959-жылы 5-11-ноябрда болуп өткөн Цюрих сүйлөшүүлөрүнөн кийин эле Кипр мамлекетке айланды. Көз карандысыздык «Цюрих келишими»не кол коюлушу менен ишке ашты. Бул келишим 27 беренеден туруп, Кипрдеги түрктөргө да, гректерге да арал тагдырына тиешелүү маанилүү маселелерде вето укугун берди.

1960-жылы 20-январда Британия өз өкүмдарлыгын ашырып, Кипрди Британия шериктештигине мүчө кылды.

Бирок, Америка дустурдагы «арал тагдырын чечүүгө тиешелүү иштердеги тартышууларда ар эки тарапка тең вето укугу берилет» деген беренесинен пайдаланып, ал жердеги бийликтин активдешүүсүнө тоскоолдук көрсөтүүгө урунду. Бул үчүн түрктөрдү ишке салууга аракет кылды. Алар ортосунда «Греция Кипрди өзүнө кошуп алмакчы болуп жатат» деген провокация таратты. Мындай иште Америкага эки фактор жардам берди. Бири Түркиядагы жалпы пикир, ошону менен бирге, кипрдик түрктөр да Грециянын Кипрге өкүмдарлык кылышына абдан катуу каршылык көрсөтүшчү. Экинчиси, 1960-жылы ыңкылап кезинде келип калган акимдер – ыңкылап жетекчиси Исмат Инину англичандардын кыл

өтпөс эски досторунан болушуна карабастан – Американын бетине катуу сөз кайтарууга батына алышпады. Анткени, алардын айрымдары Американын ырайымы менен ыңкылаптан орун алышкан. Ушул эки фактордун жардамында Америка түрктөрдү дустурдагы жогоруда айтылып өткөн беренеден пайдаланып, Макариустун аралда кипрдик түрктөрдүн макулдугусуз иш жүргүзүшүнө каршылык билдирүүгө тукурду. Бул нерсе Британияны тынчсыздандырып койду. Буга каршы ал өзүнүн малайы, өлкө президенти Макариуска дустурду бекер кылып, «көпчүлүк добуш менен» өкүмүнө кайтууну буюрду. Натыйжада, түрктөр Макариуска каршы козголуп калышты. Америка тополоңдон пайдаланып, проблеманы БУУга ашырды. Максат, Британия базаларын аралдан жок кылуу эле. Бирок, Британия БУУга мүчө болгон мамлекеттерге басым өткөрүп, аралга жөнөтүлгөн БУУ күчтөрүн өзүнүн тарапкери Кендиянын күчтөрү жана өзүнө берилген жергиликтүү күчтөр менен курчап алды. Ошону менен Американын БУУну ишке салып туруп, аралдан Британия аскерий базаларын жоготуу жаатындагы бул жолку планы да жокко чыкты. Бул сапар арал Коопсуздук кеңешинин наамы менен иш жүзүндө Британия колунда калды.

Америка менен Британия ортосунда арал үстүндөгү күрөш улана берди. Бири Британия таасирин жоготуп, Британия базаларын жок кылмакчы болсо, экинчиси өз таасирин жана базаларын сактап калууга аракет кылды.

Кийин Америка башка бир ыкманы тажрыйбадан өткөрдү. Ал өзүнүн Түркия жана Грецияга карата түздөн-түз таасирин ишке салды. Ар эки мамлекет менен алака байлап, аларга мүмкүн болушунча басым өткөрүп, арал үчүн үч чечимди сунуш кылды, үчөөсү тең Британиянын аскерий вужудун аралдан чыгарууга каратылган. Алар төмөнкүлөр:

1. Гректер көпчүлүктү түзөт деген документ менен аралды Грецияга кошуу жана Греция Түркияга Кипрдин ордуна Жер ортолук деңизиндеги өзүнүн аралдарынын бирин берүүсү;
2. Кипр мамлекети бекер кылынып, аралды иш жүзүндө Түркия менен Грецияга бөлүп берүү;
3. Аралдагы эки мамлекетти бир союзга бириктирүү.

Пикирлеп көргөндө, үч чечим тең Британия базаларын аралдан жок кылууга каратылгандыгы айкын болот.

Бирок, Британия үч чечимди тең жокко чыгарды. Анткени, анын ошол кездеги Түркия жана Грециядагы таасири Американын таасиринен калышпас эле. Америка да жөн турбастан, жаңы чечимди сунуш кылды. Бул чечим Кипрдин эгемендүүлүгүн Россия, Америка, Британия жана Франция сыяктуу чоң мамлекеттер кепилдешин талап кылды. Мунун мааниси мындай, жалгыз Россия гана аралда Британия базаларынын тургандыгы үчүн Кипрдин эгемендүүлүгүн кепилдөөгө ыраазы болбойт. Бул нерсе базаларды жок кылууга алып барат.

Британия Түркия жана Грецияда жүргүзгөн саясатында анча эле тер төгүп, аларды чоң мамлекеттердин кепилдөө пикирин четке кагууларына көндүрдү жана ушуну менен мындай чечимди да жокко чыгарды. Макариус бийлиги астында кипрдик түрктөр менен гректер ортосунда тынымсыз кагылышуулар, кескин абалдар токтободу. Британия бул туруксуздуктан пайдаланып, өзүнө тиешелүү өзгөчө жол менен аскерий барлыгын күчөтүп алууга аракет кылды. Ал өзүнүн таасири жана күчү бар кезинде, ийгиликтүү чыгабы же ийгиликтүү чыкпайбы мунун айырмасы жок, бирер-бир комиссия түзчү же кеңеш чакырчу. Ошентип, изденүүлөр жана сүйлөшүүлөр менен аралды өз пайдасына убара кылып турчу. 1955-жылдагы Лондон кеңеши, 1964-жылы 15-январда чакырылган кеңеш ошолордон. Экөөсү тең эч кандай натыйжа бербеди, аралдагы кескин абалдар улана берди.

Бул учурда Кипрде болуп жаткан окуялар агымына таасир көрсөтүүчү иштер жүзөгө келди. 1973-жылы Түркияда парламенттик шайлоолор өткөрүлүп, англичандардын малайы Бюленд Эжевид башчылыгындагы «Республикалык элдик кыймыл» менен «Улуттук мыйзам партиясы»нын уландысы болгон Нажмиддин Эрбакан башчылыгындагы англичан саясатына иштеген «Улуттук коопсуздук партиясы» ортосунда союзга негиз салынды. Эрбакандын Европадагы кезинде эле Британия тышкы иштер министри жалпы межлисте

Түркияда Исламий партиянын болушу зарылдыгы жөнүндө ачык айткан. Эрбакан Түркияга англичандардын атайын самолётунда кайткан болчу. Бул союздун англичан башкаруусу астында болгону анык. 1974-жылдагы кипрдиктер маселесинде бурулуш чекит жасаган аракеттин автору да ал. Бул аракет Түркия үчүн кайра туулгандай сөз. Бул анын өлкө тарыхындагы биринчи аскерий аракети. Ал төмөнкү көрүнүштө ишке ашкан:

1973-жылы Рауф Денгташ Кипр президентинин түркий бөлүгүндөгү орун басары болсо, башка тараптан Макариус Америкадан алып келинип, бир жолу өлкө президенттигине шайланды. 1974-жылы январда Түркияда «Руспубликалык элдик партиясы» менен «Улуттук мыйзам партиясы» союзу бийликти расмий түрдө ээледи.

1974-жылы 5-июлда Америка Кипрде аскерий козголоң чыгарып, Макариусту өлтүрдү. Максат, кескиндиктерди жоготуу, өкмөткө аралдын бардык жерлери үстүнөн толук башкарууну берүү жана туруктуулукка жетишүү аркылуу Британия базаларын жок кылууга шарт даярдоо болгон. Британия буга каршы Түркия аскерлерин аралга алып кирди. Америка аны кайтарууга күчү жетпеди. Анткени, ошол кездеги т.а. Никсон доорундагы америкача башкаруу шерменде абалда эле. Түркия аскерлеринин аралашуусу козголоңчулардын Британия базаларын жок кыла ала турган бириккен туруктуу мамлекетти тикелешине жол койбоду.

Бул ишке дагы бир тараптан жардам келди. Ал да болсо жалпы дүйнөлүк массанын пикири Америка тарабынан колдоо көрсөтүлүп жаткан ыңкылапка каршы козголуу жана абалды туруктуштырмакчы болуп жаткан ыңкылапчылардын ийгиликсиздикке учурашы. Натыйжада, бул шерменде ыңкылап бүткүл дүйнө тарабынан четке кагылып, Россия да ыңкылапга каршы чыгып, аны өзүнүн коопсуздугу үчүн коркунуч деп этибар кылды. Ошол эле учурда, түрктөрдүн түндүккө чабуулун да айыптады. Натыйжада, ыңкылапчылар бүткүл арал ал жакта турсун, борбордо да бийлик орното алышпады.

Америка Британиянын аралдагы аскерий базаларын НАТОго моюн сунуучу базаларга айландырып, НАТОго өкүмдарлыгы артынан ага да өкүмдарлык кылмакчы болду. Британия болсо Кипрдеги өзүнүн эң маанилүү базаларын жалгыз өзү коргоо үчүн бар күчү менен тырышты.

Ошентип, Кипр аралы узак убакыт Америка менен Британия ортосундагы кескин эл аралык күрөш регионуна айланды. Күрөш Британиянын Кипрдеги аскерий базалары үстүнөн болду. Арийне, Кипрдеги проблема колонияны тазалоо же түрк жана грек тайпаларынын проблемасы эмес, көбүрөөк аскерий базалар проблемасы болуп калды.

Түрк аскерлеринин аралга кириши аны кипрдик гректер жана түрктөр ортосунда бөлүштүрүүнү ыйыкташтырып жиберди. Анткени, түрктөр аралдын түндүк бөлүгүн ээлеп алып, аралдагы гректерге караганда түрктөрдүн саны ашышы үчүн Түркия жарандарынын киришине да мүмкүнчүлүк беришти. Ошону менен эки тайпа ортосундагы бөлүнүү дагы да анык болуп калды. Бул нерсе, аралдагы абалдын туруктуулукка карай өзгөрбөшүнө о.э. Британия аскерий базаларынын аралда каалаганча орношуп алышына алып барышы табигый.

Түркия аскерлери киргенден кийин, мейли, учурдагы абал түндүктө бир мамлекет барлыгын көрсөтүп жаткан болсо да, бирок, али ал расмий түрдө жарыя кылынбаган болчу. 1983-жылы 15-ноябрь айына келип, аралдын түркий бөлүгүнүн акими Рауф Денгташ Түркиядагы аскерий өкмөт аркылуу англичандар жардамында Түндүк Кипр мамлекетин түзүүнү жарыя кылды. Бул иш төмөндөгүчө болгон:

Грециядагы 1981-жылдагы октябрь шайлоолорунда Американын малайы Андреас Папандреу акимдикке шайланып, дароо 1982-жылы февралда Кипрге барды. Ал бир интервьюсунда бардык каарын Англияга төгүүшүн айткан. Грециянын демөөрчү мамлекет катары аракет кылышын, Түркия жана кипрдик түрктөргө каршы «кресттүүлөр жүрүшүн» башташын о.э. бул маселени БУУга ашыруу керектигин, анткени, ал эл аралык маселе экенин да баян кылды. Жөнөкөй сөз менен айтканда, ал өзүн Америка саясатынын үнү катары көрсөттү. Ошондон кийин, БУУ баскынчы атын алган Түркия кошууну Кипрден дароо чыгып кетиши жөнүндө токтом кабыл алды. Кипр мамлекетинин федерал кеңеши

(грек бөлүгү) 1982-жылы 17-июнда Кипр калкынын тагдырын белгилөө укугу жөнүндө токтом кабыл алды. Мунун каршысында 1983-жылы 15-ноябрда киприк түрктөр түндүктө Түрк Кипр өлкөсүн түзүүнү жарыя кылышты. Ошону менен англичандар Кипрдеги таасирин коргоого жетишти. 18-ноябрда Коопсуздук кеңеши бул жарыяны БУУ мекемесине берди, туурарагы, бул жарыяны Америка колдободу. Коопсуздук кеңешинин 1984-жылы 13-майдагы 550-токтомунда «түндүктө Түрк-Кипр өлкөсүн жарыя кылуу аралды майдалап таштоо жана эл аралык кабыл алынбай турган иш» деп сүрөттөдү.

Башка тараптан Түркиядагы тартипсиздиктер кызуу улана берди. Тартышуулар Американын малайы Өзал 1983-жылы премьер-министр, 1989-жылы мамлекет президенти болгонго чейин токтободу. Ошону менен Түркияда «Өзал доору» башталды.

Түндүк түрк Кипр өлкөсү түзүлгөндөн кийин жана Америка малайы Өзалдын 1983-жылдан 1993-жылга чейин уланган акимдик доорунда Кипр проблемасына багышталган эл аралык жыйындар жана талкуулар жаңыдан башталды. Бирок, алар 1980-жылдан мурункуларына караганда жеңилирээк көрүнүштө болду. Нью-Йоркто 1985-жылы 17-январда о.э. 1986-жылы 29-мартта БУУнун башкы катчысы тарабынан даярдалган Кипр союзу планы эч кандай натыйжа бербеди.

Советтер союзу талкаланып, Америка назарын Ислам жерлерине карай бурганда, Кипр маселеси кайра көтөрүлдү. Американын Кипр жаатындагы саясаты суук согуштан кийин мурункуга караганда бир аз өзгөрдү, туурарагы, саясаттын өзү эмес, ыкмасы өзгөрдү. Анткени, Америка саясатынын негизи ар дайым англичандарды Кипрден бүтүндөй кууп чыгаруудан турат.

1990-жылы Нью-Йорк чокуга чыгып, Коопсуздук кеңеши 649-номерлүү токтомду кабыл алды. БУУ ушул токтом аркылуу Кипрдеги ар эки тарапты кабыл алуу мүмкүн болгон чечимди табууга чакырды. Бул чечим «Эки коом», «Эки бөлүк» маанилеринде болушу жана ар эки тараптын президенттери түздөн-түз, бетме-бет учрашууларын шарт кылды. Бул токтомдогу маанилүү чекит анын 1974-жылдагы эмес, 60-жылдардагы окуяларга негизделиши.

Тургут Өзал 1991-жылы болуп өткөн Кипр маселесинин Түркия менен Греция ортосунда, түрк-Кипр өлкөсү менен киприк гректер ортосунда болушу керектигин баса белгилеген Төрттүк жогорку кеңешинин пикирине этибарын каратты. 1991-жылы 28-июнда БУУнун башкы катчысы Перес де Куэльяр Коопсуздук кеңешине берген отчётунда Төрттүк жогорку кеңешинин пикирин кабыл алганын билдирди. Төрттүктөн максат Англияны четтетүү болчу. Бирок, Өзал буга жетишпеди, анткени, ал аз гана убактан кийин өлдү же өлтүрүлдү.

1991-жылы 11-октябрда БУУдагы Коопсуздук кеңеши 716-немерлүү токтомду кабыл алды. Ал башкы катчы Перес де Куэльяр даярдаган Кипр маселесине тиешелүү отчётту колдоду. 28-июнда Коопсуздук кеңешине берилген отчёт Өзал сунуштаган Төрттүк жогорку кеңешинин пикирин да өз ичине алды. 1992-жылы Коопсуздук кеңеши тарабынан тараптарга алар үчүн бардык тараптан ар түрдүү чечимдерди ичине алган 100 беренеден турган «БУУ пикирлер түрмөгү» сунушталды. Түрк тарабы түрмөктөгү бир да беренени кабыл албады. Грек тарабынын президенти Америка малайы Василиус болсо анын баарын кабыл алды. Ушул мезгилде Василиус иштен алынып, анын ордуна отурган англичан малайы Клиридис бардык беренелерди четке какты.

Кийин Европа союзу кирип келди. 1992-жылы 7-февралда Голландияда жайгашкан Маастрихт саясий келишимине кол коюлду. Грек тарабындагы Кипрдин Кипрге орун басар катары союзга кошулуу талабы жөнүндөгү көз карашка ыраазы болуп, күрөш майданына кирип келди. Ал ошол жылы бардык керек болгон шарттарды көтөрүшүн ачык айтты. Клиридис өлкөгө президент болуп шайлангандан кийин, Британия Греция жана Кипрди эки мамлекет деп этибар кылып, ушуга ылайык мурунку экилик союзду пайда кылуу жана ошону менен аларды бир мамлекет деп билүү т.а. Кипрди Грецияга кошуу жаатындагы америкача пикирди жерге урууну ойлоп калды. Ошондуктан, «БУУ пикирлери түрмөгүн» четке кагуу жана дароо Европа союзуна мүчө болуу шарты менен Греция жана Кипрдин грек бөлүгү ортосунда ортоктош коргонуу пикири жүзөгө келди. Куралдануу аракети

көбөйдү. Булардын баары Кипрдеги абалды сактап калуу жана Америка пландарын жок кылуу эле. Анткени, «Пикирлер түрмөгү» Америка тартуулаган сунуштун өзү. Англия Кипрди Европа союзуна мүчө болууга үндөчү. Себеби, ал Европа союзуна мүчө болсо, Кипр маселеси таптакыр эл аралык маселе болбостон, Европа союзунун жеке маселесине айланат. Мына ошондо Америка аралаша албай калат.

Куралдануу жаатында 1997-жылдагы «С-300» ракеталары проблемасы маанилүү жаңылык болду. Англия Россияда иштелип чыккан «С-300» ракеталарын Греция менен Кипрдин грек бөлүгү (православ гректери) ортосундагы ортоктош коргонуу саясатынын бир бөлүгү катары, грек кошууну аркылуу Грециянын Кипрге жакын Крит аралына жайгаштырды. Мындан максат аралдагы кипрдик гректер менен түрктөр ортосунда ракеталар кипрдик гректерди колдойт деген этибар менен абалды кескиндештирүү болчу. Ошондуктан, Кипрдеги чегара региондундагы абалга демонстрациялар, тартышуулар өкүмдарлык кылчу. Ушуга ылайык «С-300» ракеталарын алып келүүдөн максат эки тайпа ортосундагы позицияны эч качан сүйлөшүүгө алып барбай турган даражада кескиндештирип, Американын БУУ аркылуу сунуштаган тынчтык чечимдерин жок кылуу эле. Ушуга ылайык, Америка мындай маселеге этибарын каратып, аны кооптуу деп эсептеп, ракеталарды иштеп чыккан Россия менен олуттуу аракеттер жасады. Ракеталардын алынып чыгышын талап кыласың деп Грецияга күчтүү басым өткөрдү жана бул жаатта ийгиликке жетип, ракеталар проблемасы аягына чыкты.

Ошол эле учурда, Европа союзунун саясатында салыштырмалуу өзгөрүү жүз берди. 1997-жылы январда Европа союзу Кипрдин толук мүчө болушу саясий чечимге байланыштуу, түрк тарабы да Европа союзунун сунуштарында катышуусу керек т.а. мурун айтып өтүлгөндөй, грек-Кипр тарабынын өзүнө арал ээси катары каралбайт деп билдирүү берди. Греция буга каршы өзүнүн Европа союзуна мүчө экенине шилтеме жасап, вето укугунан пайдаланышын билдирди. Европа союзу саясатындагы өзгөрүүнүн себеби Американын ага көрсөтүп жаткан басымы болчу. Анткени, Америка грек-Кипрдин Европа союзуна мүчө болушу англичандарды ал жерден кууп чыгарууга жетишпейт деп билчү. Ал бул тарыхта негизги этибарын англичандардын Кипрден чыгарылып, базаларын ал жерден чыгарып жиберүүгө караткан эле. О.э. Америка Англияны эки тараптуу оюн ойноп жатат деп билип, БУУ тарабынан Америка талаптарына ылайык бир чечим болушу шарт деп ойлочу. 1999-жылы декабрда Түркия Хельсинки жогорку жыйынында болуп өткөн Европа союзуна мүчөлүккө шайлануучу мамлекеттердин тизмесине кабыл алынды. Америка да, Британия да буга каршылык билдирбеди. Ар бири тең өздөрүнүн кызыкчылыгынан келип чыгып аны кабыл алышып, колдошту. Ошондуктан, Түркия убада кылынган мүчөлүк тизмесине кабыл алынгандан кийин, Клинтон ага куттуктоо катын жиберди. Катта мындай делген: «...Кипр жаатында сүйлөшүүлөр алып барууга жардам берүүдө өкмөтүңүздүн анык бир ролу бар эле». Жогорку жыйында союз Кипр жаатында саясий чечим табуу керектигин баса белгиледи. Башкачараак айтканда, Европа союзу бөлүнүү жана проблемалардан кыйналып жаткан Кипрди өзүнө кошмокчу эмес эле. Анткени, бул иш ага кыйынчылыктар туудурмак. Америка менен Англия ортосундагы Кипр үстүндө болуп жаткан чыр-чатактар жана алардан туулуп жаткан кыйынчылык жана проблемалар Европа союзунун кызыкчылыктарына туура келбечү. Хельсинки жогорку жыйыны тең салмактуу саясат ийгилиги болду. Ал бир тараптан Түркияга: «Кипр проблемасын чечип, Европа союзуна кир» десе, экинчи тараптан «Эгер, керек болсо, Кипр ошол боюнча да кала берет», дейт эле. Анткени, Кипр маанилүү стратегиялык позицияга ээ, Европа союзу болсо эл аралык басымдан кыйналып жаткан болчу. Мунун үстүнө Кипрге муктаждыгы жок болушунун ыктымалы узак эле.

2003-жылы ноябрда Европа союзу Түркиянын Европа союзуна мүчө болушуна таандык болгон катышуу документин жарыя кылды. Бул документтин «Кызуу максаттар» бөлүгүндө Кипр маселесине токтолуп, «Түркиянын Европа союзуна мүчө болушу түздөн-түз Кипр маселесине байланыштуу» деп айтылган. Ошондон кийин Денгташ БУУ башкы катчысы тарабынан болгон түздөн-түз сүйлөшүүлөрдөн башка бардык сүйлөшүүлөрдөн чыгып кетти.

2001-жылы Европа союзу комиссиясынын төрагасы Романо Проди Кипрдин ушул боюнча да т.а. маселенин чечимсиз да Европа союзуна кириши мүмкүндүгүн жарыялады. Натыйжада, Түркия Кипр үчүн ар кандай нарк же акы төлөөгө даярдыгынан баш тартты. 2001-жылы декабрда Денгташ менен Клиридис ортосунда сүйлөшүүлөр кайрадан башталды. Аларга БУУ башкы катчысы Кофи Аннан жана Кипр маселеси боюнча атайын өкүл Алваро де Сото да кошулду. 2001-жылы БУУ башкы катчысынын атайын өзү Кипрге барып сүйлөшүүлөрдө катышты. 2002-жылы күзүндө Европа Денгташтын расмий эмес пикирлерин алуу үчүн аны чакырды. Ошол мезгилде БУУнун башкы катчысы Денгташ менен Клиридисти Нью-Йоркко чакырып калды. Америка Денгташтын проблемалар туудура бериши аны алардын жолундагы тогонокко айландырып коюшун билгендиктен оорусун шылтоо кылып туруп аны Нью-Йоркто алып калды. Ошол убактарда БУУнун башкы катчысы Кофи Аннан «Аннан долбоорун» даярдады.

Түркияда болсо Үчтүк союзу өкүм сүрчү. Ал жерде таасир көбүрөөк англичан тарабында эле, бирок, Американын да кыска болсо да, колу бар болчу. Кипр сүйлөшүүлөрү чагында жана Американын БУУ аркылуу коюп жаткан ар кандай чечимин жок кылуу үчүн Денгташ проблемалар туудуруп жаткан убактарда ошондой болгон. Бул союз мүчөлөрү – англичан малайы, элдик демократиялык партиянын төрагасы Бюленд Эжевид, Америка малайы, Улуттук кыймыл партиясынын төрагасы Давлат Бахашлий жана англичан малайы, Ана ватан партиясынын төрагасы Месут Йилмаздар эле. Түркия өкмөтүндө англичандар салмагы оор болгондуктан Америка Кипр үчүн чечим сунуштоодо кыйынчылыктарга туш келчү. Ушул себептен улам, ал өкүм сүрүп жаткан союзду оодаруу үчүн о.э. «Байыркы Исламийлер» жамаатын т.а. өзүнүн тарапкери болгон «Адилет жана өнүгүү» партиясын Түркиядагы бийликке алып чыгуу максатында шарт даярдай баштады. «Байыркы Исламийлер» Абдулла Гүл жана Режеп Тойийб Эрдаган башчылыгында Америка менен кызматташтык кылышкан. Ошентип, ал бир нече кадамдар таштады. Алардын эң маанилүүсү Борбордук банктан 5 миллиард долларды кайтарып алышы болду. Бул нерсе экономикалык кризисти пайда кылды. Экономикалык кризис болсо учурдагы өкмөттүн аброюн түшүрүп жиберди. Американын тарапкери Давлат Бахашлий «Шайлоолор же 3-ноябрда болот, же биз союздан чыгабыз» деп билдирүү жасады. Ошентип, өкмөт шайлоолорду эрте өткөрүү чечимин кабыл алууга мажбур болду. 2002-жылы 3-ноябрда шайлоолор болуп өттү. Анда Режеп Тойийб Эрдаган башчылыгындагы «Адилет жана өнүгүү» партиясы чоң ийгилик менен жеңип чыкты.

Ошол сааттан баштап Түркияда толук Америка тарапкери болгон өкмөт түзүлдү. Мына ошондо БУУ башкы катчысы Түркиядагы бийликке Американы колдоп-кубаттоочулар келгенден пайдаланып, Кипрдеги тараптарга өзүнүн «Аннан долбоорун» сунуштады. Долбоор Денгташ жана Клиридиске 2002-жылы 11-ноябрда т.а. Эрдаган ийгиликке жеткенинен бир апта өтүп сунушталды.

Кипр, Европа союзуна мүчөлүк жана Американын Иракка каршы согушу маселелери көлөкөсүндө Эрдаган өкмөтү өзүнүн чет өлкөлөргө барышы о.э. алардын жетекчилерин тосуп алышы жаатында рекорд орнотуп, өзүнүн Кипр проблемасын да, Европа союзуна мүчөлүк проблемасын да бир убакытта чечишин билдирди. Денгташка басым өткөрүүнү күчөттү, бирок, аны четтеп өтүүгө күчү жетпеди. Анткени, Денгташ Кипр маселесинде терең тамыр жайган болуп, Түркия кошууну аны колдочу. Денгташ Түркиянын тышкы саясатында түптөн өзгөрүүлөр болуп жатканын, Кипр проблемасын чечүүдөгү аракеттерден максат «Аннан долбоору» экенин түшүнүп, 2003-жылы январда кескин мындай деди: «Ырас, Түркия өзүнүн улуттук негиздеринен баш тартып, «Аннан долбоорун» кандай болсо ошондой боюнча кабыл алууга даяр экен, муну ачык айтсын. Мына ошондо бул долбоорду кандай болсо ошондой боюнча кабыл ала турган менден башка бир адам капилеттен табылып калат да, кол коюп, ошону менен бул проблема аягына чыгат».

«Аннан долбоору» бир негизги документти өз ичине алып, ага дагы 5 документ тиркеме кылынган. Бул документтерге байланыштуу башка документтер да бар. Аларда негиздөө келишими, Кипр проблемасын бүтүндөй чечүү баскычынын кызматташтык уюшмалары,

ушул жааттагы эл аралык (Кипр, Түркия, Греция, Англия арасындагы) келишимдер, Коопсуздук кеңеши жана БУУ токтомуна сунуштала турган иштер, Европа союзунун Кипрди мүчө кылуу үчүн 1960-жылдагы дустур боюнча коё турган шарттарына алакадар иштер, жер, улутчулдук, мүлкчүлүккө алакадар иштер, ички коопсуздук кызматтары, кыскача айтканда, Кипрдин ички жана тышкы алакалары тартибине тиешелүү бардык иштер камтылган. Дикилия жана Экрутерийде жайгашкан эки англичан аскерий базалары жөнүндө таптакыр эч нерсе катталбаган. Бул нерсе Америка менен Англия ортосунда аларга тийишпөөгө келишим болгондугун көрсөтөт. Ушуга ылайык, айтылып өткөн базалардын мыйзам чегинде бекем орношушу – көз карандысыз союзунда айтылгандай, алардын аралда кудум түрктөр жана гректер сыяктуу үчүнчү бир вужуд эсептелишинен чыккан деш мүмкүн. Мындан тышкары, Англия өзүнүн малайы Денгташ жардамында тосуктар пайда кылууну улантчу. Бул нерсе «Аннан долбоору»на бир канча жолу өзгөртүүлөр киргизилишине себеп болду. Арийне, алардын аткарылышынын убагын кечиктирди. Тараптар 2003-жылы 28-февралга чейин учурашууларын түгөтүүлөрү керек болчу. Бирок, долбоор 2004-жылы мартка чейин кечиктирилди.

Кипрде болуп өткөн 2003-жылы 14-декабр шайлоолорунда Денгташ шерменделерче жеңилүүгө учурады. Ага берилген добуштар мурун алган жогору добуштардан кыйла төмөндөп кетти. Өлкө президенти катары ал өкмөттү түзүү милдетин Американын адамы, республикачылар партиясынын төрагасы Мухаммад Алий Талъатка тапшырууга мажбур болду. Ал да өз учурунда Денгташтын уулу, Демократиялык партиянын төрагасы Сердор Денгташ менен союз түздү.

Эрдаган өкмөтүнүн басымдарынан соң жана Кипрде Америка кызыкчылыгына шарт даярдалгандан кийин ал жерде «Аннан долбоорун» кабыл алууга ыктоо ашты. Американын «Аннан долбоору»нан көздөгөн максаты Кипрди бириктирип, аны союз катары Европа союзуна киргизүү о.э. Кипрди Англия чеңгелинен чыгарып алуу эле (анын аскерий базалары мындан тышкары). Англия болсо абалды ошондой боюнча т.а. эки мамлекетке бөлүнгөн абалда калтырууну ойлочу. Ошондуктан, «Аннан долбоорун» кабыл алдырбастан, аны жок кылуу максатында ага каршы жашыруун түрдө үгүттөөлөр жүргүзчү. Анын эсеби боюнча, эгер «Аннан долбоору» иш жүзүнө аша турган болсо, Кипр союзунда таасир ээси Америка болуп калмак.

Акыры келип, 2004-жылы 24-апрелде «Аннан долбоору» Кипр калкынын добушуна коюлду, бирок, күтүлбөгөн натыйжа берди. долбоор түндүктө кабыл алынганына карабастан, түштүктө четке кагылды. Мунун мааниси «Аннан долбоору»нун жок болушу дегени эле. Эмнеси болсо да натыйжа Американы да, Англияны да, Европа союзун да каныктырды. Америка долбоорду ар эки тарапта ийгиликке жеткире албаган болсо да, түндүктө көпчүлүк добушка ээ болду. Демек, Англиянын таасири бир аз азайды, төмөндөдү. Америка үчүн кийин керек болуп калса, Кипр маселесин кайра көтөрүү мүмкүнчүлүгү туулуп калды. Эми ал түндүктөн камалды алып таштайт (азыр ал жерде ушуну талап кылган үндөр бар), анын экономикалык өнүгүшүн камсыздайт, этибардуу соода жана саякат борборуна айландырат, аброюн көбөйтөт. Аралдын жээгиндеги Диб Кирбаз регионунда Азияга карай курал жолун ачуу үчүн аскерий штаб куруу ыктымалы да бар. Ошону менен Азия жана Жакынкы чыгышты көзөмөлдөп туруучу стратегиялык чекитке өкүмдарлык кылат. Ушуга ылайык, Америка толук болбосо да, кандайдыр бир деңгээлде ийгиликке жетти.

Англия да бир аз ийгиликке жетти. Анткени, ал өзүнүн Кипрдеги таасири зыян көрүшүнө да, аскерий базаларына тил тийгизилишине да жол койбоду. Бирок, эми ал кадыржам болду деп болбойт. Анткени, ал Американын негизги максаты Англияны Кипрден чыгаруу болуп, ал бул максатынан оңойлукча баш тартпашын жакшы билет.

Европа союзу Кипрди союз катары өзүнө кошуп алууну каалаган болчу. Бирок, андай болуп чыкпады. Демек, ал ушул жактан зыян көрдү. Башка жактан болсо түштүк Кипрди гана киргизүү пикирин кабыл алуу менен маанилүү бир таяныч чекитин колго алды. Эми Кипрдин өзүнө келсек, ал да кандайдыр бир пайда көрдү деп айтууга кыйын. Акыры Англия

жана Америкадай чоң-чоң мамлекеттер регионалдык жактан да, эл аралык деңгээлден да анын үстүндө талашып-тартышып турушкан болсо! Бирок, кандай болсо да, ал да өзүнүн стратегиялык жана саясий ордунан пайдаланып, кандайдыр бир пайда көрдү деп айтууга мүмкүн болсо керек.

Шайлоо натыйжаларын мына бул талашып-тартышып жаткан мамлекеттер (Америка, Британия, Европа союзу) өздөрүнүн салыштырмалуу ийгиликтерин өстүрүү жолунда ишке салышат. Максат, бул салыштырмалуу ийгиликтерди алардын каалоолорун ишке ашырып бере турган толук даражадагы ийгиликке айландыруу.

Ушинтип, ырас, Кипр маселеси туура жол менен чечилбеген соң, асылып турган жана чаташ проблема болуп кала берет. Маселени чечүүнүн туура жолу болсо аны нукура затына т.а. Усманий мамлекетке, заманбап тил менен айтканда, Түркияга кайтаруудан башка нерсе эмес. Чоң мамлекеттер колдонуп жаткан тайпага бөлүү жолу болсо, шек-күмөнсүз, колонизаторлукка таандык чечим болуп саналат. Демек, анын чыныгы чечими аралды өз негизине - Исламга кайтаруудан башка нерсе эмес. Мындан башка чечим жок.

Бул чечим мусулмандардан аралдагы жана Түркиядагы боордошторy менен биригүүнү, ал жердеги мусулман боордошторунан жүз буруп кетпөөсүн талап кылат. Бирок, Ислам дүйнөсүндөгү малай мамлекеттер ар дайым мусулман Түркия тарабын эмес, капыр Греция тарабын алып келишти! Бул малайлар Грециянын бүткүл аралга башчылык кылышын тан алышып, түрктөр Түндүк Кипр өлкөсүн түзүшкөндө аны тан алышпады.

Мусулмандардын негизги проблемаларынын каршысындагы мусулмандар акимдеринин мына ушундай шерменде абалы алардын Ислам негизинде иштешпей жатканын көрсөтүп турат. Акыйкатта болсо, алар документтерде өз аттарынын жанына Ислам сөзүн жазып коюшат. Алар, жада калса, элинин кызыкчылыктарына да этибар бербей жатышат. Болгон иштери колонизатор капыр мамлекеттердеги кожоюндарынын кызыкчылыктарына кызмат кылуудан башка нерсе болбой жатат.

Биз мусулмандар диярларындагы малай акимдердин жалгыз Кипр проблемасын гана эмес, башка проблемалардын бирертесин да чечүүгө эч качан батына албашын жакшы билебиз. Алардын абалдары маалым. Бар ташбиши кожоюндарынын көңүлдөрүн алуу гана. Мусулмандар диярлары өлөбү-калабы, аларды таптакыр кызыктырбайт.

Бирок, биз, ошол эле учурда, үммөттүн Алланын изни менен бир изгиликке карай жүздөнүп жатканын да, тигил акимдердин болсо кулап бара жатканын да көрүп турабыз. Алланын изни менен туура жолдон баруучу Халифалыктын тикелениши анык. Ал аралды Ислам диярына кошуп, Жер ортолук деңизинин чыгышында жаркырап турган нурга айландырып, фатихтерге ак бата берип калуучу борборго айландырат, нукура абалына кайтарат.

وَمَا ذَٰلِكَ عَلَى ٱللَّهِ بِعَزِيزٍ ﴿٢٠﴾

- «*Бул (иш) Алла үчүн кыйын эмес».* [14:20]

## -6-
## СУДАН (түштүгү)

Судан Африкада маанилүү стратегиялык орунду ээлеген мамлекет. Мындан тышкары, ал табигый жайгашуусунда Мисрдин ички бөлүгүн түзүшү менен бирге чыгыштагы эң маанилүү мамлекет эсептелет. Судан Африка борборуна кирип барып Конго, Уганда, Кения жана Борбордук Африка мамлекеттери менен чегаралаш жайгашкан. О.э. Судан Кызыл деңизге чейин созулуп, Аравия жарым аралынын Хижаз жана Тухоманын тушунан чыгат. Ал чыгыш тараптан Эфиопия жана Эритреяга коңшу болсо, батышта Чад жана Ливия менен туташып кеткен. Судан мындай ыңгайлуу географиялык жайгашуусу менен бирге бай ресурстар, ыңгайлуу климат жана үлкөн мүмкүнчүлүктөргө да ээ. Бул нерсе аны ар түрдүү айыл-чарба продукцияларын жетиштирип берүүчү мамлекетке айландырат. Ошону менен бирге, Нил өзүнүн куймалары менен анын топурагынын өнүмдүүлүгүн ушундай бир даражага жеткирди дейсиң, бүткүл Ислам мамлекеттеринин негизги азык-түлүккө болгон муктаждыгын толук кандырууга кадыр болот. Ошону менен ал аскерий коопсуздук же саясий коопсуздуктан мааниси жагынан калышпаган, мусулмандар муктаж болгон азык-түлүк коопсуздугун да толук кандырат.

Судан айыл-чарба байлыктарына гана ээ болбостон, анын боору алтын, хром жана башка кымбат баалуу кендерге жана өнөр-жай дөңгөлөгүн айландыруу үчүн зарыл болгон кендерге толо. Мындан тышкары, Судандын борборунда фонтандай атылып чыккан нефть кудуктары да бар. Демек, ал толук маанидеги улуу мамлекет болуу факторлоруна ээ. Ошондуктан, чоң мамлекеттер мурун да, азыр да Судандын чексиз жашоо байлыктарына ээ болуу үчүн күрөшүп жатышкандарына таң калбаса да болот.

Судан илгерки Исламий мамлекет. Анткени, Ислам ал жерге абдан эрте – хижраттын 31-жылында Усман ﷺнун Мисрдеги аамили Абдулла ибн Абу Сархтын фатх кылышы менен кирип барган.

Британиянын колонизаторлук доорунда Британия өкмөтү 1922-жылы Судандын түштүгүн жабык жана өзгөчө зона деп жарыя кылган токтомду чыгарды. Мындан максат, түштүк калкынын түндүккө кирип келишине жана түндүк калкына аралашып кетишине жол койбоо болгон. Ошондуктан, алар мурунтан эле түндүк менен түштүктү бөлүүнү сахналаштыруу үчүн түштүктөгү жаштардан англичан офицер командачылыгында улуттук армия түзүштү.

Түштүктү мындай көрүнүштө жаап коюу миссионерлердин түштүктөгү калкты христиандаштыруу иштерин беймарал ашырууга жардам берди. Ошол эле учурда, Британия колонизаторлору түндүктөгү мусулмандарды түштүккө Исламий даъват өкүлдөрүн жөнөтүүдөн тыйды. Мисалы, 1938-жылы жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү конференциясы өкүлдөрү менен дал ушундай окуя жүз берген. Бул конференция Исламды жаюу үчүн Хартумдан түштүккө Исламий даъват өкүлдөрүн жөнөтүүгө аракет кылган.

Британия өкмөтү 1947-жылы түндүк калкынан бир канча адамдарды, түштүк калкынан да бир канча адамдарды Гоба конференциясына чакырды. Бул конференция судандыктар Суданда эки түрдүү түзүм барлыгын тан алуулары үчүн Британия койгон биринчи расмий тузак эле.

Ошондуктан, Британиянын Суданга карата көз карашы анда эки түзүм бар деген негизге курулган болуп, бири түндүктө мусулман араб түзүмү болсо, башкасы түштүктө христиандык-бутпарастык түзүмү болчу. Кийинчерээк Америка да мына ушул негизди кабыл алды.

Британия колонизаторлугу 1956-жылы Судандан чыгып кетишинен мурун т.а. 1955-жылы Судандын түштүгүндө козголоң чыгарды. Ошол күндөн баштап бүгүнкү күнгө чейин Судандагы бийликке келген өкмөттөр мына ушул козголоң проблемасы менен убара.

Эгемендүүлүктөн кийин Британия Суданда малай акимдерди орнотту, алар болсо түштүк проблемасы эски проблема, өзүнө таандык чечимге муктаж деген этибарды кабыл алышты. 1965-жылы өткөрүлгөн төгөрөк стол конференциясында түндүк жана түштүк партиялары

топтолуп, Британия белгилеп берген негизде проблеманы чечүү жөнүндө талкуу жүргүзүштү. Бирок, алар союзга келише алышпай, проблема андан да чиелешип кетти.

Судандын эң таанымал саясатчыларынын бири Содик Махдий ошол убакта эле негиздөө коому алдында бул проблеманы тан алды. Ал Суданды бир бүтүн өлкөдөн федерал өлкөгө айландырууну жана түштүккө «анын өзүнө таандык абалы бар» деген аргумент менен автономия берүүнү талап кылып чыкты. О.э. ал 1965-жылы декабрда: «Түндүк жана түштүк партиялары белгилүү бир келишим долбоору боюнча бир токтомго келишти. Бул келишим түштүккө анын өзүнө таандык абалын камтыган регионалдык абалын берүү менен бирге, ага борбордук эмес (регионалдык) башкарууну да берет», - деди.

Саясатчылар Судандын өзүнө таандык абалы кандай болушу жөнүндө тартышып калышты. 1967-жылы өкмөт башчысы Исмаил Азхарий регионалдык башкарууга чакырып жаткан Махдийге катуу чабуул жасап, автономия берүү менен чектелүүгө чакырды. Мына ушул убактан баштап түштүккө каршы согушта борбордук чекит болушу үчүн Угандага Манфий өкмөтүн өз кучагына алуу сунуш кылынды.

Британия түштүк проблемасын Суданды бөлүп таштоочу «шынаа» кылып койду дейсиң, Суданды бул нерсе менен эгемендүүлүктүн кийинки он жылдыктарында да убара кылды. Британия Судандан чыгып кетишинен мурун түштүктү түндүктөн бөлүү уругун эгип коюп, Батыш мамлекеттери бул урукту өстүрүп ушундай бир даражага жеткиришти дейсиң, Суданда бийликке келип жаткан акимдер Британия малайлары болобу же Америка малайлары болобу, бул жаатта (т.а. түштүктү түндүктөн бөлүү маселесинде) алардын көз караштары эч айырмаланбачу. Алардын баары түштүктүн өзүнө таандык абалы бар деген көз караш бирдей пикирде эле. Көпчүлүк партиялар – ал-Мирганий жетекчилигиндеги «Демократиялык союз» партиясы көрүнүшүндөгү ал-Хатамийя тайпасы сыяктуу Америкага көз каранды болгон партия болобу, ал-Махдий жетекчилигиндеги «ал-Умма» партиясы көрүнүнүшүндөгү ал-Махдийя-ал-Ансорийя тайпасы сыяктуу Британияга көз каранды партия болобу, эч айырмасыз – түштүк проблемасына ушундай назар менен карашат. Анткени, алардын баары кандайдыр бир көрүнүштө бөлүнүп чыгуу зарыл деген чечимге келишкен. Алардын ортосундагы ихтилаф-келишпөөчүлүк ыкмаларында гана.

Махдий өкмөтү автономия же регионалдык башкаруу негизинде талкуу алып барууну аткарган болсо, Нумайрий өкмөтү регионалдык башкарууну ишке ашырып, түштүктө башкарууну идара кылуу үчүн жогорку межлис дайындаган. Умар Башир башкарган куткаруу өкмөтү федералдык башкарууну ишке ашырып, түштүк калкы үчүн өз тагдырын өзү белгилөө пикиринен баш тартты. Оппозиция партиялары Баширдин бул пикирине каршы чыгышпады. Буга себеп, демократтар жана мекенчилдер коалициясы – ал Башар жетекчилик кылып жаткан куткаруу өкмөтүнө оппозиция болгон партиялар топтому – 1995-жылы Эритрея борбору Асмародо болуп өткөн негизги маселелер боюнча өткөрүлгөн конференцияда түштүк калкы жана Нуба тоолоруна өз тагдырын өзү белгилөө укугун берүү сунушун алга сүрдү.

Федерация жана түштүк калкына өз тагдырын өзү белгилөө укугун берүү сыяктуу кыянатчыл-саткын пикирлер саясий талаптар жана саясий окуяларга айланды. Ошентип, Махдий башчылыгындагы Судан жана Исламды коргоо үчүн англичан баскынчыларына каршы 1881-жылы алоолонгон Исламий козголоң перзенттери ошол англичандардын долбоорун аткаруучу өкүлдөргө айланып калды. Ошол кезде англичан армиясын шерменделерче жеңилүүгө учуратып, борбор Хартумду 1885-жылы англичандар колунан кайтарып алган жана Британия комиссарын өлтүргөн мына ошол улуу козголоң өкүлдөрү мына ушундай кимселерге айланып калышты.

Башка колонияга айланган мамлекеттер сыяктуу, Судан да чет элдик мамлекеттер ортосундагы күрөш майданына айланды. Бул күрөш ага ээлик кылуу үчүн эски колонизатор Британия менен жаңы колонизатор Америка ортосунда болду. Судан 1956-жылы эгемендүүлүк күндөрүндө Британия колунда болуп, бул нерсе Махдий партиясы жана англичандардын башка кишилери башчылыгында уланды. Бул иш – Америка менен Англия ортосундагы күрөш жана тартышуулар 1969-жылга чейин - тээ Жаъфар Нумайрий ошол

кезде региондогу Американын негизги малайы болгон Абдун Насир жардамында англичандардын адамдары жана партияларына каршы ийгиликтүү аскерий ыңкылапка жетекчилик кылганга чейин уланды.

Нумайрий аскерлер жардамында бийликти ээлеп алып, анын салыштырмалуу көпкө созулган өкүмдарлык доорунда Америка аскерийлер ичинде өз таасирин абдан жакшы орнотуп алды.

Нумайрийдин өкүмдарлык доорунда түштүк проблемасы дагы да кыйындашып, чиелешип кетти. Бул проблеманын чиеленишине бийликке келип алмашып турган бардык акимдердин түштүккө этибарсыздыктары жана аны өнүктүрбөшү кошулду. О.э. анын чиеленишине акимдердин түштүк калкына бөлүнүүгө алып келген өзүнө таандык абалды берүү зарылдыгын тан алуулары да кошулду. Жаъфар Нумайрий өкүмдарлыгынын акырларында түштүктө коопсуздукту сактоого жардам берүү үчүн ал жерге жөнөтүлгөн Судан аскерлери ичиндеги офицерлердин бири Нажм Жон Гаранг пайда болуп калды. Натыйжада, ал өкмөттөн бөлүнүп чыгып, Уганда жардамында түштүктө Исламдын жайылышын тосо турган бутпарас-насроний күчтү пайда кылуу үчүн Америка менен келишип, өзүнө таандык болгон куралдуу кошуунду түздү. О.э. Гаранг кыймылы Судан өкмөтүнө каршы Америка колундагы ушундай бир басым өткөрүү куралы болуп калды дейсиң, кези келгенде Америка өзү каалаган көрүнүштө өкүм жүргүзүүгө мажбур кыла турган болуп калды. Суданда проблемалар ар тараптан: коопсуздук, саясий, экономикалык жана социалдык жактардан көбөйүп кеткенден кийин, Америка Жаъфар Нумайрийден кутулуу зарылдыгын ойлонуп калды. Ошондон кийин кошуун генералдарынын бири Суваруз-Захаб Жаъфар Нумайрий Судандан тышкарыда жүргөндө ага каршы ыңкылап уюштурду. Нумайрий Суданга кайтып, ыңкылап ийгилигин тосууга аракет кылган кезде аны бул иштен Американын буйругу менен Египет президенти Хусни Мубарак кайтарды жана аны Каирде калууга мажбур кылды. Негизи, Суваруз-Захаб мурун Нумайрийге берилгендиги менен таанылган аскерийлерден болчу. Анын бул ыңкылабы Судан армиясындагы жогорку кызматтагы аскерийлердин көпчүлүгү бүтүндөй Америка таасири астында болуп калгандыгына далил болуп эсептелет.

Суваруз-Захаб бийликте болгону бир жыл гана турду - бирок, чыныгы бийлик Америкага берилген армиянын колунда калды. Кийин Америка бийликти саясатчыларга кайтарып, шайлоолор өткөрүүгө уруксат берди. Натыйжада, бийликке англичандардын малайлары катышты. 1985-жылы Содик Махдий өкмөттү түзүп, Судан үч жыл Махдий өкмөтү кол астында жолун жоготкон абалда таштап коюлду. Ушул убакта түштүктү бөлүүгө тиешелүү маселелер жаатында 1987-жылы февралда Вашингтондо симпозиум өткөрүлдү. 1987-жылы октябрда Лондондо ушул жаатта талкуу алып баруу үчүн жыйын өткөрүлдү. Африкада да ар түрдүү демилгелер болуп өттү. Бул демилгелердин баарында Судандын формасы бир болушу баса белгиленсе да, сакафий жактан ар түрдүүлүгүн өнүктүрүү зарылдыгын жана байлык о.э. бийлик бөлүнүүсүн тан алуу жөнүндөгү сөздөр айланып жүрчү. Армия болсо мындай абалды күзөтүп турар эле, жада калса, Суданда абал ушундай бир даражада жаман болуп кетти дейсиң, калк аскерийлердин кайра өкмөткө кайтышын каалап калды. 1989-жылы июнда Умар Башир ийгиликтүү аскерий төңкөрүштү ишке ашырып, Нумайрийге окшогон мурунку аскерийлердин каталарынан пайдаланып, Махдийдин өкмөтүн алып (ыргытып) таштады. Кийин болсо аскерий өкмөтүн Исламий көрүнүш менен жакшылап ороду. Бул үчүн ал «Элдик конгресс партиясы»нын төрагасы, Судандагы негизги Исламий кыймылдын башчысы Хасан Туробийди бийликке жакындаштырды. Башир бул ишти өзүнүн аскерий өкмөтүнө шаръий түс берүү жана мурун Нумайрий муктаж болгон калктын кабыл алышын табуу үчүн гана кылды.

Муну менен Америкага берилген аскерийлер Суданды өз колунда кармап турууну бекемдеп алышты. Натыйжада, Америка аскерийлер аркылуу Суданга ээлик кылууну бекемдеп алды. Ошондуктан, мурун Британия малайлары болгон саясатчылар жана партиялар саясий жолдор менен түштүктү түндүктөн бүтүндөй бөлүүгө алып бара турган

жолду ишке ашыра албаган иштерди Америка малайлары болгон аскерийлер ишке ашырууга мүмкүнчүлүк табышты.

Башир Суданда бийликти колго алгандан баштап тез-тез сүйлөшүү жана жыйындар өткөрүлө турган жана тез-тез демилгелер көрсөтүлө турган болуп калды. Бул иштер менен бир учурда түштүктө карама-каршылыктар жана согуштар да барган сайын кескиндешип барар эле. Кескиндикти курчутуудан максат, бул назик жана маанилүү маселеде чоң-чоң алдыга жылууга жетишүү үчүн мына ушул сүйлөшүүлөрдү актаган документти вужудга келтирүү эле.

Американын мурунку президенти Жимми Картер көзөмөлү астында 1989-жылы Найробиде болуп өткөн конференция андан кийинки сүйлөшүүлөргө, симпозиумдарга жана демилгелерге эшик болду. Бул конференция Картер көзөмөлү астында полковник Мухаммад Амин Халифа башчылыгындагы Судан өкмөтү делегациясы менен Лом Акол башчылыгындагы козголоңчулар кыймылы делегациясы ортосунда болуп өттү. 1992-жылы Нигериянын мурунку президенти Ибрахим Бобингада демилгеси менен мамлекет борбору Абужада Мухаммад Амин Халифа башчылыгындагы өкмөт делегациясы менен козголоңчулар кыймылы делегациясы ортосунда сүйлөшүүлөр болуп өттү. Козоголоң кыймылынын Гаранг тобуна Валим Нун башчылык кылган болсо, Ан-Насир тобуна Лом Акол башчылык кылчу. Бул сүйлөшүүлөр проблеманы чечүү үчүн байлыкты бөлүп берүү зарылдыгы жана Суданда ар түрдүү тек, тил жана сакафат негизинде амал кыла турган саясий мекеме түзүү керек деген чечимге келишти. 1993-жылы Угандадагы Эннетсий шаарында Уганда президенти Йовери Мусевени башчылыгында Ажы Мухаммад жетекчилигиндеги өкмөт делегациясы менен Гаранг башчылыгындагы элдик кошуун козголоңчулар делегациясы ортосунда сүйлөшүүлөр өткөрүлдү. Ошол жылы, мурун болуп өткөн сүйлөшүүлөрдөн бир ай кийин, Кения борбору Найробиде Али Усман Мухаммад Тоха башчылыгындагы өкмөт делегациясы менен козголоңчулар делегациясы ортосунда жыйын болуп өттү. Сүйлөшүүлөр Кения жана Нигерияда, жада калса, 1994-жылы 17-мартта «ИГАД» (Өкмөттөр аралык өнүгүү уюму) мүчөлөрү комитети демилгеси менен Кения президенти Даниел Арап Мои башчылыгында Уганда, Эфиопия, Эритрея президенттери мүчөлүгүндө президент Умар Башир жана козголоңчулар кыймылынан Коид Файсалий даярдыгында Найробиде жыйын болгонго чейин уланды. Бул сүйлөшүүлөр уланып, «Машокус протоколу»на 2003-жылы 20-июлда куник кол коюу менен аяктады. Бул келишим Судандан түштүктү бөлүү үчүн болуп өткөн жана аягына чыккан келишимдердин эң кооптуусу эле. Ал ондогон жылдарды өз ичине алган катуу олуттуу аракеттердин ийгилиги жана «тынчтык келишими»нин акыркы жыйынтыгы. Бул протокол назик жана маанилүү сөздөрдү о.э. өз тагдырын өзү белгилөө сыяктуу бөлүнүүгө даярдоону талап кылган нерселерди да камтыган. Бул протоколду түзүүдө аз гана сунуштар менен максатка жетишүүгө катуу этибар каратылган. Бул протоколдо эң кооптуу нерсе ушул, анда бөлүнүп чыгууну ишке ашыруу үчүн келишим беренелерин аткарууну кепилдөөнүн чектелген механизми жана башка мамлекеттер ролу көрсөтүлгөн. Мына ушул нерсе кийинки сүйлөшүүлөр үчүн негиз болуп калды. Кийин сүйлөшүүлөр Америка, Британия, Норвегия жана Италия мамлекеттери о.э. «ИГАД»га мүчө болгон мамлекеттер көзөмөлү астында жаңыдан улантылды. Бул сүйлөшүүлөр бийликти, байлыкты жана башка нерселерди бөлүү сыяктуу, ошол учурда асылып турган деп этибар кылынган маселелер деталдарын баян кылуу үчүн өткөрүлгөн. О.э. бул келишимдерде мамлекеттер тарабынан мындай сүйлөшүүлөрдө өз ара карама-каршылык – алардын ичинен Америка жана Британия ортосунда – болбогондугу да айтып өтүлгөн.

2003-жылы 25-сентябрда өкмөт менен козголоңчулар кыймылы ортосунда аскерий коопсуздук бүтүмүнө кол коюлду. Анда айтылышынча, үч кошуун болушу мүмкүн: өкмөт кошууну, козголоңчулар кошууну жана өкмөт менен козголоңчулар ортосундагы ортоктош кошуун. Ушуну менен бөлүнүүгө умтулуп жаткан козголоңчу топтун кылмышкер топторун мыйзам жагынан туруктуу кошуундарга барабар болгон кошуун катары калтыруу аягына

жетти. О.э. бул келишимде өкмөт кошуундарын эки жарым жылдын ичинде түштүктөн алып чыгып кетүү зарылдыгы жазып коюлду.

Белгилүү болгондой, бул келишимдин мамлекетте кошуунду бир нече кошуун кылуудан көздөлгөн максат күч-кубат борборлорун бир нече кылуу болуп, бул болсо коопсуздук жана туруктуулукка коркунуч туудурат. Анткени, мындай абалда мамлекетти согуштар, күрөштөр жана талкалануу иримине тартуу оңой болот. Ошону менен бирге, капыр Батыш менен максаты, даярдыгы жана куралдануусу бирге болгон козголоңчу топ кошууну жөнүндө айта турган болсок, иш мына ушундай түс алышы анык. Ошондой болгон соң, козголоңчулар кошууну Хартумда, Мовий Нил түштүгүндө жана Нуба тоолорунда жүргөн о.э. Судандын бүткүл түштүгүн өз көзөмөлүнө алган болсо, Судан калкы өзүн кантип коопсуз сезсин?! Эки же үч кошууну түзүү пикири Американын пикири болуп, сүйлөшүүлөр туюк көчөгө кирип калгандан кийин Америка өкмөткө мындай пикирди зордоп өткөрдү. Бул нерсени Судандын «Ахбарул-явм» гезити 2003-жылы 25-сентябрдагы санында ачык жазып чыккан. Америка өкмөткө бул келишимди мажбурлап өткөрүп, эгер өкмөт бул келишимди четке каккыдай болсо, аны түрдүү коркутуулар менен коркутту.

2004-жылы 7-январда Судан өкмөтү менен козголоңчулар кыймылы ортосунда байлыкты бөлүү келишимине кол коюлду. Мында Судан түштүктөгү жана башка ортодо талаш болгон үч региондогу нефть кирешелери о.э. башка кирешелерди бөлүп алышып, өзүнчө банк түзүмүн түзүүгө келишип алышты. Бири өкмөт үчүн, экинчиси козголоңчулар үчүн. Бул нерсе Суданды бөлүп таштоого – аскерий тараптан урунулганы сыяктуу, экономикалык тараптан да бөлүп таштоого негиз жаратуу болуп эсептелет.

Бийликти бөлүп алуу жана үч регион – Абией, Мовий Нил түштүгү жана Нуба тоолорунун келечеги жөнүндө талкуулар жаатындагы сүйлөшүүлөр алиге чейин уланып келүүдө. Найвашиде сүйлөшүү алып баруучуларга президент Буштун Судандагы өкүлү, чиркөө руханийи Жон Дэнфорт тапшырган документке ылайык, Башир өкмөтү Абиейди козголоңчуларга тапшырууга дээрлик даяр болуп калды. Бул документте түштүк калкына берилгени сыяктуу Абией калкына да өз тагдырын өзү белгилөө укугу берилиши көрсөтүлгөн.

О.э. бул документ Нуба тоолорунда 6,000 аскерден турган жана Мовий Нил түштүгүндө да 6,000 аскерден турган ортоктош күчтү түзүү боюнча коопсуздукка тиешелүү иш-чаралар жаатындагы келишимди камтып, бул иш-чаралар ушул келишимдин «ж» беренисинин 4-пункттунда көрсөтүлгөн. Бул болсо дал түштүктөгүгө окшош көрүнүштө үч региондо өзүнө таандык болгон абалды вужудга келтирүү үчүн шарт даярдоону түшүндүрөт.

2004-жылы 20-мартта чыккан «Хартум» гезити Абией маселесин чечүү үчүн Найвашиде сүйлөшүү алып баруучу эки тарапка (өкмөт жана козголоңчулар кыймылына) сунушталган Америка документинин тафсилаттарын басып чыкты. Бул документ козголоңчулар кыймылы сунуштап, өкмөт четке каккан документтин дээрлик өзү. Бул документте келген нерселердин эң кооптуусу Абией жарандарынын Судан түштүгүндө өткөрүлө турган референдум менен бир убакта өткөрүлө турган көз карандысыз референдумда добуш берүүлөрү. Бул референдум өткөөл доор аякташынан мурун Абией түндүк менен калабы же Бахрулгизол регионуна кошулабы, кайсы бирин тандоону аныктоо үчүн өткөрүлөт. Найвашиде өткөрүлгөн басма сөз жыйынында Жон Дэнфорт айткан сөздөрдү Судандын «Ахбарул-явм» гезити 2004-жылы 20-мартта, 3387-санында басып чыгарды: «Президент Буш абдан тынчсызданууда… Ал, албетте, тынчтык бүтүмү ушул ай аякташынан мурун ишке ашат деп ишенет. Америка жетекчилиги сүйлөшүүлөрдөгү ийгиликсиздик жоопкерчилигин тынчтыктын ишке ашышына тосук болуп турган тарапка жүктөйт». Жогорудагы нерседен Америка жетекчилигинин козголоңчуларга толук ыктоосу ачык-айкын көрүнүп турат – президенттин Судандагы атайын өкүлү Жон Дэнфорттун басма сөз конференциясында айтканына ылайык – эгер өкмөт бул документке ыраазы болбосо, ага жасалган коркутуулардан да бул нерсе анык көрүнүп турат. О.э. ал Американын бул документи Абией маселеси жаатында Америка өкмөтүнүн катуу позициясы деп этибар кылынышын да баса белгилеп койду.

Чындыгында, козголоңчулар кыймылы бул документти кабыл алууга шашылды. Мындай болушу табигый, анткени, бул документтин негизи алардын сунуштарынын өзү болчу.

«Судан басма сөзү» гезитинин 2004-жылы 2-мартта чыккан 2882-санында жазылышынча: «Хартумда кең көлөмдүү жыйын өткөрүлгөн, анда президент Башир, анын жардамчылары, бийликтеги партия жетекчилери жана куралдуу күчтөр жетекчилеринен бир канча киши катышышты. Бул жыйында Найвашиден кайтып келген сүйлөшүү алып баруу делегациясы мүчөлөрүнөн да үч киши катышты. Алар ал жерде Америка сунушун ар жактуу талкуулап, аны сүйлөшүүлөр үчүн негиз болууга жарактуу деп этибар кылышты». Гезитте айтылган нерсеге ылайык, өкмөттүн бул документти сүйлөшүү үчүн негиз деп кабыл алышы анын күчсүздүгүн жана позициясынын морттугун көрсөтөт.

Ал эми, Американын сунушун ийгилик деп эсептеп жаткандар, албетте алардын бул позициясы алардын Америка басымына моюн сунуп жаткандарын жана аны ыраазы кылууга аракет кылып жаткандарын тастыктайт:

وَاللَّهُ وَرَسُولُهُ أَحَقُّ أَنْ يُرْضُوهُ

- *«Алла жана Анын пайгамбарын ыраазы кылуулары ылайыгыраак иш эле».* [9:62]

Хартумдагы Америка элчиканасы 2004-жылы 13-майда, бейшемби күнү Судан өкмөтү менен Жон Гаранг башчылыгындагы «Суданды азаттыкка чыгаруу элдик кыймылы» ортосунда үч регионду жана бийликти бөлүп алуу жаатындагы келишимге ошол аптада кол коюлушун жарыя кылды. Акыркы келишим болсо Найробиде келерки айда кол коюлушу күтүлүүдө. Гаранг кыймылынын жооптуусу тынчтык келишиминин негизги беренелери даяр болгондугун тастыктады.

О.э. Хартумда Америка элчиканасы иштери менен алектенүүчү Жерард Галлуччи 17-майда мындай деди: «Келерки июнь ортолорунда Кения борбору Найробиде Судан өкмөтү менен «Судан элдик азаттык кыймылы» ортосунда кең көлөмдүү тынчтык келишимине кол коюлушу күтүлөт». Ал шаршембиден бейшембиге өтөр түнү бир нече журналисттер алдында анын мамлекети бир канча мезгилден бери Судан өкмөтү менен конструктивдүү кыйзматташтык кыла баштагандыгын кошумчалап, Америка жетекчилиги тынчтык бүтүмүнө жетишүү жана ок атууну бүтүндөй токтотуу иш-чаралары баскычына өтүү алдынан Хартум менен алакаларын толук жакшылашын айтты.

Галлуччи Судан өкмөтүнөн Америка жаза чараларын алып таштоо үчүн үч маселени шарт кылып койду. Алар эл аралык терроризмге каршы күрөштө кызматташтык кылуу, өкмөткө караштуу расмий өнүктүрүү уюму «ИГАД» аркылуу тынчтык келишимине жетишүү жана адам укуктары тармагында кең көлөмдүү алдыга жылууга жетишүү. Жана ал Вашингтон тынчтык келишимине кол коюлгандан кийин өзгөчө кырдаал абалы бекер кылынышын күтүп тургандыгын да айтты. Ошону менен бирге, Гаранг башчылыгындагы «Судан элдик азаттык кыймылы»нын баса белгилешинче: «Тынчтык бүтүмүн анын негизги маселелери боюнча даярдоо – эгер Судан президентининин биринчи орун басары Али Усман Мухаммад Тоха жана Гаранг бул маселелерди чечише алышпаса – калган деталдар боюнча хакамдык кыла турган үчүнчү тараптан жардам алууну» талап кылат имиш.

Бириккен улуттардын кээ бир булактары шилтеме кылган «Судандагы эки сүйлөшүү алып баруучу тараптар туш келген кээ бир кыйынчылыктар» жөнүндө «Элдик кыймыл»дын расмий сүйлөөчүсү Ясир Арман: «Негизги маселе чечилди. Калган деталдар болсо көп убакытты албашы керек. Мындай деталдарды чечүү эки тараптын чечимдерине байланыштуу. Элдик кыймыл бул деталдарды чечүү мүмкүн деп эсептейт», - деди. Жана: «Келишим өзүнүн негизги маселелери боюнча даяр экендигин, ошондуктан, эки тарап бул бүтүмдү аягына жеткирүү жана анын кол коюлушуна карай кадам ташташы зарыл экендигин» баса белгиледи.

Расмий сүйлөөчү калган маселелер эки кырдуу болуп, алардын бири бүтүм беренелерин түшүндүрүүгө жана тилге тиешелүү өкүмдөрдү кайра карап чыгууга тийиштүү экендигин, экинчиси болсо Мовий Нил, Нуба тоолору жана борбордук бийлик темаларына тиешелүү экендигин маалым кылды. Ал аныктык киргизип: «Хартум Мовий Нилде жана Нуба тоолорунда бийликтин 40%ын кыймылга, 60%ын өкмөткө бөлүшүн сунуш кылып, ал

борбордук өкмөттөгү 28%ды кыймылга сунуш кылды. Бирок, кыймыл 38%ды талап кылууда», - деди. Башка саясий күчтөрдүн катышуусу боюнча Арман төмөнкүгө шилтеме жасады: «Башка күчтөр өкүлдөрүнүн катышуусу талкууланып, бул талкуу эки тарап ортосунда уланат». Борборго тиешелүү нерселер жөнүндө болсо: «Борбор маселеси чечилген. Эки тарап негизги нерселерде келишимге келишкен», - деди.

Мындай иштер учурунда жана сүйлөшүүлөр аякташынан мурунураак түштүк козголоңчу Жон Гаранг башкаруусуна бөлүнүп берилди. Судандын батышындагы Дарфур регионун бириктирүү да аягына жетти.

Бул проблеманын жаралышына жана орчундашып кетишине үч фактор өз салымын кошту:

Жер жана жайлоолор жаатындагы жергиликтүү атандаштык-тартышуу жана проблемага тыштан аралашып, анын өнүктүрүлгөндүгү. Мындан мурун да, кийин да Судан өкмөтү өз жарандары иштерин Ислам важып кылгандай адилеттүү жана жакшына көрүнүштө моюн сунууну этибарсыз калтырды.

Ал эми, жергиликтүү тартышууларга келсек, Дарфурда африкалык «фур» уруулары о.э. түбү араб болгон башка уруулар жашайт. Дарфурдагы күрөш чарба малдарынын көбөйүшү жана эгин эгиле турган жерлердин артып барышы тушунда табигый ресурстардын азайып бара жаткандыгы себептүү башталды. О.э. төө баккан кээ бир араб уруулары жайлоого муктаж болгондуктан жерге ээлик кылууга болгон каалоолору жана мунун тушунда, африкалык «фур» уруулары бул жер жана жайлоолорго ээлик кылуу укуктары ата-бабаларынан калган деген этибар менен бул жер жана жайлоолорго арабдарды шерик кылууну четке кагышты.

Козголоң «Зигова» уруусуна таянып башталды жана башка урууларды кошууну каалап, аларга чабуул кылуу менен коркунуч туудура баштады. Натыйжада, уруулар алдында эки иштин бирин тандоо калды: же козголоңго кошулуу, же чабуулдардан коргонуу үчүн куралдуу отряддарды түзүү. Кийин бул уруулар Дарфурда курал-жарактар кең таркалгандыктан тез эле күчтүү кубат ээсине айланган куралдуу отряддарды түзүштү. Анткени, бул жерге курал-жарак коңшулаш мамлекеттерден келчү. Мындай нерсе абалдын оорлошуна, жамандашуусуна жана күндөн-күнгө чиеленишине алып келди. Натыйжада, миңдеген адамдар өлтүрүлдү, жүздөгөн айылдар өрттөлүп, жүз миңдеген адамдар үйлөрүнөн кууп чыгарылды, алар үчүн жер-асмандан башка башбаанек жок болуп калды. Кээ бирөөлөр болсо кана эми Дарфур тозогунан кутулуп кетсем деп Чадга качышты.

Эми бул проблемага тыштан аралашуу жана козгоого келсек, Дарфур окуяларын козгоп жаткандар жана кризисти жаратып жаткандар европалыктар, алардын ичинен, Франция жана Британия экендиги аян болот. Мунун далили Африканын «фур» уруусунан болгон козголоңчуларды кубаттоо Чад тарабынан болуп, анын акимдери жардам алуу, борбор чекити болуу жана таянуу жактарында Франциянын малайлары. Лондон болсо козголоңчулар кыймылынын жетекчилерине минбар болуп кызмат кылды.

Ал эми, Америка өз малайы Баширди актоого аракет кылып, билдирүүлөр менен чектелип, Башир өкмөтүн козголоңчулар козголоңун басуудан кайтарбады. Негизи, бул ишти кылууга кадыр болчу. Бирок, кескиндик олутташып, адамдардын өмүрү кыйылгандан кийин, адам укуктарын коргоочу уюмдар жана Бириккен улуттар уюму – Европанын мажбурлашы менен – Суданга басым өткөрдү. Жана Судандан – маалымат кызматтары таркатып жаткандай – африкалыктарга каршы жаза иштерин алып барып жаткан «Жанжавид» деген араб лашкерлерин кубаттоону токтотууну талап кылды.

Маалымат каражаттары Дарфур окуяларын ачыктап, өлгөндөр саны миңдерге жеткенин, качкындар саны миллионго жеткенин жарыя кылгандан кийин, бул маалымат каражаттары Дарфурда болуп жаткан иштерди бул кылымдагы эң чоң гуманитардык кризис деп эсептегенден кийин, эл аралык коомчулук дароо аралашышы керектигин, анткени, аралашпоо ар айда миңдеген африкалыктардын өлүмүнө себеп болушун айтышты. Мына ушулардын бардыгынан кийин Америка өзү аралашууга жана кемени түшүп башкарууга мажбур болду жана Судан өкмөтүнө бир канча талаптарды коюу аркылуу бул каргашаны

токтотууну буюрду. Дарфурга африкалык жарандардын коопсуздугун камсыздоо жана «Жанжавид» лашкерлерин таркатып жиберүү үчүн 6,000 кишиден турган Судан полициясы жөнөтүлдү.

Бирок, европалыктар Американын мындай иштери менен чектелишпеди. Суданга каршы жаза чараларды колдонууну, Дарфурга чет элдик күчтөрдү жөнөтүүнү талап кыла башташты. Европа, алардын ичинен Франция Суданга каршы жаза чараларды колдонуудагы Американын ролуна карата күмөндөрдү билдире баштады.

Ошону менен бирге, Британиянын Судан өкмөтүнө каршы позициясы ажайып ыкмадагы душмандык болуп, ал Судан өкмөтүнө каршы билдирүүлөр берүү, коркутуу жана провакациялар менен Американы бурчка такай баштады.

Америка болсо Дарфур проблемасын козгоону каалабады, түштүк мамелесинен бошогондон о.э. Гаранг менен Судан өкмөтү ортосундагы бүтүмгө кол коюлгандан кийин жана ушул иштерди ишке ашырууга кадам таштагандан кийин гана Дарфур маселесине өтмөкчү эле. Ал эми, Европа т.а. Франция менен Британия өкмөттү кулатуу же анын ичине кирип алуу үчүн Америкага дос болгон Башир өкмөтүнө кыйынчылыктар туудуруу жолунда бир убакта проблема козгоону жана ортодо жылуулук пайда кылууну каалоодо.

Хартумда Америка элчиканасы иштери менен алектенүүчү Жерард Галлуччи 2004-жылы майда: «Мамлекет батышы болгон Дарфурдагы абалдар Судандагы адам укуктары иштеринде маанилүү маселени ээледи» деп билдирүү берди. О.э. минтип кошумчалады: «Түштүктөгү тынчтык амалияттары Дарфур регионундагы тынчтыкты ишке ашыруу иштерине байланып кетишинен тынчсызданаудабыз». Бул нерсе Америка түштүктү бөлүү иштерин түгөтүүгө аракет кылып, кийин түндүк региондор маселесине этибар бурмакчы экенине шилтеме кылууда.

Бирок, Европа т.а. Франция менен Британия бул чекитти сезип калышкандан кийин, бүткүл этибарын саясий жана аскерий жактан о.э. маалымат каражаттары аркылуу Дарфур проблемасын козгоого каратышты. Муну менен алар Американы бурчка такоону жана Америкага дос болгон Башырдин өкүмдарлык күрсүсүн кыймылдатууга аракет кылышты. Америка түштүк маселесинде активдүү ролду ээлөөгө кадыр болуп, Европанын бул жердеги ролу солгундагандан кийин, Франция менен Британия түштүктөгү алсызданган ролунун акысына Дарфурда өздөрү үчүн күчтүү рол болушун каалашты.

Жыйынтык ушул, Америка Судан өкмөтүнө каршы болгон бул иш-чараларды колдонууга Дарфур кризиси себептүү о.э. мамлекеттер алдында бурчка такалып калгандан кийин гана мажбур болуп, мындай иш-чараларды абдан тез өзгөртүү менен акырына жеткирди. Эгер бул проблема мамлекеттер арасында алгылыктуу өлчөөлөрдө жана көзөмөл астында болуп чоңоюп кетпегенде, Америка аралашмак эмес. Бирок, аны өзгөрткөндөр башкалар б.а. Франция менен Британия болуп эсептелет.

О.э. дал тыштан болгон аралашуу жана аракеттер Дарфур козголоңунда негизги ролду ойноду.

Эми Судан өкмөтүнүн иштердин алып баруудагы этибарсыздыгы жана ишти оңдоодогу суздугуна назар таштасак. Малым болгондой, уруучулук өкүм сүрүп жаткан региондордогу проблемалар менен бирге бул проблеманын чоңоюп, олуттуу болуп кетишине таштап коюу адаттагы иш. Дарфур Судандын батышындагы Чадга чегаралаш болгон Судан жери. Анын майданы болжол менен Франциянын аянтына барабар, калкы араб жана африкалык уруулардан турат, алардын баары мусулмандар. Өлкөнүн Дарфур деп аталышы африкалык «фур» уруусу атына карата берилген. Араб уруулары келип алар менен турмуш, улут жана үлүш иштеринде биргеликте катышышты.

Адатта уруулар ортосунда жүз берген проблемалар жөнөкөй бир адаттагы иш болуп, эгиле турган, сугарыла турган жерлер, жайлоо жана суулар топтолгон региондорго байланыштуу болчу. Бул проблемаларга уруу башчылары ортосунда тез эле чечим табылчу. Белгилүү болгондой, буга окшогон проблемалар уруучулук өкүм сүргөн региондордо адаттагы нерсе деп этибар кылынат. Мындай проблема да уруучулук уланган коомдордо пайда болуп турган табигый ихтилафтар түрүнөн эле.

Бирок, мамлекет бул проблемаларды хикмат, акыл жана иштерди жакшы көрүнүштө чечиши чарбачылык менен алектенгендерди жайлоолор менен толук камсыздап, айыл калкы жана жер ээлеринин сугаруу о.э. дыйканчылык талаптарын толук кандыруу аркылуу болот, бул нерсе болсо эки тарапты топтоо, баарын баш ийдирүү жана бул проблеманы тыштан аралашуу маселесине айлануудан тосуу менен болот. Мамлекет мына ушундай кылуунун ордуна мунун тескерисин кылып, араб жана африкалык мусулмандар ортосундагы иштердин кыйындашына, чиеленишине жөн таштап койду. Натыйжада, Чад аркылуу Франция тарабынан кубатталып жаткан, Британия аркылуу маалымат жагынан колдоо көрсөтүлүп жаткан о.э. түштүк козголоңчу Гаранг аркылуу парда артынан жардам алуулар менен африкалык лашкерлер, башка тараптан болсо мамлекет тарабынан кубатталып жаткан араб куралдуу отряддары бул жерлерге таркап кетишти. Ошентип, бардык нерсе аралашып, кылмыш кең жайылып, адамдар арасат болушту. Мамлекет эки тараптын иштерин тергеп, мындай иштерге чек койбостон, бул куралдуу отряддардын бири-бири менен согушушуна жол ачып берди. Эгер Америка Европа тарабынан мажбур кылынгандан кийин аралашып, Судан өкмөтүн мамлекет катары бул иштерге аралашууга буюрбаганда, бул куралдуу отряддар али да мамлекет жана анын мыйзамынан тышкарыдагы майданда согушуп жаткан болмок.

Дал ушундай, Башир өкмөтү бул куралдуу отряддарды түп-тамыры менен жоготуу жана уруулар ортосунда келишим орнотуунунун ордуна кургактык о.э. аба кошуундарын Жанжавиддерди кубаттоого иштетип, муну менен мусулмандар ортосунда кандуу согуш отун алоолонтту. Кийин өкмөт бул проблеманы чечүүдө алсыздык кылып, чечимди башка мамлекеттерден күтө баштады. Балким, Судандан түштүктү бөлүп алган түштүктүн козголоңчусу Жон Гарангдан күтө баштады. Натыйжада, тышкы иштер министри 2004-жылы 14-майда мындай билдирүү берди: (Гарангга карап) «Силердин Дарфурдагы козголоңчу күчтөр менен алакаңар бар, бул маселени чечүүдө силер маанилүү роль ойношуңар важып болот». Мындан мурун Дарфурдагы өкмөт сунуштарын колдонуу жаатында жооптуу болгон Судан өкмөтү комитетиндеги өкмөттүн атайын жооптуусу да билдирүү берип: «Дарфурдагы проблеманын акыркы чечими түштүк проблемасы чечилгенден кийин жана ал Хартумга президенттин орун басары милдетине киришүү үчүн келгенден кийин Жон Гаранг аркылуу болушу важып. Анткени, ал буга окшогон карама-каршылыктарды чечүүгө кадыр болуп, мындай иштерде анын тажрыйбасы чоң», - деген.

Бул жооптуулар мына ушундай сөздөрдү айтып жатышат, негизи, алар Дарфурдагы козголоңду Гаранг кыймылы кубаттап жатканын абдан жакшы билишет. Судандын тышкы иштер министри 2004-жылы 14-майда журналисттер менен болгон учурашууда корреспонденттердин биринин «Дарфурдагы козголоңго Гаранг кыймылы жооптуубу?» деген суроосуна «Ооба» деп жооп берген болчу. Ошондой болсо да Судан жооптуулары бул проблеманы аларга Гаранг чечип беришин талап кылышууда. Эч күмөн жок, Дарфур өлкөсү үчүн ал каалаган чечим анын дал түштүк сыяктуу Судандан бөлүнүшү.

Судан өкмөтүндөгү кордук ушундай бир даражага жетти дейсиң, алар түштүк козголоңчулары жетекчисинен Дарфур козголоңун чечип берүүнү талап кылды!

Судан өкмөтү мындай позиция менен мамиле кылууда бир жолду кармоодон токтобой жатат, акыр акыбет бул мамиле Дарфурда жана башка түндүк региондордо абалдын олутташуусуна алып келет. Өкмөт куткаруу (жардам берүү) уюмдары бул жердеги козголоңчуларга курал ташып жатканын билип туруп, бул уюмдардын жаңыдан иш башташына макул болду. О.э. козголоңчулар жаңыдан козголоңго даярданышы жана саптарын толуктоолору үчүн аларга парда милдетин өтөй турган Африка көзөмөл топторуна да ыраазы болду. Судан тышкы иштер министринен жогорудагы айтылган учурашууда: «Сиз Судан түштүгүнө Уганда кошуундары киришине уруксат берген бул бүтүмгө кубанасызбы?» деп суроо берилгенде, ал: «Сиз бардык кылган иштериңизге кубанасызбы? Кээде зарылдык талап кылган нерселерди да кыласыз», деп жооп берди. Бул болсо министрдин буга окшогон күчтөр козголоңду козгорун жана аны кубаттарын билишин билдирет.

Эң апааттуусу, өкмөт БУУнун гуманитардык күчтөрү деп аталган түзүлмөлөрдүн чыгып кетишин каралап, алардан Дарфур жарандары иштерин көзөмөлдөөлөрү үчүн калууларын талап кылды. Негизи, өкмөт мурунтан бул түзүлмөлөр фитна козгоо жана жардам сандыктарына курал-жарак контрабанда кылышын жана козголоң борборлору менен алака кылуу менен алектенишин абдан жакшы билет. Дал ушуга окшош окуя колго алынган БУУга караштуу самолёт менен болуп өттү. Анда Дарфурдагы козголоңчулар үчүн курал-жарак жана башка жабдуулар алып кетилип жаткан эле. Мурунураак «Кызыл крест» уюмуна караштуу самолёт менен да дал ошондой окуя жүз берген. Негизи, өкмөттүн милдети бул кошуундардын чыгып кетишин каралашы эмес, жарандары иштерин башкарууга адилеттүү жана жакшынакай көрүнүштө киришиши керек эле.

Өкмөттүн күчсүздүгү, алсыздыгы жана бул маанилүү маселелер алдындагы баш ийүүчүлүгү буга окшогон каргашаларга негиз жана биринчи себеп болот. Дарфурда козголоңго чакырып жаткан малайлардын кадамдары астынан килемдерди тартып алып коюу жолу менен киришүүнүн ордуна (бул 100% мусулмандар жашаган региондо байлыкты бөлүшүү жаатындагы шаръий өкүмдү баян кылып берүү) өкмөт эл аралык мекемелер алдында, «ИГАД», душман Америка жана Европа б.а. Франция, Германия жана Британия алдында алсыздык кылууда. Натыйжада, өкмөт чет элдик кошуундардын киришине жана БУУга көз каранды болгон европалык жана башка дипломатиялык миссиялардын киришине ыраазы болуп, региондогу балээнин негизи болгон Америка менен талкуулашууга жан күйдүрүүдө. О.э. мамлекет башка мамлекеттердин аралаша турган майданына айланып калды. Ошону менен өкмөт Дарфур проблемасын чечүүнү Гаранг жана анын артындагы Америкадан талап кылууда. Анткени, өкмөт, Судандагы бийлик Америкага көз каранды болгон соң, албетте, Америка аны кубаттайт жана ар кандай абалда коргойт деп ойлойт. Негизи, Американын кызыкчылыктары малайлардын вужуду менен кагылыша кетсе же алар өздөрүнө тапшырылган ролдорун өтөп бүтүшсө, ал үчүн малайлардын мааниси калбайт.

Кийин өкмөттүн Ак үй кожоюнунун буйруктарына ылайык түштүктөн баш тартышы Судандын бардык жайларында бир канча документтер менен саясий жана экономикалык жактарды козголоңчулар алдына ачып бергенин көрүп жатабыз. Судан табигый ресурстарынын көп болушуна карабастан абдан оор экономикалык кризиске түшүп калганын баары билет. Бул нерсе өкмөттүн Алланын шариятына тескери болгон ийгиликсиз саясаттары себебинен. Анткени, өкмөт Алла түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзбөй жатат жана калктын иштерин адилеттүү жана жакшынакай көрүнүштө башкарбай жатат.

Албетте, Судан өкмөтү Найвашидеги багынуусу менен Аллага, Анын Расулуна жана бардык момундарга кыянат кылууда. Эгер мындай болбогондо, келе жаткан июнда Найробиде кең көлөмдүү тынчтык бүтүмүнө кол коюлмак эмес. Бул нерсени Хартумдагы Америка элчиканасы иштери менен алектенген Жерард Галлуччи да айтып өттү. Албетте, бул нерсе Судандагы башка ар түрдүү региондор үчүн күрөшүп жаткандар да түштүк жетишкен натыйжага умтулуулары үчүн эшикти ачып коёт. Эгер иш ушундай көрүнүштө улана берсе, Судан көпкө созула турган күрөштөр иргиминде калып кетет.

Бул нерсени Судан ички иштер министри Абдуррахим Хусайн Дарфур окуяларына түшүндүрмө берип, төмөнкүнү баса белгилеп өттү: «Дарфур козголоңчуларынын талаптары да түштүктөгү сүйлөшүүчүлөр талаптарына окшоп калды. Алар өз тагдырын өзү белгилөө жана өздөрү үчүн көз карандысыз армия болушу сыяктуу талаптар болчу». Капыр душмандын колуна өтүшү үчүн мусулмандар жеринин бир карышынан болсо да баш тартуу Исламда чоң кылмыш. О.э. бул нерсе башка региондорду да бөлүнүп чыгууга үндөйт. Душман дагы да көбүрөөк жерге ээ болууну талап кылууга батына баштайт. Анткени, аз болсо да ар кандай баш тартуу үммөт душмандарына дагы да көбүрөөк баш тартууну талап кылуулары үчүн эшикти ачып берет. Палестинада, Индонезияда жана Суданда болгон баш тартуулар бул нерсени анык көрсөтүп турат.

Аянычтуу жана таң калычтуу дагы бир нерсе, өкмөткө каршы болгон партиялар өкмөткө бардык иштерде каршылык кылчу, бирок, алар Америка долбооруна ылайык козголоңчу

Гаранг өкүмдар болуп алышы үчүн түштүктөн баш тартуу кылмышында өкмөттү макулдашты. О.э. алар Дарфурда козголоңчулар менен болуп жаткан сүйлөшүүлөрдөгү нерселерге жана өкмөт ал жерде да түштүктөгү сыяктуу саясат жүргүзүшүнө ыраазы болушту. Бул нерселер өздөрүн өкмөткө каршыбыз деп атап жаткан партиялардагы жаман абалды жана мусулмандардын мамлекеттери жаатында күчсүздүктөрүндө Алладан коркушпай жаткандарын көрсөтүп берүүдө.

Судан өкмөтү алдындагы чечим эки жолдун бирине алып барат.

<u>Биринчиси</u> - батыл жолдо уланып, баш тартуу саясатында уланышы, өзүнө таандык маселелер чечиминде Америкага таянышы жана мамлекетти Америка жана Европа ортосундагы күрөш майданына айландырышы;

<u>Экинчиси</u> - акыйкатка кайтышы. Себеби, акыйкатка кайтуу пазилет. О.э. Алланын шариятына кайтып, Гаранг менен бүтүмдү бекер кылышы, Дарфур козголоңчулары менен сүйлөшүүлөрдү токтотушу жана өлкө бүтүндүгү маселеси. Мына ушуларды негизги маселе деп билип, ар кандай абалда да бул иште алсыздык кылуу жайыз эмес деген негизде чечүү. Анткени, бул маселе өмүр жана өлүм маселеси.

Ал эми, биринчиси – баш тартуу жана ажыздык – мамлекетти кордук, күчсүздүк, талкалануу, майдалануу жана кыйрашына алып келе турган абдан чоң каргаша. Бул болсо Аллага, Анын Расулуна жана бардык момундарга кыянат болуп эсептелет.

Экинчиси болсо урмат-сый, жамаат, биримдик, жыргалчылык о.э. Алла Субханахуну жана Расулу ﷺды ыраазы кылуу.

Судан акимдери туура жолго бурулуп, Алла жана Расулу ыраазы боло турган жолду тандап, дүйнө жана акыретте өздөрүнө пайда бере турган жаркыраган позицияны ээлешеби? Эгер ошондой кылышса, Суданды бириктирип, козголоңчуларды жок кыла турган жана Америка менен Батыштын Судан түндүгү жана түштүгүндөгү таасирин жогото турган Халифалык мамлекети тикеленет. Ошондо Судандагы Ислам бүткүл Африка континенти бойлоп күчтүү көрүнүштө жайылып, даъват жана Алла жолундагы жихад аркылуу адамдар ортосунда хидаятты кең жаят.

وَلَيَنصُرَنَّ اللَّهُ مَنْ يَنصُرُهُ إِنَّ اللَّهَ لَقَوِيٌّ عَزِيزٌ ﴿٤٠﴾

- «*Албетте, Алла Өзүнө (т.а. динине) жардам бере турган заттарды үстөм кылып коёт. Шексиз, Алла Күчтүү, Кудуреттүү».* [22:40]

## -7-

## ИРАК

Ирак адамзаттын илгерки цивилизацияларынын бешиги жана очогу. Ал жерде Ассурий, Бабыл (Вавилон), Ниневия, Ур жана башка илгерки цивилизация борборлору болгон. Ирак жер жүзүнүн эң байыркы жана эң маанилүү жайларынын бири. Себеби, анын тарых тамырлары эң илгерки доорлорго барып такалат.

Мусулмандар Иракты Умар ибн Хаттаб ﵁ заманында (13-23-хижрий, миладий эсеп менен 634-644-жылдарда) фатх кылышкан. Ошондон кийин Ирак эң маанилүү Ислам өлкөлөрүнүн бирине айланды. Себеби, үлкөн Исламий футухат-жеңиштер ушул Ирак жеринде жана андан туруп башталды. Анын кеңдиктеринде Кодисия жана Мадаин сыяктуу Ислам тарыхындагы эң чоң согуштар болуп өткөн жана ал жерде Басра, Куфа, Васит, Багдад, Самарра жана Масул сыяктуу эң ири Ислам шаарларына негиз салынган.

Ирак Шамдын эгизи жана коңшусу о.э. Арабстан жарым аралынын уландысы. Аны Дажла (Тигр) жана Фурат (Ефрат) дарыялары кесип өтүп, анын кең кулач жайган жерлерин дүйнөдөгү эң өнүмдүү жана мол-көл түшүм берүүчү жерлерге айландырат.

Анын Булуң башында мындай өзгөчө географиялык жайгашуусу аны Европа менен Индокеанын бири-бирине байлаган эң маанилүү жолдордун бирине айландырган. Жаңы колонизаторлук доорунда болсо Ирак Британия үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон. Анткени, ал Британия назарында бермет болгон Индия үчүн негизги соода жолу болуп эсептелген. XX кылымдын баштарында Иракта нефть табылгандан кийин ал дагы да көбүрөөк мааниге ээ болду.

Ирак Биринчи дүйнөлүк согушка чейин Усманий Халифалык мамлекетинин бир бөлүгү болгон. Бул согушта Ирак үстүндө бир тараптан Британия, экинчи тараптан болсо Усманий мамлекет менен Германия ортосунда күрөш күчөдү. Британия Иракты Усманий мамлекеттен тартып алууга урунуп, согуштун биринчи жылында Басраны, экинчи жылы болсо Амара шаарын басып алды жана үчүнчү жылы ал-Кут шаарында катуу жеңилүүгө учурады. Бирок, согуштун төртүнчү жылы британиялыктар генерал Мод командачылыгында Багдадды басып алууга жетишишти. Бул 1917-жылы 11-мартта жүз берди. Британиялыктар түндүккө карай жылууну улантып, 1918-жылы 8-ноябрда Масул шаарын басып алышты. Муну менен болсо Ирактын бардык бөлүгү англичандар колуна өттү жана 1920-жылы Ирак Британиянын мандатына моюн сундурулду.

Ошодон кийин Британия өзүнүн малайы болгон Мекке акими Файсал ибн Хусайнды алып келип, ага падышалык таажысын кийдирип, Ирак тактысына отургузду. Файсалдын атасы Хижазды колдон чыгарган эле. Анткени, Британия Хижазды Сауддар үй-бүлөсүнө берди. Ошондуктан, Британия Файсалга Хижаз тактысынын ордуна Ирак тактысын берди.

Британия Иракта хашимийлер королдугу өкүмдарлыгы далдасында үч аскерий базаны сактап турду. Бул базалар Багдаддагы ар-Рашид базасы, Багдад түндүгүндө жайгашкан ал-Хаббания базасы жана Басра жанындагы аш-Шуайба базасы эле. Британиялык аскерий, саясий, экономикалык жана сакафий кеңешчилер бул мамлекеттин чыныгы акимдери болгон. О.э. Британиянын Багдаддагы элчиси да 1958-жылга чейин созулган Хашимийлердин өкүмдарлык доорунда Иракты башкарууда биринчи жана соңку сөздүн (чечимдин) кожоюну болуп турду. Ушул себептен улам, Ирак Британиянын чыныгы бир оазисине айланып калды.

Экинчи дүйнөлүк согушта Германия канцлери Гитлер Иракты англичандардан тартып алууга урунду. Ушул максатта ал Ирак королу Гозий менен алака орнотту. Король Гитлердин сунушуна көндү. Анткени, ал англичандарга каршы душмандыгы болгон. Бирок, Британия аны тынымсыз күзөтүп турчу. Ошондуктан, анын немистер менен болгон алакасы ачылып калгандан кийин, Британия андан тезирээк кутулууга урунуп, автомобиль кыйроосун уюштуруп, аны өлтүрдү. Таажы-тakты мураскорлугуна ылайык, анын кичүү уулу Файсал II Ирак королу болду. Британиялыктар анын абасы Абдул Илахты алып келип, тажы-такты регенти (король жаш болгондуктан анын атынан убактылуу башкарып туруучу) жана мураскору кылып дайындашты. Анткени, Абдул Илах британ тактысына берилген эле, 1958-жылдагы мамлекет төңкөрүшүндө өлтүрүлгөнгө чейин Британияга садык болуп калды.

1941-жылы Германия Иракты англичандардан тартып алуу үчүн дагы бир жолу урунуп көрдү. Ушул максатта Рашид Али ал-Киланийди колдоп-кубаттады. Рашид Али ал-Киланий 1941-жылы 2-мартта бийликти ээлөөгө жетишип, Германия тарабына өтүп, Британияга каршы дароо согуш жарыялады. Бирок, Гитлер ага жардам берүү үчүн кургактыктагы күчтөрдү жибере албастан, немис самолётторунун бир нече эскадрилясын жиберүү менен гана чектелди.

Бирок, Британия Иракта капилеттен жүз берген мындай мамлекет төңкөрүшүнөн коркуп, немистердин Ирактагы нефть булактарын колго алышы коркунучунан тынчсызданып калды. Ошондуктан, ал ал-Киланий өкмөтүн мүмкүн болушунча тезирээк кулатып таштоо планын иштеп чыкты. Ушул максатта өз аскерий күчтөрүн тездик менен Багдадга карай жылдырып, аны басып алды. Ал-Киланий болсо Ирактан качты. Мамлекет төңкөрүшүндө аны менен бирге катышкан төрт офицер өлтүрүлүп, Абдул Илах тактыга кайтарылып, Британия бул мамлекет үстүнөн өз чеңгелин жаңыдан бекемдеп алды.

Ирактыктардын Британия колонизаторлугуна каршы аракети узак доорго чейин токтободу. Анткени, 1920-жылы баскынчыларга каршы күчтүү каршылык күчөп, анын артынан катуу каршылыктар көп убакытка чейин созулду. Бирок, Абдул Илах жана Нури ас-Саъид (бул адам күчтүү адам болгон, Ирактагы бийлик иш жүзүндө анын колунда эле) башчылыгындагы малай өкмөттүн жан үрөп каршылык көрсөтүшү о.э. Британиянын «бөлүп ташта жана өкүмүңдү сүр» деген эреже негизинде саясат жүргүзүп, түрдүү тайпалар жана мазхабдар ортосундагы бөлүнүүнү күчөтүшү Британияга Ирак үстүнөн мына ошондой узак мөөнөт өкүмдарлык кылуу мүмкүнчүлүгүн берди.

Америка экинчи дүйнөлүк согуш аякташы менен эле өз ийнинен чыгып, күрөш майданына кирди жана Ирак нефтиси үстүнөн кожоюндук кылуу боюнча Британия менен атаандаша баштады. Америка 1920-жылы өткөрүлгөн Сан-Ремо конференциясынан бери Британиядан Булуң нефтисинен өз үлүшүн талап кылып келчү. Бирок, Британия ошол убакта дүйнөдөгү биринчи орунда турган мамлекет болгондуктан, Американын талабын катуу четке какты. Бул болсо Американын ошол учурдагы президенти Вильсонду Британия өкмөтүнө: «Силер алда качан эски модага айланган колонизаторлуктун бир түрүн ишке ашырмакчы болуп жатасыңар» деп жазылган катты жиберүүгө мажбур кылды. Британия экинчи дүйнөлүк согуштан кийин да Американын Булуң нефтисинен чоңураак үлүштү колго алуу максатында өткөрүп жаткан басымдарына каршылык көрсөтүүнү улантты. Бирок, Британия каршысында Американын мындай ач көз каалоолоруна тогонок боло албады. Британия премьер-министри Черчилл Британия коргоо министрлиги мүчөсү Лорд Бивер Брукка кат жазып, катта Кошмо штаттардын нефть жаатындагы талаптары жөнүндө Брук жазган меморандумда каршылык түрүндө мындай деген: «Мен сизди абдан жакшы түшүнүп турамын албетте. Бирок, мен бул согуштан кийин биз эгер нефть боюнча Кошмо штаттар менен согушка кире турган болсок, дүйнөнүн кулашы мүмкүндүгүнөн коркуп жатамын».

Америка президенти Рузвелт экинчи дүйнөлүк согуштун акырында Жакынкы чыгышка комиссия жиберди. Бул комиссия Саудия, Ирак, Иран, Кувейт, Бахрейн жана Катарды айланып чыгып, Америкага кайтканда президент Рузвелтке өз отчётун сунуштады. Бул отчёт мындай сөздөр менен башталат: «Жакынкы чыгыш нефтиси табият тарыхта калтырган эң чоң казына. Бул казынанын экономикалык жана саясий таасири келечекте абдан чоң болот». Ошондуктан, тышкы иштер министри Бернс президент Рузвелттен: «Урматтуу президент, биз Жакынкы чыгыш нефтисинен канча үлүшкө ээ болушубуз керек?» деп сураганда, Рузвелт бир аз унчукпастан туруп, кийин: «100%дан кем болбошу керек» деп жооп берген.

Американын чет өлкөдөгү миссия өкүлдөрүнүн бири Гарольд экс президент Рузвелтке мындай деп кат жазган: «Жакынкы чыгыш кудум нефть майдандарынан турган үлкөн аалам галактикасындай, бирер киши дүйнөдө буга тең келе турган кендер барлыгын билбейт. Сайдия болсо бул галактиканын күнү. Анткени, ал Жакынкы чыгыштагы эң чоң нефть кудугу болуп эсептелет жана ал жерде биз үчүн абдан ыңгайлуу шарттар бар. Себеби, Саудия падышасы Абдул-Азиз Али Сауд эки нерсени гана: акча жана өз таажы-тактысын сактап калууну гана каалайт. Кошмо штаттар болсо ага муну камсыздап бериши керек». Чындыгында, мындай иштин тартип-чаралары иш жүзүндө Саудия королу Абдул-Азиз менен келишип алынды. Бул нерсе Абдул-Азиздин Сувайш (Суец) каналында турган Американын «Куинси» крейсери бортунда президент Рузвелт менен учурашууда жүз берди жана Америка Саудия падышасы менен «Арамко» компаниясы ортосунда түзүлгөн бүтүмгө ылайык Саудия нефтисин колго алды. «Арамко» компаниясы төрт нефть компаниясынан түзүлгөн компания, алар «Нью Жерси», «Тексако», «СОКАЛ» жана «Сокони-Вакуум ойл компани» компаниялары.

«Сокони-Вакуум ойл компани» компаниясынын президенти 1945-жылы мындай деген: «Нефтиге тийиштүү иштерди башкаруу башка ар кандай товарга тийиштүү иштерди башкаруудан бүтүндөй айырмаланат. Анткени, нефтиге тиешелүү иштердин 90%ы саясат, бул иштердин 10%ы гана нефть». Кийин ал минтип кошумчалайт: «Кошмо штаттардын дүйнөдөгү нефть иштерин башкарышы анык болгон соң, демек Кошмо штаттар эгер зарылдык туулса, жада калса, өзүнүн

регионалдык саясаты чегарасынан жана эл аралык мыйзам чектөөлөрүнөн чыгып кетүү менен болсо да муну ишке ашыруу андан талап кылынышын ар дайым эсинде тутушу керек».

Бирок, Америка пайдасына Саудиядагы нефтиден жана Ирандагы нефтинин маанилүү бөлүгүнөн баш тарткан Британия Ирак нефтисинен Америка пайдасына баш тартпады жана Иракты өзүнүн ушул региондогу негизги базасы катары сактап калды. Ушул максатта Британия 1955-жылы февралда Иракты Түркия, Иран жана Пакистан мүчө болгон «Багдад пакты»сына кошту. Бул пакт Британия көзөмөлү астында түзүлдү.

Америка Британиянын Ирак үстүнөн болгон мына ушул кожоюндугун бир аскерий төңкөрүш уюштуруу аркылуу сындырып таштоого аракет кылды. Бул аскерий төңкөрүш Египетте Абдун Насир Египет королу Фарукка каршы ишке ашырган аскерий төңкөрүш ыкмасында даярдалды. Анткени, «Египет азат офицерлери» кыймылына окшогон Абдулкарим Косим жана Абдуссалам Ариф башчылыгындагы «Ирак азат офицерлери» кыймылы түзүлүп, региондо вужудга келген абалдан, айрыкча, Абдун Насирдин король Фарукка каршы жасаган мамлекеттик төңкөрүшү ийгиликтүү ишке ашышынан, «үчтүк агрессиясы» (Британия, Франция жана Израилдин биргеликтеги агрессиясы) жокко чыкканынан, Британиянын бул региондон кууп чыгарылышы жана күч-кубаты солгундашуусу башталышынан жакшы пайдаланылды. 1958-жылы 14-июлда Абдулкарим Косим жана Абдуссалам Ариф башчылыгында аскерий төңкөрүш ийгиликтүү ишке ашырылып, Ирактагы монархия (падышалык) түзүм кулатып ташталып, Ирак республика деп жарыя кылынды. Абдун Насир ыңкылапчыларды дароо куттуктады. Британия болсо бул төңкөрүшкө жол койбоо үчүн аралашууга урунуп, өз аскерий күчтөрүн Иорданияга түшүрдү. Ошол эле учурда, Америка өз күчтөрүн Ливанга түшүрдү. Түркия да өз армиясын Ирак менен болгон чегараларга топтоду. Иордания королу Хусайн жана «Багдад пакты»сына мүчө мамлекеттер Иракта монархия түзүмүн кайра тикелөөгө чакырышты. Абал кескиндешип, иштер кыйындашып кетти. Советтер союзунун башчысы Хрущев Батыш мамлекеттерин, айрыкча, Британия жана Түркияны Ирак иштерине аралашуунун жаман акыбеттеринен катуу эскертти. Совет армиясы өз күчтөрүн Түркия менен болгон чегаралар бойлоп топтоду. Америка болсо орустар менен тил бириктирди. Натыйжада, Британия кескиндиктин мындай күч алышынан коркуп калды жана максаттарынан баш тартып, артка чегинди. Иштер ушуну менен тынчып, Иракта жаңы республика түзүмү тикеленди. Муну менен болсо Ирак «Багдад пакты»сынан чыгып, англичандардын аскерий жана саясий чеңгелинен кутулду. О.э. Ирак фунт стерлинг зонасынан чыгып, англичандардын финансылык чеңгелинен да чыгып кетти.

1961-жылы болсо Иракта бир мыйзам чыгарылып, бул мыйзам боюнча, чет элдик нефть компаниялары артыкчылыктарга ээ болгон көп региондор Ирак мамлекетинин карамагына алынды. Бул болсо Абдулкарим Косим өкмөтүнө каршы Британия жана Батыш мамлекеттеринин каарын козгоого алып келди.

Ыңкылапчылар Египет президенти Абдун Насир менен мамиле орнотуу жаатында бири-бирине карама-каршы эки топко бөлүнүп калышкан эле. Анткени, Абдуссалам Ариф Абдун Насирдин адамы болуп, Египет жана Сирия менен биргеликте Бириккен араб республикасынын курамына кирүүнү абзел деп билчү. Бирок, Абдулкарим Косим муну каалабады. Ариф өз сапташы Косимдин насирче саясатка толук кошулбашын көргөн соң, аны менен мамилени үзүп, ага каршы мамлекет төңкөрүшүн ишке ашыруу үчүн ыңгайлуу учурду күтө баштады. Ошондон кийин Косим аны өкмөт курамынан чыгарып таштады. Ариф бул өкмөттүн экинчи кишиси болуп эсептелчү. Мына ошондон кийин ал камакка алынып, сотко тартылды.

Бирок, Ирактагы абалды чиелештирген нерсе Абдулкарим Косимдин өз өкүмдарлыгынын акыркы жылдарында коммунисттер менен кызматташтык кылышы болду. Мындай кызматташтык барган сайын күчөдү. Бул болсо анын бийликте турган чагында Ирактагы коммунисттердин позицияларын күчөттү. Бирок, бул нерсе Америка малайларын да, Британия малайларын да Абдулкарим Косимге каршы тукурду. Маселен, Абдун Насир ага катуу чабуул кыла баштады жана анын Ирактык коммунисттерден турган союздаштарына

да чабуул кылып, аларды Москвага малайлык кылууда айыптады. О.э. ал аларды панарабизмден алыстоо жана араб улутчулдугунан бөлүнүп чыгуу менен айыптай баштады. Ошондуктан, Абдун Насир Абдулкарим Косимге каршы көтөрүлгөн кээ бир ыңкылаптык аракеттерди, ошону менен бирге, полковник Абдулваххаб аш-Шавваф башчылык кылган аракетти колдоп-кубаттады. Бирок, мындай аракеттер жокко чыкты. О.э. «БААС» партиясы да өз саптарын тартипке сала баштады жана Абдулкаримге каршы ыңкылапка даярдык көрүүгө киришти.

Ошентип, баасчылар жана улутчулдар Абдулкарим Косимди кулатып таштоо үчүн биригип, 1959-жылы ага кол салууга урунушту. Абдун Насир бул кол салуу амалияты оңой өткөрүлүшүн камсыздоо үчүн өзүнүн Багдаддагы аскерий атташеси Абдулмажид Фаридге 7000 Египет фунтун төлөп, аларга колдоо көрсөттү. Бул «БААС» партиясынын ошол убактагы жооптуу катчысы Али Салих ас-Саъдий айткан нерсеге таянган маалымат. Бирок, кол салууга болгон ошол урунуу жокко чыкты.

Ошондон кийин саясий күчтөрдүн Абдулкарим Косимге каршы биригүүсү уланды. Бул күчтөр Америка, Британия жана укуктарынан куру-жалак калып зыян көргөн нефть компаниялары тарабынан колдоп-кубатталды. Иштер бара-бара олуттуу түс ала баштады. Бул кызыкчылык талашуу оюнуна күрддөр да тартылды. Акыбетте Абдулкарим Косимге душман болгон күчтөр көбөйүп кетип, жаңы мамлекет төңкөрүшүн ишке ашыруу үчүн ар тараптуу ыңгайлуу абал жүзөгө келди.

Күтүлүп жаткан мамлекеттик төңкөрүш планы 1963-жылы 8-февралда бышып жетилди. Ошол күнү Абдун Насир тарабынан колдоп-кубатталган «БААС» партиясы жана улутчул күчтөр Абдуссалам Ариф башчылыгында үрөй учургандай кандуу мамлекеттик төңкөрүштү ишке ашырышты. Бул мамлекет төңкөрүшүндө Абдулкарим Косим өлтүрүлүп, коммунисттер талкаланды. «БААС» партиясынын жооптуу катчысы Али Солих ас-Саъдий бул төңкөрүш жүз бергенден кийин: «Биз бийликке Америка «поездин»де келдик (т.а. Американын колдоп-кубаттоосу менен келдик)», - деген. Иордания королу Хусайн болсо «ал-Ахром» гезитинин мурунку башкы редактору Мухаммад Хусайн Хайкал менен учурашуусунда мындай деген: «Уруксатыңыз менен ушуну айтмакчымын, Иракта 1963-жылы 8-февралда жүз берген иштер Америка разведкасынын колдоосу менен ишке ашты». Бул мамлекет төңкөрүшүн ишке ашырган кимселер түрдүү күчтөр өкүлдөрүнөн куралып, бул күчтөрдүн бири Америкага көз каранды болсо, экинчиси англичандарга көз каранды эле. Ошондуктан, бул күчтөрдүн бири экинчиси үстүнөн үстөм болууга урунуусу албетте анык.

Бул мамлекет төңкөрүшү англичандардын адамдары болгон Али Салих ас-Саъдий, Махдий Аммаш, Ахмад Хасан ал-Бакр, Хардан ат-Тикритий жана башка кимселер башчылыгындагы баасчылар тарабынан жана артында Америка турган Абдун Насирдин «эркетай»лары Абдуссалам Ариф, Тахир Яхя жана башкалар башчылыгындагы улутчулдар тарабынан ишке ашырылды.

Ошондон кийин улутчулдар жана баасчылардан турган мындай шериктер ортосунда бийликтеги укук-мансаптарды бөлүп алууда келишпестик жүз берди. Бул келишпестикке алардын түрдүү саясий багытта экендиктери жана түрдүү мамлекеттерге көз каранды экендиктери себеп болду. Натыйжада, Абдуссалам Ариф баасчыларды бийликтен четтетип, насирчилерди өзүнө жакындаштырып, бийликтеги чеңгелин бекемдеп алды. Ал башкаруу ыкмаларында Абдун Насирге ээрчип, ага жакындашып, анын саясаты менен шайкеш саясат жүргүзө баштады. Баасчылар болсо өздөрүнүн бийликтен четтегендерине каршы жооп катары Абдуссалам Арифти бийликтен оодарып таштоого урунушту. Ушул максатта алар өз күчтөрүн топтоп, 1964-жылы аны оодарып таштоого аракет кылышты. Бирок, алардын иши ачылып калды. Абдун Насир шашылыш түрдө 600 египеттик аскерди Ариф күчтөрүнө колдоо көрсөтүү үчүн Иракка жиберди. Натыйжада, баасчылардын мамлекет төңкөрүшүнө болгон урунуусу жокко чыкты. Улутчулдар менен союз түзгөн насирчилер Абдуссалам Ариф башчылыгындагы улутчулдар менен Ирак өкмөтүнүн министрлик портфелдерин тең бөлүп алышты.

1966-жылы 13-апрелде Абдуссалам Ариф каргашалуу окуяда курман болду. Анын ордуна анын иниси Абдуррахман Ирак президенти болуп дайындалды. Анын президенттикке келишинде Америка чоң роль ойноду. Бирок, Абдуррахман саясатка жарабаган күчсүз кимсе эле. Ошондуктан, Абдуссалам Ариф өлүмүнөн кийин иштер башаламан болуп кетти жана Ирак кээде англичандар таасирине түшүп калса, кээде Америка таасири астына түшө турган болуп калды. Бул күрөш акыры барып 1968-жылы июлда жүз берген мамлекеттик төңкөрүш себептүү англичандар пайдасына чечилди. Анткени, англичандар малайы болгон баасчылар ал-Бакр жана анын орун басары Саддам Хусайн башчылыгында бийликти ээлеп алышты.

Мына ушул окуядан он жыл өткөндөн кийин ал-Бакр «БААС» партиясынын бардык күчтөрүн өз айланасына топтоого жана коопсуздук күчтөрүн өз колуна алууга жетишкен Саддам Хусайн пайдасына бийликтен баш тартууга мажбур болду. Саддам мамлекеттин аскерий күчтөр мансаптарынын баарын түгөткөндөн кийин бардык иштер анын колуна өтүп калды. Мына ошондон кийин Саддам Хусайн Хумайний ыңкылабы себептүү зыян көргөн Британия кызыкчылыктарын коргоп Иран менен согушка кирди. Абдан чоң зыян алып келген бул согуш сегиз жылга созулду.

1990-жылы болсо Саддам дагы согуш баштап, Кувейтке чабуул кылды жана ошол жылы жайында аны басып алды. Британия бул согуштан басым өткөрүүчү ыкма катары пайдаланмакчы болгон. Мындай ыкма ага эки ишти жүзөгө чыгара турган сүйлөшүүгө жол ачып бериши керек эле. Биринчи иш өзүнүн малайы Саддамды ушул региондун күчтүү мамлекет жетекчиси кылып көрсөтүп, ушул региондогу өз позицияларын бекемдеп алуу болсо, экинчи иш Булуңдагы нефтиге жана таасир өткөрүүдө Америкага шерик болууну кепилдөөдөн турган. Бирок, Америка бул согуштан Булуңду ээлеп алып, ал жерде аскерий базаларды куруу, Булуң нефтиси үстүнөн жана ал жердеги акимдер үстүнөн - Америкага малай болгон акимдердин үстүнөн да, Британияга малай болгондору үстүнөн да - толук кожоюндук кылуу үчүн пайдаланды. Америка муну Кувейтти азат кылуу шылтоосу менен ишке ашырды. Британия бул проблеманы сүйлөшүүлөр аркылуу чечүүгө көндүрүү үчүн урунуп көрдү, бирок, мунун жүзөсүнөн чыга албады. Тескерисинче, бул согуш Америкага Булуң кожоюну болуп алуу үчүн ыңгайлуу учур жаратты. Америка мындай ыңгайлуу учурду көп жылдардан бери күтүп жаткан болчу. Британия Американын Булуңду ээлеп алууга катуу киришкенин көргөндөн кийин, Америка менен коалицияга кирди (союз түздү). Бул үчүн Америкага Ирактагы өкүмдар режимди жоготпоону, балким, аны Кувейттен чыгарууга гана чектелишин шарт кылып койду. Өз ара келишип алып жарыя кылынгандай, бул согуш «Кувейтти азат кылуу» деген шылтоо астында алып барыла турган болду. Согуш мына ушундай көрүнүштө башталып, 1991-жылы Америка Иракты Кувейттен чыгаруу деген шылтоо менен ага каршы согуш ачуу үчүн курамына отуздан ашуун мамлекет жана малай араб мамлекеттери кирген коалицияга башчылык кылды. Эгер, Американын Британия менен өз ара келишүүсү болбогондо, айрыкча, согуш баштоо үчүн аргумент катары «бул согуш Кувейтти азат кылуу үчүн алып барыла турган согуш» деп жарыя кылынбаганда, Американын Саддам Хусайн режимин кулатып, Багдадды басып алышына аз гана калган эле. Ошентип, Америка Саддам режимин жок кылуудан өзүн тыйды жана шиалар менен күрддөрдүн бул режимге каршы көтөргөн козголоңдорун басууну ушул режимдин өзүнө коюп берди. Ошондуктан, чоң Буш Багдадга карай ылдам бастырып бара жаткан Америка генералы Шварцкопф менен байланып, ага армияны токтотуп алып чыгып кетүүнү буюрган кезде генерал таң калып: «Урматтуу президент, алдыбызда эч кандай тосук жок. Ошондуктан, биз бир канча саат ичинде Багдадда болобуз жана Саддам режимин кулатабыз», - деген. Бирок, Буш ага: «Бул жерде сиз билбеген иштер бар. Тездик менен артка кайтыңыз», - деп каршы жооп берген. Буш бул сөздөрү аркылуу Британия менен болгон келишүүгө шилтеме жасаган. Белгилүү болгондой, Америка Саддамды бийликте калтыруудан Булуңдагы мамлекеттерди Ирак режиминен коркутуу, алар үчүн Америка жардам сурап бара турган жай болуп калышы үчүн пайдаланды. О.э. Америка Саддам өз жарандарына жана коңшуларына кол сала албасын деген шылтоо менен Ирак түштүгү

жана түндүгүндө Ирак самолётторунун учушуна тыюу салынган аба зоналарын жүзөгө келтирүү үчүн бир далил катары да Саддамдан пайдаланды.

Ошентип, Америка Ирактагы бийликти кулатуунун ордуна Иракты камал кылуу менен чектелди. Америка камалы БУУ чүмбөтү астында 2003-жылга чейин созулду. Бул учурга келип Америка менен Британия күчтөрү Иракка экинчи жолу бастырып кирип аны басып алды, Саддам режимин оодарып таштады о.э. Ирак нефтисине кожоюн болуп алды. Ошондой кылып, Ирак экинчи жолу түздөн-түз Америка башчылыгындагы колонизаторлук чеңгелине түштү жана Ирак тарыхында алгачкы жолу америкалык Пол Бремер деген кимсе анын акими болуп дайындалды.

Иракка каршы каратылган мындай согуш үлкөн пландарды ишке ашыруу үчүн ташталган биринчи кадамдар гана. Бул пландар азыркы Америка жетекчилиги бийликке келишинен мурун аскерий өнөр жай компаниялары жана нефть компаниялары менен өз ара келишип о.э. Кошмо штаттардагы «оң канат» күчтөрү таянган эрежелерге ылайыкталып иштелип чыккан.

Башталышында Американын XXI кылымга болжолдонгон тышкы саясатынын жаңы негиздерин иштеп чыгуу туурасында пикир жүргүзүлдү. Американын мына ушул жаңы тышкы саясатынан көздөлгөн максат Американын дүйнөдөгү биринчи орунда туруучу мамлекет катарындагы ролун сактап калуу, бүткүл дүйнөнү Америка таасирине моюн сундуруу, эч кандай мамлекет же улуттун Америкага каршы чыгышына же аны дүйнөдөгү биринчи орунда туруучу мамлекет деңгээлинен түшүрүү үчүн урунушуна жол койбоо – мейли, бул жол койбоо бир жактама аскерий күч иштетүүнү жана БУУнун ыраазылыгын алып отурбоону талап кылса да – ар кандай мамлекет же үммөттү мындан тыйып коюу болчу. Бул саясат башында «күч иштетүү аркылуу тынчтык орнотуу» (peace through strength) деп аталды. Пентагон тарабынан 1992-жылы, Дик Чейни коргоо министри болуп турган кезде чыгарылган документте мына ошондой атама берилген. Бул долбоор үстүндө иш алып баруу ал 1997-жылы толук калыптанганга чейин улантылды. Анын үстүндө туруп иш алып барган эң көзгө көрүнгөн кимселер Пол Волфовиц, Доналд Рамсфелд жана Дик Чейнилер болгон. Бул долбоор өзүнүн акыркы көрүнүшүндө «Жаңы америкача кылымдын долбоору» (Project for the New American Century) деп аталды.

2000-жылы сентябрда чыккан документте көрсөтүлгөндөй, «Америка коргонуусун кайра куруу: жаңы кылым стратегиялары, куралдуу күчтөрү жана ресурстары» (Rebuilding America's Defenses: Strategies, Forces and Resources for a New Century) деп аталган бул долбоор төмөнкүлөрдү талап кылат:

Америка ылайыксыз деп эсептеген режимдерди (түзүмдөрдү) өзгөртүү, Европа түштүгүндө, Түштүк Азияда, Борбордук Азияда жана Жакынкы чыгышта Америка күчтөрүн кең көлөмдө жайгаштыруу, дүйнөнүн энергия булактарына жеке кожоюндук кылуу жана Америка көздөгөн максаттарды иш жүзүнө ашыруу үчүн мейкиндикти аскерлештирүү жана ядролук курал-жарактарды ишке салуну ниет кылуу.

«Сандей Гералд» гезити маалым кылган мына ушул документте Буш кеңсеси – Саддамдын бийликте калышы же калбашына карабастан – Булуң үстүнөн бир нече он жылдыктарга чейин аскерий көзөмөл орнотууну пландаштыргандыгы көрсөтүлгөн. Документте айтылышынча: «Кошмо штаттар Булуң коопсуздугун камсыздоодо ар дайым эң чоң роль ойношу керек жана Ирак менен болгон конфронтация Американын Булуңда абдан ири аскерий күчтөрүн кармап турушун актоочу шылтоо болот».

Ошондуктан, демек, Иракка бастырып кирүү планы мурунтан иштелип чыккан, мына ушул планды ишке ашыруу үчүн ыңгайлуу учурду гана даярдоо калган эле. Мына ошондон кийин ыңгайлуу учур катары 2001-жыл 11-сентябрь окуялары жүз берди.

Ошентип, Америка мына ушул планды ишке ашыруу үчүн, жада калса, Афганистанды басып алышынан да мурунураак ыңгайлуу шартты даярдай баштады. Бул даярдык төмөнкү баскычтарды басып өттү:

Бастырып кирүү үчүн эң чоң шылтоо «Ирак массалык кыргын салуучу куралга ээ» деп доо кылуу болду. Ошондуктан, башталышта «карасанатайлык огу» жөнүндө сөз жүргүзүлдү

жана Ирак, Иран, Түндүк Корея карасанатайлык очоктору катары тилге алынды. Анткени, Буш 2002-жылы январда интервью берип Ирак, Иран жана Түндүк Кореяны «кара санатайлык огу» деп атады. Буш бул үч мамлекеттин массалык кыргын куралдарына ээ болууга аракет кылып гана калбастан, балким, мына ушул куралдарды террористтерге берүү ниетинде экендиктерин да кошумчалады. Буш мындай дейт: «Убакыт бизге каршы иштеп жаткан соң, мен жаңы окуялар жүз беришин күтүп тура албаймын. Мен дүйнөдөгү эң кооптуу режимдин дүйнөдөгү эң кооптуу куралдар менен бизге коркунуч туудурушуна эч качан жол койбоймун».

Америка жетекчилигинин Иран жана Түндүк Кореяга аскерий аралашуу ниети жоктугу маалым болгон. Анткени, Буш карасанатайлык очоктору жөнүндө сүйлөгөндөн эки апта кийин Колин Пауэлл конгресске сунуштаган маалыматта Иран жана Түндүк Корея туурасында сөз жүргүзүп: «Биерде бул мамлекеттерге каршы согуш баштоо планы жок. Биз эки мамлекет менен талкууга киришүү каалоосундабыз. Биз курал-жарактарды таркатышына жол койбоо үчүн Түндүк Кореяны болгону камал гана кылмакчыбыз жана курал таркатпоо жаатында бул эки мамлекетке басым өткөрөбүз. Бизде Түндүк Кореяга каршы согуш ачуу же Иран менен карама-каршылыкка кирүү планы жок».

Ал эми, кичүү Бушту Ирак менен бирге Иран жана Түндүк Кореяны да «карасанатайлык огу»на кошууга үндөгөн эң маанилүү себептерге келсек, бул себептердин биринчиси мындай, эгер Буш бир гана Иракты бута катары көрсөтө турган болсо, анда бул нерсе саясат жана пландар түзүү жагынан зыян жеткириши мүмкүн эле. Анткени, мындай кылынса, Америка жетекчилиги бүткүл этибарын Саддамга каратып жатат деп түшүнүлүп калып, бул учурда баарынын этибары Буштун Иракта жасаган кылмыштарына каратылып, Буш жетекчилиги Америка коомчулугу алдында да, эл аралык коочулук алдында да кыйын абалга түшүп калмак. Экинчи себеп мындай, Буш эгер Ирак менен бирге Иран жөнүндө гана сөз жүргүзө турган болсо, бул согуш мусулмандарга каршы каратылган жаңы кресттүүлүк согушу деп түшүнүү ыктымалы пайда болмок. Бул болсо Буш үчүн – али Иракка согуш баштабай туруп – мусулмандар өлкөлөрүндө бир далай кыйынчылыктарды жаратмак. Ошондуктан, «карасанатайлык очогу»нун мисалы катары Корея да тандалды. Анткени, Кореяны Америкага душман кылып көрсөтүү менен бирге ал мусулман мамлекет да эмес. Мындан тышкары, Америка Түндүк Кореяны «кайнак чекит»ке айландыруу аркылуу Кытай менен Россияны ушул проблема менен убара кылып коюу максатын да көздөдү. Муну менен болсо Буштун «карасанатайлык огу» жөнүндө сөз жүргүзүшү Америка коомчулугун ошол карасанатайлык очокторун жок кылуу үчүн алып барыла турган согушту кабыл алууга даярдоо экени маалым болот.

Ошондон кийин Ирактын массалык кыргын куралдарына ээ экендиги жана бул куралдарды ишке салуудан тайбашы, анткени, өз калкына каршы аны ишке салгандыгы жана террористтер менен бирге иш алып барып жаткандыгы, ошондуктан, бул куралдарды террористтерге жеткирип бериши мүмкүндүгү жөнүндө сөздөр айтыла башталды. Бул жаатта Америка жетекчилигиндеги таанымал адамдар тарабынан байма-бай билдирүүлөр берилди. Маселен, Улуттук коопсуздук боюнча кеңешчи Кондолиза Райс: «Иракта залим режим өкүмдар. Туура, дүйнөдө башка залим режимдер да бар экендиги акыйкат. Бирок, Ирактагы режим өзүнө коңшулаш болгон мамлекеттерге кол салууда. Бул залим режим Американын жана Америка союздаштарынын бул региондогу кызыкчылыктарына коркунуч туудурууда. Саддам биздин досторубузга каршы Жакынкы чыгыштагы террористтерди колдоп-кубаттады. Маселен, ал өзүн жардырып жиберип жаткан палестиналыктарга акча берди жана Америка президенти чоң Буштун Кувейтке жасаган сапарында ага кол салууга урунду. Демек, бул жаатта Иракка окшогон бир да мамлекет жок. Башка мамлекеттерден айырмаланып, Саддам массалык кыргын куралдарын иштеп чыгаруу менен эле чектелбестен, балким аларды ишке да салды. Ошондуктан, жер жүзүндө мындай ишти аткарган бир да мамлекет жок» деп, Саддам бутага алынышынын дагы бир себеби катары ушул нерселерди жарыя кылды.

Буш жетекчилиги Саддамдын массалык кыргын куралдарына ээ экендиги туурасында бардык жакка жар салып, өз союздаштарын жана Америка коомчулугун буга ишендирүүгө урунду. 2001-жылы ноябрь жана 2002-жылы март айы аралыгындагы доор Иракка каршы согуш жарыя кылуу туурасында токтом кабыл алуунун чечүүчү баскычы болду. Буш жетекчилигинде массалык кыргын куралдары жөнүндө сөз жүргүзгөн кимселер БУУ, Америка разведкасы жана Батыш разведкаларынын мурунку анализдерине таянышкан болчу. Анткени, максат Ирактын чындап эле массалык кыргын куралына ээ же ээ эместигин аныктоо эмес, балким, Америка шарт даярдап жаткан согушка даяр шылтоо болушу үчүн бул маселе туурасында дүрбөлөң көтөрүү эле.

Мындан тышкары, Америка жетекчилигинин тизгинин бекем кармаган неоконсерваторлор Иракта массалык кыргын куралы пайда болушунан, жада калса, мунун болгону бир ыктымалынан да абдан коркушат эле. Анткени, алар муну жөөт мамлекети үчүн, арийне, өздөрү үчүн да бир кооп-коркунуч деп эсептешчү. Себеби, бул кимселер Израилди өздөрүнүн ушул региондогу жашоо кызыкчылыктары деп билишет.

Саддамдын массалык кыргын куралдарын «террорист»терге берүү ыктымалы маселеси болсо Америка жетекчилигинде эң көп талкууланган иштердин бири болду. Волфовиц муну минтип тан алган: «Бул жерде Саддам режими жөнүндө биз корккон үч нерсе бар. Биринчиси – массалык кыргын куралы, экинчиси – Саддамдын террористтерди колдоп-кубатташы, үчүнчүсү – Саддамдын Ирак калкына каршы кылган кылмыштары... Негизинен, бул жерде булардан маанилүүрөөк болгон төртүнчү себеп да бар, ал массалык кыргын куралы менен терроризм ортосундагы байланыш...».

Ошентип, неоконсерваторлор бүткүл этибарды Саддамдын массалык кыргын куралына ээ экендигине жана бул куралдын Америкага сокку берүү үчүн «террористтер» колуна өтүп калуу мүмкүндүгүнө карата башташты.

Бул маселе боюнча бир канча сценарийлер жазылды. Маселен, бир Америка жооптуусу: «Саддам тарабынан келиши мүмкүн болгон эң чоң коркунуч анын химиялык куралдарды жөнөкөй эле нерселердин жардамында, мисалы, чемоданда же самолётто ишке салышы», - деди.

Рамсфелд болсо конгрессте Ирак менен терроризм ортосундагы алака жөнүндө сүйлөп мындай дейт: «Терроризмге каршы күрөштөгү эң биринчи максатыбыз 11-сентябрь окуясынын дагы бир жолу жүз беришине жол койбоо жана Америкага каршы массалык кыргын куралын ишке салууга дуушар болуудан этият болуу. Ошондуктан, бул жерде терроризм коркунучу террористтик режим тарабынан болобу же террористтик топ тарабынан болобу деген маселени талкуулап отурушубуздун зарылдыгы жок. Маанилүүсү, каерден келип чыгып жаткан болбосун, бул коркунучту бүтүндөй жок кылуу... Биз билген иш ушул, Ирак ядролук куралга ээ болууга аракет кылып жатканы менен бирге анда мына ушул тапта биологиялык жана химиялык курал да бар».

Афганистанга кылынган чабуул аягына жеткенден бир нече апта кийин т.а. декабрь айынан кийин Ирак Америка күн тартибиндеги биринчи маселеге айланды. Америка Ирак массалык кыргын куралына ээ жана бул куралды «террористтер»ге бериши мүмкүн деген шылтоо менен өзүнүн ички абалын ушул согушка даярдады жана бар күчүн сарптап, эл аралык абалды да мүмкүн болушунча ушуга даярдоого аракет кылды.

Кийин Америка бул иштерге дагы бир максатты кошту. Ал бул максатты мезгил-мезгили менен баса белгилеп келчү. Бул максат Батыш цивилизациясын (хазаратын) кең жайып, бул цивилизация адамдардын акыл-зээндериндеги Исламдын ордун ээлеши үчүн Исламий регионго каршы хазарий күрөш алып баруу эле. Америкалыктар муну менен өздөрүнүн жасалма кыймат-баалуулуктарын «оңой эле жая алабыз» жана бул региондо туулуучу келерки муундардын акылдарын калыптандыруу үчүн өздөрү тандаган таалим программаларын «жолго коё алабыз» деп ойлошту. Ушул максатта алар эркиндик, демократия, аялга мүмкүнчүлүк берүү жана адам укуктары жөнүндө көптөгөн сандырактарды чыгара башташты. Алардын мындай сандырактары артынан көздөгөн максаттары Иракка жасаган баскынчылыктарын бул регионго Батыштын мына ушул «нур

чачкан» баалуулуктарын көчүрүүнүн бирден-бир жолу деп сүрөттөө эле. «Чоң Ортоңку чыгыш» долбоору мына ушул көз караштан келип чыгып иштелип чыкты. Алар бул долбоор үстүндө 2004-жылдан мурун эле иштеп келишти жана аны өнөр-жайы өнүккөн сегиз мамлекеттин июнда болуп өткөн жогорку даражадагы саммитине жана Түндүк Атлантика союзунун июнь айынын акырында Стамбулда болуп өткөн конференциясына сунуштоону чечишти. Америка Иракты ушул региондо Батыш баалуулуктарын жаюу борборуна айландырууну каалаган. Анын мындан көздөгөн максаты Үммөттүн өз улуу Исламына карай туура жолдогу Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу Исламий жашоону кайрадан баштоого карай талпынышы каршысында тосук болуп түшө турган «оору» саясий катмарды вужудга келтирүү. Халифалык Мамлекети тикеленишинин барган сайын жакындашуусу Батышты жана эң оболу Американы тынчсыздандырып койду. Ошондуктан, алар Халифалык али дүйнөгө келбестен туруп ага каршы жана ал негизделе турган Исламга каршы күрөш алып барууну планлаштырууда.

Ошентип, Америка массалык кыргын куралын жок кылуу жана бул региондо демократия, эркиндик багыттарын, Батыш кыйматтарын кең жаюу деген нерселерди шылтоолоп, Иракка каршы агрессия жасоо үчүн даярдык көрдү. Америка 2003-жылы 19-мартта согуш баштап, 2003-жылы 9-апрелде Иракты басып алды жана расмий режим жок кылды. Анткени, Саддам режими Үммөт акыйдасынан жана бул акыйданын чокусу болгон жихаддан алыстап кеткени үчүн бул мезгилге келип алда качан өз ичинен жеңилип бүткөн болчу. Буш 2003-жылы 30-апрелде негизги согуштар аягына жеткенин жарыя кылды. Америка Саддам режимин жоготуу менен өзүн жеңген жана Иракка бекем орношкон деп эсептеген эле. Бирок, мусулмандардын бул баскынчылыкка эрдик менен каршылык көрсөтүүлөрү Американы алдастатып койду. Ал мындай каршылыкты күтпөгөн. Мунун канчалык күчтүү каршылык экендигине башкалардан мурун америкалык душмандардын өзү күбө болду. Ал-Фаллужа, Нажаф шаарларында жана Ирактын башка региондорунда жүз берген окуялар буга тирүү күбө. Бул каршылык көрсөтүү ушундай бир даражада күчтүү болду дейсиң, акыбетте, Американы шаша-буша өзүнүн борбордук разведкасынын Ирактагы агенттерине бийликти үстүртөн тапшырууга мажбур кылып койду. Америка муну менен өз үстүнө түшүп жаткан аскерий жана моралдык басымды жеңилдетмекчи болду. Мындан тышкары, ал Иракта өзүнө жардам болушу үчүн башка мамлекеттердин армияларын алып кирүүгө да болгон күчүн сарптады. Америка муну менен эле чектелип калбастан, балким, дал Афганистанда кылгандай, Түндүк Атлантика союзу (НАТО) күчтөрүн алып кирүүгө да урунду. Америка июндун акырын Ирактагы өз малайларына бийликти үстүртөн тапшыруунун мөөнөтү кылып белгилөөгө токтом кылды. Ал бул нерсе аны өзү батып калган баткактан куткарат деп ойлогон болчу.

2004-жылы 1-юлда ирактыктарга бийликти тапшырууга тиешелүү маселелер жөнүндө Америка конгресси алдында берген түшүндүрмөлөрү алкагында Америка тышкы иштер министрлиги жана коргоо министрлигиндеги ири мансаптагы адамдар Ирактын өткөөл доорундагы жаңы өкмөтү өз милдеттерин аткарууга 1-июлдан баштап киришүүсүн, бул өкмөт мамлекет үстүнөн «чектелген бийлик»ке гана ээ болушун о.э. анын Кошмо штаттар жана союздаш мамлекеттердин Иракта турган аскерий күчтөрү үстүнөн көзөмөл орнотуунуга эч кандай укугу жоктугун конгресске маалым кылышты. Сенаттагы куралдуу күчтөр комиссиясы алдында берген көрсөтмөсүндө болсо коргоо министринин жардамчысы Пол Волфовиц жана тышкы иштер министринин өкүлү Марк Гроссман төмөнкүлөрдү айтышты: «Кошмо штаттар мамлекетти өткөөл доорунда башкаруу туурасында «Ирак башкаруу кеңеши» тастыктаган мыйзамга о.э. Коопсуздук кеңешинин өткөн жылы октябрь айында чыгарган резолюциясына ылайык иш алып барууда. Бул эки мыйзам (т.а. «башкаруу кеңеши» тастыктаган мыйзам менен Коопсуздук кеңеши токтому) бул мамлекеттеги коопсуздукту камсыздоону Америка аскерий командачылыгына тапшырат». Бийликти Ирактын өткөөл доору өкмөтүнө тапшыруу жараянына «толук көз карандысыздыкты берүү» деп баа берилип жаткан бир учурда Гроссман ага «Чектелген эгемендүүлүк, анткени, ал өткөөл доорунун мыйзамы менен жана БУУнун токтому менен

чектелген» деп баа берди. Ошондуктан, азыркы план боюнча БУУ башкы катчысынын өкүлү Лахдар Брахими көзөмөлү астында өткөөл доор өкмөтү түзүлөт. Бул өкмөт Ирак расмий мекемелерин алты ай башкарат жана «өткөөл доору улуттук коомун» 2005-жылы январда шайлоо үчүн жол даярдайт. Бул «улуттук коом» экинчи өкмөттү шайлайт жана туруктуу конституция долбоорун иштеп чыгат. Волфовиц биринчи июлда дайынданган өкмөттү «толук убактылуу өкмөт» деп атап, анын милдети «министрликтерди башкаруу. Бирок, эң көп мааниге ээ болгон нерсе шайлоолорго даярдык көрүү» деди. Ал кошумчалап, бул өкмөт мындан тышкары полиция күчтөрүн да башкарышын, «бирок, Америка борбордук командачылыгы менен өз ара келишип башкарышын, анткени, мындай абал мына ушул тараптан табигый эмесин» да айтып өттү. Ошондуктан, республикачы сенатор Жон Уорнер бириккен башкы штаб башчысы генерал Ричард Майерске: «Демек, биз бийликти алардын колуна тапшырабыз. Бирок, аскерий чечимдер чыгаруу бүтүндөй бойдон Америка командачылыгынын колунда кала берет, ошондой эмеспи?» деп суроо бергенде, Майерс: «Ооба, чынында ошондой», - деп жооп берген.

Волфовиц Иракта жаңы ири аскерий күчтөрдү түзүүнү максат кылган аракеттерге айкындык киргизип мындай дейт: «Суверенитет берүү мүмкүн болгон же биз кайра тикелөөнү каалап жаткан нерсе эмес. Ирак коопсуздук күчтөрү, анын ичинен, Ирак аскерий күчтөрү да Америка командачылыгы астындагы «көп улуттуу күчтөр» курамында болот».

О.э. Кошмо штаттар биринчи июлда Ирактагы бийликти колго алышы күтүлүп жаткан Ирак жаңы өкмөтү мойнуна өзүнүн кээ бир укуктарынан коалиция күчтөрү пайдасына баш тартуу мажбурияты жүктөлүшү мүмкүндүгү жөнүндө да эскертип өттү.

Америка мамлекеттик катчысы Колин Пауэлл болсо коалиция күчтөрү өз милдеттерин аткарууну Америка командачылыгы астында улантуу зарылдыгын айтат.

Пауэлл «Рейтер» маалымат агенттиги менен болгон жолугушуусунда коалиция күчтөрү Америка командачылыгы астында ишти улантуулары керектигин жана бул нерсе кээ бирөөлөр толук эгемендүүлүк деп атап жаткан нерсеге чейин уланышы мүмкүндүгүн айтат. Пауэлл дагы өзүнүн бул жеталдар БУУ токтомунда толук көрүнүшүн үмүт кылып каларын да кошумчалады.

Алар «ирактыктарга бийликти тапшыруу мөөнөтү» деп атап жаткан мөөнөт жакындашуусу себептүү баскынчылар жана каршылык көрсөтүү кыймылы ортосундагы карама-каршылык дагы да кызып кетти. Маселен, Фаллужа шаарын курчоого алууда Муктада Садр тарапкерлеринен турган «Махдий армиясы» менен болгон карама-каршылык андан да күчөдү. Баскынчылар Фаллужа калкы жана Садр тарапкерлери менен жарашуу келишимин түзүү үчүн жеке Бремердин буйругу менен «Ирак Исламий партиясы»нын, «Сунний уламалар кеңеши»нин, «Даъват партиясы» сыяктуу шиа тараптардын жана шиалардын Али Систаний сыяктуу кээ бир абройлуу кишилеринин аралашуусун жана ортомчулук кылышын талап кылышкан. Бирок, ошого карабастан, баскынчылар өкмөтү өз шарттарында катуу туруп алды жана Фаллужада жарашуу келишими түзүлгөнүнө карабастан, аны курчоого алуу үчүн өз күчтөрүн топтоону улантты. Баскынчылар Муктада Садрды камакка алуу же өлтүрүү жана ага тарапкер куралдуу күчтөр болгон «Махдий армиясын» таркатып жиберүү ниетинен кайтышкан жок.

Американын басып алуу үчүн Иракка бастырып келиши жана башка мамлекеттерге өз таасирин өткөрүү үчүн Иракты башталгыч базага айландырышы Америка мойнуна Иракта аягы көрүнбөгөн көрүнүштө малай болгон «өткөөл доор өкмөтүн» түзүү милдетин жүктөйт. Бул малай өкмөт Америкага ушундай бир кең укуктар жана чектелбеген мүмкүнчүлүктөр берет дейсиң, Америка «өз империясын» куруу үчүн бул укук жана мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланып, Ирак жерлерин өзүнүн таяныч базасына айландырат. Волфовицтин конгресс алдында: «Суверенитет тикелешибиз мүмкүн болгон же биз каалап жаткан нерсе эмес. Ирак коопсуздук күчтөрү, анын ичинен, Ирак аскерий күчтөрү да Америка командачылыгы астындагы «көп улуттуу күчтөр» курамында болот» деп берген билдирүүсү муну анык көрсөтүп турат.

Муну Америка жооптууларынын «убактылуу башкаруу кеңеши»нин дал өзүндө: «Кошмо штаттар ирактыктарга 1-июлда бийлик тапшырылгандан кийин да Иракта өз иштерин улантуусун каалайт. Бул нерсе Ирак тарабы менен коопсуздук келишимине кол коюлушу аркылуу ишке ашырылат» деп айткан сөздөрү да анык көрсөтүп турат.

Америка армиясынын башкы штаб башчысы генерал Ричард Майерс болсо: «Иракта Америка аскерий күчтөрүнүн турушу белгисиз мөөнөткө чейин уланат», - деп жарыя кылды. Бул жерде сөз эң кеминде Ирак жерлериндеги жети туруктуу аскерий базаларда жайгаштырылган 130 миңден ашуун Америка аскери жөнүндө болуп жатат.

Америка Ирактагы өз малайларына бийликти калптан эле тапшырганга чейин иштерди «тынчытып алуу» үчүн Ирактагы каршылык көрсөтүү кыймылына каршы өз жырткыч айла-амалдарын дагы да күчөтүүгө урунду. Ушул максатта ар түрдүү согуш каражаттарын ишке салды. Бирок, Америка бүткүл зомбулугун ишке салып, адамдарды куугун кылса да, каршылык көрсөтүү кыймылынын күчүн сындыра албады. О.э. ал өз коопсуздугун да камсыздай албады. Тескерисинче, анын аскерлери эгер танктарынан тышкарыга чыга турган болушса, коркуудан титиреп калтырашууда. Алар, жада калса, өз танктарынын ичинде да өздөрүн коопсуз сезе алышпай жатышат. Эрдикте Палестинадагы Женин шаарынын «эгизи» Фаллужа шаары буга тирүү күбө. Американын бул шаарга аба жана кургактыктан туруп жасаган бардык чабуулдарына карабастан, бул шаар муну өз абалы менен айтып турат.

Американын жырткыч кылмыштары Абу Гурайб камагында ишке салган азаптоо каражаттары мисалында дагы бир жолу анык көзгө көрүндү. Бул ушунчалык даражада жырткыч кылмыш болуп, жада калса, айбандар да мындай кылмышты өзүнө ылайык көрбөйт. Бирок, Америка мындай кылмышты кылуудан тайбады. Анткени, ал чындыгында эле:

كَالْأَنْعَامِ بَلْ هُمْ أَضَلُّ

- *«Алар (акылсыздык, түшүнбөстүк жагынан) үй айбандарынан да төмөн»,*

[7:179]

айбандар сыяктуу, балким, алардан да ашып түшөт. Муну менен болсо Американын төмөн цивилизациясы жана бузук кыйматтарынын чыныгы жийиркеничтүү жүзү даана көрүнөт. Акыйкатта болсо, кээ бир аңкоо, маңыроо кимселер Америка Иракка жана бүткүл регионго азаттык алып келет деп кыялданып жатышкан болчу. Мунун кандай «азаттык» экендиги маалым болду.

Американын Иракка каршы жасаган агрессиясы анын жалаң цивилизациялык (хазарий) жана пикирий жактан гана эмес, балким, аскерий жактан да канчалык төмөндөшүп кеткенин ачык көрсөттү. Анткени, ага каршылык көрсөтүп жаткан ыймандуу топтун саны да, куралдары да анчалык көп эмес, бирок, ошого карабастан алар Американын «мурдун» жерге ышкалап коюшту. Окуялар көрсөтүп тургандай, Америка ээ болгон үлкөн курал-жарактар арсеналын коркок кимселер ишке салууда. Бул кимселер бетме-бет келип согушууга же эрдик көрсөтүүгө батына алышпайт. Ошондуктан, эгер алардын үлкөн курал-жарак арсеналы болбогондо, дал алардын цивилизациясы жана кыйматтарынын шерменделиги ачылып калгандай, бул кимселердин коркоктугу да албетте ачылмак.

Ошондуктан, алардын ирактыктарга бийликти июнь аякташы менен калптан тапшыруулары аларды өздөрү батып калган баткактан таптакыр куткара албайт. О.э. 2004-жылы 30-июндан кийин Иракка дайындалган алардын элчиси Негропонтенин «куулугу» да аларды таптакыр куткара албайт. Алар бул кимсени саясат жана кылмыш «башчы»лары арасынан тандап алышканына карабастан, бул кимсенин «куулугу» да аларды куткара албайт.

Бремердин ордун ээлөө үчүн Жон Негропонтенин Кошмо штаттардын Ирактагы элчиси болуп тандалышы Ирак калкын куугун кылуу жана Американын шайтан пландарына тосук болгон бардык каршылык көрсөтүү очокторун жоготуу туурасындагы Америка пландары алкагына кирет. Анткени, Негропонте деген бул кимсе Гондураста элчи болуп турган кезде

Американын каалоосуна каршы чыгуучулар менен кандай «мамиле» жасоо боюнча «жетиштүү тажрыйба» арттырган. Бул кимсе «316-батальон» деп деп аталган батальонду машыгуудан өткөрүү жана даярдоодо түздөн-түз катышкан. Бул батальон Гондурастагы өлүм батальону болуп, Негропонте ал жерде өз милдетин аткарып жаткан учурда бул батальон эки жүзгө жакын адамды өлтүргөн. өлтүрүлгөн адамдар ошол кезде Никарагуадагы сандинисттерге (Сандино башчылыгындагы азаттык кыймылынын мүчөлөрүнө) каршы «контрас» деген куралдуу отряддар баштаган согушта Гондурастан «чөкпөс авиа ташуучу кеме» катары пайдаланууга каршы чыгышкан болчу. Негропонте Гондураста негизинен эмнелер жүз берип жатканынан толук кабардар экендиги туурасында жана «Иран контра» (Ирангейт) деп атама берилген шерменде ишке аралашып калгандыгы туурасында конгресс алдында ант берип, эч экиленбестен жалган күбөлүк берген. О.э. ал Американын атайын жардамдарын Гондурастагы «контрас» күчтөрүнө жеткирип бергенин тан алган. Бул болсо Америка мыйзамдарына каршы иш болуп, ушул каршы иш кармануунун өзү адаттагы абалдарда аны ар кандай жогорку мансаптан четтетүүгө жетиштүү болчу. Бирок, Америка жетекчилигиндегилер бул кимсенин кылмыш тизмеси анын ошол карама-каршы иш кармануусунан анча үстөм экенин көрүштү. Анткени, анын кылмыш тизмеси ошол карама-каршы иш кармануусун анча артта калтырган эле. Мына ушул нерсе аны Иракка элчи жана аким болуп дайындалышына ылайыктуу кылып койду.

Негропонтени каралаган Гондурастагы ар кандай адамдын үнүн өчүрүүгө урунуп, Буш жетекчилиги аны БУУдагы өкүл мансабына талапкер кылып көрсөткөндөн кийин ошол «316-батальон» командачыларынын бир канчасын Кошмо штаттардан чыгарып жиберди. Алардын арасында ушул батальонго негиз салган генерал Луис Алфонсо Дискуа Элвир да бар, ал Гондурастын Вашингтондогу элчисинин орун басары эле. Ал кийинчерээк Американын бул батальонду колдоп-кубаттагандыгы жөнүндө көп фактыларды маалым кылган.

Бийлик иракттыктарга калп эле тапшырылгандан кийин Иракка дайындоого токтом кылынган Кошмо штаттар элчисинин чыныгы жүзү ушундай болуп, ал Ирак акими Бремер ордуна келет. Демек, ал мейли, Кошмо штаттардын элчиси деп аталса да, бирок, иш жүзүндө Иракка аким болот.

Бул кимсенин өтмүшүнө карап – эгер Ирактын келечеги, Алла көрсөтпөсүн, Америка жетекчилигиндеги кимселер пландаштыргандай болуп калса – келечекте бул кимсенин Иракта кандай кылмыштар жасашын элестетүүгө болот.

Фактылар жана саясий маалыматтарга назар таштасак, 2004-жылы ноябрда болуп өтө турган президенттик шайлоодо Керри жеңишке жетишкен тагдырда да Америка саясатында бирер өзгөрүү болушу ыктымалдан алыс. Бул факт жана маалыматтар эл аралык саясатка тиешелүү нерселер жөнүндө ким үстөм экендигин тандоо мүмкүнчүлүктөрүн чектеп коёт. Консервативдик «Херитеж» («Мурас») мекемесинде талдоочу болуп иштеген Жон Холцман мындай дейт: «Терроризмге каршы күрөш жаатында бул экөөсү (т.а. Буш менен Керри) ортосунда көпчүлүк адамдар ойлогондон көрө абдан аз айырма бар. Канчалык күжүрмөндүк менен иш алып барууда айырма болушу мүмкүн, бирок, жалпы мазмун-маңызда айырма болбойт». Чет элдик талдоочулар жана дипломаттар болсо мындай пикир билдиришет: «Ыкмада айырмалар болот, албетте. Бирок, ошого карабастан, Иракта барган сайын күчөп бара жаткан зомбулук, динге катуу жабышкан кимселердин бүткүл дүйнө бойлоп уланып жаткан чабуулдары, чектелген ресурстар, конгресс курамы жана мамлекет ичиндеги коомчулук пикири – булардын баары Буш же Керри алып бара турган саясаттарды белгилеп берет».

О.э. азыркы Америка жетекчилиги аткарып жаткан иштер табигый түрдө келерки жетекчиликке анык иштерди белгилеп берет. «Брукингс» институтунда негизги саясаттар боюнча эксперт Стивен Хесс ушуга шилтеме жасап мындай дейт: «Өкмөт менен дүйнө бир лифт ичинде. Сен токтотуп, мен ушул жерде чыгамын деп айта албайсың киши».

Президент Буш жетекчилигиндеги бир мурунку жооптуу кызматкер «Рейтер» маалымат агенттигине мындай деген: «Албетте, Керри терроризмге каршы Буштан көрө дагы да активдүүрөөк күрөшүшү мүмкүн. Анткени, ал чөйрөсү барган сайын кеңейип бара жаткан коркунучтарды этибарга алып, дагы да кыйыныраак ыкманы тандашы, ошол эле учурда, дил жана акылдарды багындыруу максатында ынтымакта жашоо жана күрөшүү сыяктуу аскерий күч менен жумшак күчтү өз ара аралаштырышы ыктымалдан алыс эмес».

Иракка каршы агрессияны пландаштырган жана Американын Иракта көздөгөн ыпылас максаттарын иш жүзүнө чыгаруу жана бул региондогу калган мамлекеттерге чабуул кылуу максатында Ирākты өзүнүн таяныч базасына айландыруу үчүн бул агрессия баскычтарын белгилеп берген Америка позициясы ушундан турат.

Толугураак элестетүүгө ээ болуу үчүн биз төмөндө Европа позициясын б.а. Франция, Россия жана Британия позицияларын айтып өтөбүз.

**Европа жана Россия позициясы**

Франция президенти Жак Ширак 2004-жылы 29-апрелде Елисей сарайында өткөрүлгөн маалымат конференциясында ирактыктарга бийликти формалдуу тапшыруунун жана өзү «Коопсуздук кеңешин Ирактагы бийликти коалиция колунда калтырган жаңы токтомду чыгарууга мажбурлоо» деп атаган нерсенин акыбетинен эскертти. Ал мындай абалды каргашалуу болушу мүмкүн деп эсептеди. Ширак: «Ирактыктарга бийликти кайтаруу бүгүнкү күндө эч кечиктирип болбой турган маселелердин бири. Бирок, бул жерде муну кантип ишке ашырууну билүү маселеси турат», - деди. Ал дагы: «Мен анык ишенемин, БУУнун амалий көзөмөлү астында бийликти чындап тапшырбай туруп, Ирактагы азыркы абалдан чыгып кетүү жана Иракты кайра тикелөөгө карай аракет кылуу мүмкүн эмес», - деди. Франция президенти сөзүн улантып: «Карагыла, БУУ Иракта иш алып барып жатат жана ал эл аралык көзөмөлдү толук камсыздап жатат деп көрсөтүп, негизинен болсо иштер эч өзгөрбөй, коалиция чыныгы бийликти өз колунда бекем кармап келе жаткан бир абалда аныксыздык негизине курулган чечим формасында маселени чечүү өлүм ордунда болушу мүмкүн», - деди. Ширак өзү менен Парижде учурашкан Лахдар Брахими алга сүргөн сунуштарга дагы токтолуп: «Бул сунуштар Коопсуздук кеңешинде бирер резолюция долбоорун алга сүрүүгө алып келет», - деди. Бул (т.а. резолюция долбоорун алга сүрүү) болсо Кошмо штаттар аракет кылып жаткан нерсе. Бирок, Ширак мунун артынан: «Бул сунуштар Коопсуздук кеңешинде тастыктала турган деңгээлде жана Иракты саясий, экономикалык жана социалдык жактан кайра тикелөө үчүн негиз боло турган даражада бир анык жана күчтүү эл аралык токтомго алып келеби? - деп суроо таштап - Мен буга анчалык ишенбеймин», - деди. Бирок, ал, мунун тескериси катары, Европа союзун Брахиминин сунуштарын катуу колдоо көрсөтүүгө жана «бир добуштан макулдоого» чакырды. Бирок ал Европа союзу мүчөлөрү ортосундагы белгилүү бир келишпестиктерди назарга алып, Европанын бул максатты иш жүзүнө ашырышына күмөн билдирди. Бир француз булагынын сөзүнө караганда, Франция президентинин бул билдирүүлөрүндө 30-июнь жакындашышы менен пайда болгон ыңгайлуу учурдан «куру жалак калуу»дан жана Вашингтондун «башкача саясат жүргүзүшү үчүн» бул мамиледен пайдаланууну четке кагышынан Париж кооптонуп жаткандыгы көрүнүп турат. Париж азыр Мадрид жана Берлин менен биргеликте «ортоктош багыт»ты анык белгилеп алуу үстүндө иш алып барууда. Ушул иш алкагында Ширак Испания премьер-министри Хосе Родригес Сапатеро менен учурашты. Сапатеро Германиядан Парижге келди. Ал Германияда канцлер Герхард Шрёдер менен Ирактагы абал жөнүндө көпкө кеңешкен.

Франция Коопсуздук кеңешинин ирактыктарга бийликти кайтарууну анык тастыктаган жана 2005-жылы болуп өтө турган шайлоолор аркылуу бийликке келүүчү Ирак өкмөтүнүн «коалиция» күчтөрүнөн мамлекеттен чыгып кетүүнү талап кылууга күчү жетишин кепилдеген бир токтомду кабыл алышын каалап жатат.

Коопсуздук кеңешинин жаңы токтомунун т.а. шайлоолорго алып бара турган ыкманы белгилеп бериши күтүлүп жаткан токтомунун мазмунуна карата өз мамлекетинин карманган позициясынан жакшы кабардар бир француз булагынын түшүндүрмө берип

айтышынча, Франция бул резолюцияда Ирак «чыныгы» суверенитетке жетишүүсүн жана июнь айынын акырында ирактыктарга бийлик «чындап эле толук» тапшырылышын катуу талап кылынышын каалайт.

Ушул булактын айтуусунда, Франция бул суверенитетке «ошол жердеги иштер аркылуу», ошону менен бирге, ирактыктардын өз ресурстарын өздөрү башкарууларына тиешелүү нерселердеги иштер аркылуу ишенүүнү каалайт. Бул булак дагы кошумчалап: «Париж каалаган экинчи иш 1-июлдан кийин түзүлө турган Ирак өкмөтүнө «көп улуттуу күчтөр» иш-аракетин карап чыгуу укугу берилиши экендиги жана Париж Ирак аскерий күчтөрүн Америка күчтөрүнө кошпоону катуу туруп талап кылып жаткан»дыгын айтат жана өзүнүн мамлекети бул нерсе Коопсуздук кеңешинин токтомунун мазмунунда көрүнүшүн катуу талап кылып жатканын баса белгилеп, бул нерсе чектөөнү билдиришине шилтеме кылды.

Бул булактын дагы шитеме кылышынча, Франция шайлоолор өткөрүлүп, Ирактын «мыйзамдуу» өкмөтү шайлангандан кийин бул өкмөттүн ар кандай абалда чет элдик күчтөрдөн мамлекеттен чыгып кетүүнү же калууну талап кылуу укугуна ээ болушун жана «маанилүүсү, бул өкмөттө өз каалоосун ачык билдирүү ыктыяры болушун» каалайт. Булак сөзүн улантып, Франция бул жаңы резолюция шарттарды белгиленген мөөнөттө «талкуулап карап чыгуу» жөнүндөгү бирер беренени камтышын каалабашын, анткени, Коопсуздук кеңеши чет элдик күчтөрдү алып чыгып кетүү маселесин чечүү үчүн бул талкуулап көрүп чыгуу мөөнөтүн белгилеп берүү укугуна ээ эмесин, муну ирактыктардын өзү жана шайлоолор натыйжасында бийликке келе турган өкмөт чечишин айтат. Ал: «Франция жаңы резолюция алкагында буларды тастыктатууга жетишпеген абалда добуш берүүдөн баш тартат, бирок, вето укугунан таптакыр пайдаланбайт», - деп кошумчалады.

Бул булактын баса белгилешинче, Германия менен Испания сыяктуу Европа мамлекеттери Россия позициясын колдошот. Россиянын позициясы кээ бир нерселерде айырмаланат. Анткени, Москва эки резолюция чыгаруу керек, биринчи резолюция жаңы өкмөт түзүлүшүн тан алуу үчүн чыгарылышы керек, экинчиси болсо ушул өкмөт талаптарын кабыл алуу маанисин тастыктоо үчүн жана бул өкмөткө милдет жүктөө о.э. бир бөлүк эгемендүүлүк берүү максатында Коопсуздук кеңешинде бул талаптарды кабыл алуу боюнча добуш берүү үчүн чыгарылышы керек деп эсептейт. Франция болсо «Ирак суверенитетин кайра тикелөө туурасындагы анык мажбурият» менен бирге бир резолюция чыгарылышын абзел көрөт.

Ушунусу анык, Франция менен Россия Ирактагы абалдан пайдаланып, Американын эл аралык саясатында өзгөрүү жаратуу үчүн Европанын колдоосуна жетишүүгө аракет кылып жатат. Анткени, бул экөөсү Американын Ирактан кийинки пландарынан жана бүткүл дүйнөнү «Америка эгинзары»на айландырмакчы экенинен жакшы кабардар. Американын бул пландары бул экөөсүн жана Европанын калган мамлекеттерин бир канча он жылдыктарга чейин Американын «ырайымы» астында күн көрө турган кылып коёт. Бул он жылдыктар ичинде Франция жана Европа эл аралык майданда роль ойноо ал жакта турсун, жада калса, өз кызыкчылыктарын сактап калууга да күчү жетпей калат. Ошондуктан, Европа менен Россия Иракка БУУ токтому менен формалдуу бийлик берилишине тоскоолдук кылууга урунушууда. Анткени, бул токтом Американын Иракта алыскы он жылдыктарда калышына мыйзамдуу түс берет. Акыбетте, араб мамлекеттери жана башка мамлекеттер күчтөрүн Ирактагы коалиция күчтөрү курамына тартуу Америка үчүн оңой болот. Ошондо Американын колу дүйнөнүн башка жайларында аскерий аракеттер алып барууга бошойт. Ошондуктан, Европа менен Россия БУУну Американын Ирактагы кызыкчылыктарына кызмат кылдырууга жол койбоого урунууда.

Бир добуштан бирдей пикир билдирүү үчүн Европа али узун аралыкты басып өтүшү керек. Ширак Европанын жогоруда айтылган максатын ишке ашырышына күмөн билдирген кезде ушуга ишара кылган болчу. Бирок, ошого карабастан, Франция Европа аркылуу Американын Ирактагы пландарын жок кылууга аракет кылат. Американын өз кызыкчылыктарын сактап калуу максатында түзгөн «Америка империясын куруу жана

Америка кылымы долбоорун толук ишке ашыруу»га тийиштүү пландарында бир кадам да алдыга жылышына жол койбоо үчүн Франция мына ушуга аракет кылат. Бирок, мындан Франция, же Россия, же башка мамлекеттер Американы Иректан аны Батыштын ар кандай таасиринен азат болгон абалда таштап чыгып кетүүгө мажбур боло турган көрүнүштө толук жеңүүнү каалап жатат деген маани т.а. Ирактагы мусулмандар үстүнөн Батыштын бир ууч малайлары өкүмдарлык кылбай турган болуп, алар өз салтанаттарын беймарал кайра тикелей алышат деген маани түшүнүлүп калбашы керек. Анткени, бул нерсе ушул мамлекеттер кызыкчылыктарына Америка өз пландарын толук ишке ашырышынан да көрө көбүрөөк зыян жеткирет. Ошондуктан, кресттүү Европа да, дүйнөдөгү бардык жырткыч күчтөр да эң көп корко турган нерсе Американын Иракты бир ууч Батыш малайлары көзөмөлүсүз таштап чыгып кетиши. Анткени, Ислам дүйнөсү жерлерине жакын турган Европа Американын бүтүндөй тескериси. Анткени, Европа мусулмандар менен болгон согуш даамын татып көргөн. Ошондуктан, ал мусулмандардын капыр сыйыртмагынан азат болушу эмнени түшүндүрүшүн, айрыкча, Ислам дүйнөсүнүн кресттүү капырлар сыйыртмагынан азат болушунун Жакынкы чыгышта башталышы эмнени түшүндүрүшүн абдан жакшы билет.

**Британия позициясы**

Британияга келсек, ал эл аралык окуяларга таасир өткөрүүдөн жана өзү пландаштырган долбоорлор аркылуу бул окуяларга өз өкүмүн өткөрүүдөн четке чыгып калгандан баштап кайсы деңгээлге түшүп калган болсо, ошол деңгээлде келе жатат. Ал ошол убакыттан баштап «Америка поезди»нин, мейли, экинчи даражалуу «вагону»на болсо да илешип келе жатат. Британия өзүнүн өлүмгө жүздөгөн империясынын колониялардагы кызыкчылыктарын сактап калууга урунуп, ошол эле учурда, ыңгалуу учур туулду дегенче Америка пландарына тогонок болууга да аракет кылууда. Маселен, Ирак маселесинде ушуга урунду жана дагы деле урунууда. Британия ар дайым олжодо – мейли, кичине үлүш тийсе да – Америкага шерик болууну жана окуяларда биринчи деңгээлдеги мамлекеттин шериги катары көрүнүүнү көздөйт. Жада калса, бул шериктик Америка пландарына туура келсе да ал ушуну көздөйт. Бирок, ал, ошол эле учурда, Америкага «каршы козголоң көтөрүү» мүмкүн болгон бирер ыңгайлуу учурду колдон чыгарбай андан пайдаланат. Ал Иракка каршы согуш башталышынан мурун, Америка Иракка кол салышына уруксат бере турган токтомду чыгаруу үчүн Коопсуздук кеңешине кайрылганда дал ушундай иш карманды. Негизи, ал Коопсуздук кеңешине иш жүргүзүүчү мамлекеттер позициясынан кабардар болгондугу үчүн Коопсуздук кеңеши бул кол салууга ыраазылык бербешин, арийне, Америка бул ыраазылыксыз да кол салууну баштай беришин жана эл аралык мыйзамга каршы чыккан мамлекет катары көзгө ташталып калышын жакшы билген. Жада калса, мейли, Америка өзүнүн мындай абалга түшүп калышына көңүл бурбаса да, бирок, Британияга ушунун өзү жетиштүү эле. Ошентип, Британия бир тараптан Америка менен кызматташтык кылып жаткан болсо, экинчи тараптан Американы кыйын абалга салып коюу жана анын пландарын жок кылуу туурасында Европа менен тил бириктирүүдө. Бирок, ал муну өзүнө таандык ыкмасы менен т.а. Америкага ачыктан-ачык каршы чыкпастан ишке ашырууга урунууда. Анткени, ал Европадан бөлүнбөгөн абалда, балким, «бир бутту Америкага, экинчисин болсо Европага коюу» саясатына толук туура келген абалда Америка менен кызматташтык кылууда.

Ирак маселеси жөнүндө башка «улуу» мамлекеттердин эң көзгө көрүнгөн позициялары ушундан турат. Бул позициялардын кубатта Американы өз пландарынан буруп жибере ала турган же бул пландарды жок кыла турган даражага жетпегендиги ачык көрүнүп турат.

Иракка карата Буш жүргүзүп жаткан азыркы саясат Американын алыскы доорлорго болжолдогон планы алкагында алып барылууда. Бул план Булуң үстүнөн көзөмөл орнотуунуну максат кылган Америка саясатынын стратегиясын белгилеп берген кимселер тарабынан иштелип чыккан болуп, аны биринчи жолу Американын мурунку президенти Никсон 1970-жылы ишке ашыра баштаган. Бул нерсе Британия премьер-министри Гарольд Вильсон өкмөтү 1968-жылы 1-январда Сувайш каналынын чыгышындагы – ошону менен

бирге, Булуңдагы - колонияларынан 1971-жыл аякташы менен чыгып кетүүгө токтом кылгандан кийин жүз берди. Никсон жана андан кийинки бардык Америка президенттери шарт мүмкүнчүлүк берген нерселерди ишке ашырууга жана бир канча он жылдыктарды өз ичине алган бул пландын ишке ашышын камсыздоого киришти.

2001-жылы 11-сентбрь окуялары кичүү Буштун Ирακты басып алуу үчүн кыла турган иштерине абдан ыңгайлуу шарт жаратты. Булуңдагы көпчүлүк мамлекеттердин нефтиси үстүнөн кожоюн болуп алгандан кийин Ирак нефтиси үстүнөн да кожоюндук кылууну максат кылган Америка ошону менен бир катарда Ирактын бир бүтүн күчтүү мамлекетке айланышын таптакыр каалабайт. Тескерисинче, ал Ирак үстүнөн оңой кожоюндук кылуу үчүн анын бытыранды, күчсүз мамлекет болушун каалайт. Ошол эле учурда, ал Саддам бийликте турган күндөрдө оппозицияда болгон күрддөргө берген убадасын т.а. алар үчүн Ирак Күрдистанында саясий вужудга (түзүмгө) окшогон бир күчтүү абал болушу туурасында берген убадасын албетте «аткарат».

Анткени, Америка Биринчи дүйнөлүк согуштан бери күрддөр үчүн бир түзүм тикелөөгө аракет кылып келет. Мисалы, Америка президенти Вудро Вильсон Биринчи дүйнөлүк согуш аяктап, Усманий мамлекет талкаланып ташталышынын артынан эле күрддөр маселеси пайда болгондон кийин Версал конференциясында күрддөргө «өз тагдырын өзү белгилөө» укугун берүүгө чакырган. Бирок, ошол убакта биринчи деңгээлде турган мамлекет Британия Американын мындай каалоосун билмексенге салып, өзүнүн ошол кездеги малайы Мустафа Кемелди ыраазы кылуу үчүн күрддөр жашаган региондорду Түркия, Иран, Ирак жана Сирия ортосунда бөлүп таштады.

Америка ар дайым Ирак түндүгүндөгү күрддөрдүн сепаратист аракеттерин – бул аракеттердин Британия малайы экендигине карабастан – колдоп-кубаттап келген. Анткени, Америка Иракта күчтүү, бир бүтүн мамлекеттин болушун каалабачу. Америка өз узлат-ийининен чыккандан баштап бул иш ал үчүн стратегиялык мааниге ээ болгон ишке айланды. Ошондуктан, Америка өзүнүн колдоо көрсөтүшү менен бийликке келген Абдулкарим Косимге Ирактын үч бөлүктөн турган федеративдик мамлекет болушун сунуш кылды. Экинчи Булуң согушунан кийин болсо Америка ыңгайлуу учурду канимет билип, Иракты курчоого алды о.э. Иракты талкалап таштоо жана күрд мамлекетин вужудга келтирүүгө шарт даярдоо үчүн коопсуздук региондорун (тыюу салынган аба жолдору региондорун) пайда кылууга негиз даярдады. Ошондуктан, Америка өз ара күрөшүп жаткан күрд жамааттарын жараштырды жана бул жамааттар үчүн күрд өкмөтү структурасын вужудга келтирүүгө аракет кылды. Америка, айрыкча, күрддөрдүн эки негизги партиясын – Талабаний жетекчилигиндеги «Күрдистан улуттук союзу» партиясы менен Барзаний башчылыгындагы «Күрдистан демократиялык партиясын» жараштырууга аракет кылды. Америка бул пикирге Түркияны көндүрүүгө урунуп, ушул максатта конгресстен бир делегация жиберди. Кийин күрддөр жашаган региондордо мамлекет аппараттарын жана эң оболу парламентти түзүү үчүн ушул региондордо шайлоолор амалиятын көзөмөлдөдү.

Ирак иштери боюнча Америка разведкасы кеңешинин мурунку башчысы Грэхем Фаулер 1996-жылы августта мындай деген: «Ирак үч бөлүккө бөлүп ташталышы керек... Америка күрд мамлекетин тикелөө үчүн ушул бөлүп таштоо планын ишке ашырууга бекем бел байлаган». Мамлекет катчысынын мурунку жардамчысы Ричард Холбрук болсо – өкмөтү бул кимсени Америка алга сүргөн пикирге Түркияны көндүрүү үчүн Түркияга жберген – Түркия президенти Демирелге 1995-жылы 5-сентябрда: «Ирак үчүн эң абзел чечим федерация чечими», - деген. Ошондо Демирел ага каршы жообун берип: «Федерация бөлүп таштоону түшүндүрөт жана ал Түркияга чейин созулуп келет», - деген.

Британия болсо бөлүп таштоо пикирине катуу каршылык көрсөтүп жатат. Анткени, Британия тышкы иштер министри Дуглас Хогг интервью берип мындай дейт: «Биздин Иракка карата алып бара турган саясатыбыз анык-айкын, ал өз чегараларына ээ Ирак мамлекети ичкерисинде эгемендүү күрд мамлекетин тикелөөнү максат кылган ар кандай урунууну колдоп-кубаттабоого же шыктандырбоого таянат. Биз Ирактын бир бүтүн мамлекет болуп калышы зарылдыгына ишенебиз жана бүткүл мүмкүнчүлүктөрүбүз менен

анын бөлүп ташталышына каршы турабыз. Биз Ирактагы күрддөр проблемасын алар үчүн автономия укугуна ээ болгон регион тикелеп берүү менен чечүүгө болот деп эсептейбиз жана бул маселе жөнүндө түрктөр менен бир пикирдебиз. Биздин Саддам өкмөтүнө каршы экендигибиз Иракты бөлүп таштоону каалап жаткандыгыбызды түшүндүрбөйт».

Түркия жана башка коңшулаш мамлекеттерге келсек, алардын кызыкчылыктары Иракты бөлүп таштоого жол койбоону максат кылган Британия саясатына кошулууга мажбур кылат. Мисалы, Түркия тышкы иштер министрлигинин катчысы мындай дейт: «Ирак түндүгүн күрддөр региону деп атоо туура эмес. Анткени, ал жерде эки миллион үч жүз миң түркмөндөр да жашайт».

Америка Бремер о.э. өзүнүн Ирактагы жүгүртөгү болгон «башкаруу кеңеши» аркылуу федерация деген наам астында Иракты майда мамлекетчелерге бөлүп таштоого жол даярдоо үчүн күрддөр абалын этибарга алууга аракет кылууда. Анткени, Америка Саддам доорунда Ирак тышкарысында оппозицияда болгон күрддөргө Киркук шаарын камтыган жана көз карндысыз мамлекет ядросу болгон улуттук негиздеги кең федерация түзүп берүүгө убада берген. Ушуга ылайык, Саддам режими жок кылынган соң, күрддөр ошол убаданын ишке ашышына жана Киркукту Саддам доорунда мавжуд болгон автономдук башкаруу регионуна кошуп алуу үчүн амалий чаралар көрүүгө аракет кылышты. Бирок, Америка Иракты басып алгандан кийин Киркук маселесинде Ирактагы башка малайлары тарабынан болгон каршылыкка түш келди. Ошондуктан, мурунку автономдук башкаруу регионун таасирдүү укуктар берүү жана муну «башкаруу кеңеши» Америка каалоосу менен иштеп чыккан конституцияда көрсөтүп өтүү аркылуу күчөтүү менен чектелип калды. Ошондой да болду. Анткени, Бремер иштеп чыккан жана малай «башкаруу кеңеши» ыраазылык берген Ирак конституциясынын элүү үчүнчү беренесинин «а» пунктунда мындай делет: «Күрдистан өкмөтү ал тарабынан башкарылып келген жерлердин расмий өкмөтү катары тан алынат». Бул мыйзамда келген «Күрдистан өкмөтү» термини «Күрдистан улуттук кеңешин» о.э. Күрдистан аймагындагы Күрдистан министрликтерин жана регионалдык сот бийлигин түшүндүрөт т.а. Күрдистан мамлекет ичкерисиндеги өзүнчө бир мамлекет болот. Элүү төртүнчү берененин «б» пунктунда болсо мындай делет: «Күрдистан аймагында федералдык мыйзамдарды колдонууга тиешелүү нерселер жөнүндө «Күрдистан улуттук кеңеши»не мына ушул мыйзамдардын кайсынысын болбосун иш жүзүнө ашырууга өзгөртүү киргизүү укугу берилет». Бул нерсе бөлүп таштоону түшүндүрбөсө, эмнени түшүндүрөт акыры?!

Илгерки өтмүштө моңгол-татарлар Багдадды басып алып, бардык жакты өрттөп талкалаган жана Исламий сакафаттын баа жеткис казыналарынан болгон миллиондогон кол жазмаларды Дажла дарыясына ыргытышкан кезде Ирактын калыс перзенттери моңгол-татарлар чыгарган «Баскак» деген мыйзамдарды жерге ыргытышкан. Азыркы доордо да Ирактын калыс перзенттери баскынчылар найзалары астында жазылган бул кылмыштуу конституцияга каршы убакытты колдон чыгарбай чара көрүшпөсө жана аны жерге ыргытышпаса, Ирак бири-бирине «бычак» кайрай турган майда мамлекетчелерге бөлүп ташталып, бузгунчулук очогуна, куфр пикирлери жана өкүмдөрүнөн турган бардык бузук пикирлер жана ыпылас мункар өкүмдөр «базары өтүмдүү» болгон жайга айландырылышы мүмкүн.

Ирактагы мусулмандар эч качан үмүтсүздүккө түшпөсүн жана багынбасын. Себеби, алар көп кылымдар бою дүйнөгө өкүмдарлык кылып келген, тарыхы узун, айкөл үммөт болгон Ислам Үммөтүнүн ажыралгыс бир бөлүгү. Америка менен Британия баскынчылары бүгүнбү же эртеңби албетте кулайт. Буга эч күмөн жок. Себеби, жер жүзүнүн чыгыш-батышындагы Исламий Үммөт Американын жаңы көрүнүштөгү колонизаторлугунан, анын залим, капыр мыйзамдарынан жана кылмышчыл өкүмдарлыгынан кутулууга даярданып жатат. Мына ушул мыйзамдар жана өкүмдарлык жардамында Үммөт бөлүп ташталды, анын кол тийгистигине чабуул жасалды, урмат-сыйы тебеленди. Американын кайры инсаний, жыркыч жүзү Фаллужа, Кербала, Баъкуба, Багдад жана Нажаф шаарларында мусулмандарды кыргын кылган кезде ачылып калды. Америка Абу Гурайб камагындагы

ирактык туткундарга дене үркүп, жүрөк титирей турган жана айтуудан тилдер уяла турган ошол ыпылас мамилесин кылган кезде бул залим колонизатордун цивилизациясы (хазараты) канчалык сасык экендиги анык билинди. Америка массалык маалымат каражаттары бардык жакка жар салып, демократия жана убада кылынган эркиндик жөнүндө сандырак таркаткан кезде бул жырткыч цивилизациянын канчалык сасык экендиги абдан анык сезилди!

Исламий Усманий мамлекет кулатылгандан бери Ирактын «ак» кылынган перзенттеринен турган, бузгунчулукка толгон жана ыпыластыкты таркатуучу акимдер, колонизатор капыр ирактыктар желкесине миндирип койгон малай акимдер Ирак башына бүткөн балээ болду. Анткени, Британия Биринчи дүйнөлүк согушта Ирак жерлерине өзүнүн ыпылас бутун койгондон тартып Ирактагы мусулмандар англичандарга жана Америкага малай болгон мына ушул жүгүртөк, карасанатай, саткын акимдердин зулуму астында эзилип, азап тартып келүүдө. Бул саткын акимдер Иракты бир отун катары Британия жана Американын ушул региондогу кызыкчылыктары «очогу»на ыргытышты жана улутчулдар, коммунисттер, насирчилер жана баасчылар ортосундагы бийлик үчүн кызып кеткен күрөштүн натыйжасында бүткүл Ирак бойлоп коркуу сезимин жайышты. Бийлик үчүн алып барылган бул ачуу күрөш натыйжасында мамлекет кулады жана урандыларга айланды. Бул саткын кимселер Ирак жеринде бузгунчулук таркатып, көп адамдардын канын төгүшкөндөн кийин Ирак мына ушундай абалга түштү. Ошондон кийин бул малай кимселер Иракты узакка созулган кандуу кагылышуулардан кийин жаңыдан колонизатор чеңгелине ташташты. Демек, жөнөкөй сөз менен айтканда, бул малай кимселердин сексен жылдык өкүмдарлыгынын «түшүмү» урандыга айландыруу, талкалоо, кыргындар, азаптоолоор, кийин Иракты экинчи жолу колонизаторлор чеңгелине таштоо болду.

«Жыйнап алынган түшүм» мына ушулар болду. Ирак тарыхындагы мындай абдан ачуу тажрыйба Үммөт тарабынан жакшылап өздөштүрүлүшү жана анын канчалык кооптуу экендиги түшүнүп жетилиши керек. Бул тажрыйба каршысынан кайдыгерлик менен өтүп кете беришибиз жарабайт. Анткени, бул тажрыйбадан алынган ибрат улутчулдук, баасчылык, коммунисттик, арабчылык жана насирчилик агымдарынын бүтүндөй кулаганына толук ишенүүдө жана мындай пикирлерди көтөрүп жүргөн кыймылдар жана партияларга ишенбөөгө жетиштүү болушу керек. Балким, бул кыймылдардын Батышка жалаң саясий жактан гана эмес, балким, пикирий жактан да малай экендигине терең ишенүү керек. Качан гана үммөттө мына ушундай ишеним жаралса, демек, ойгонуу үчүн анын алдында бир гана жол, ал да болсо Исламга, мына ушул таза пакиза булакка кайтуу гана калат. Исламга туура, чыныгы көрүнүштө кайтуунун жолу болсо бир гана Исламий мамлекетти т.а. Халифалык мамлекетин тикелөө милдетин жүктөгөн саясий маанидеги кайтуу. Себеби, жалгыз **ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИ** гана Ирактагы жана башка Исламий өлкөлөрдөгү мусулмандарды колонизатор капырлардан, малайлардан, залимдер жана мунафыктардан куткарууга кубаттуу.

## КОШУМЧА

Бул китепти басууга даярдап жатканда кээ бир иштер болуп өттү. Алар жөнүндө талкуулар болуп жаткандыгы китепте айтылган эле. Бул иштер төмөнкүлөр:

1. Судан өкмөтү жана түштүктөгү козголоңчулар 2004-жылы 27-май түнү Найваши келишимине кол коюшту. Бул келишим үч алкактуу келишимден туруп, алар өкмөт менен козголоңчулар жана кээ бир саясий күчтөр ортосунда мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийликтерин өз ара бөлүп алуу маселелерине тиешелүү. Бул бөлүштүрүп алуу борбордо, түштүк региондордо, Мавий Нил түштүгүндө жана Нуба тоолорунда ишке ашырылат. Бул келишимдерде о.э. Абией регионуна автономия берип, анын артынан бул региондун түндүк же түштүккө көз каранды болушун аныктап бере турган референдум өткөрүлүшү да көрсөтүлгөн.

2. 2004-жылы 8-июнда БУУнун 1546-номерлүү токтому чыкты. Бул резолюция Америка күчтөрүнүн Иракта турушуна жана өз таасирин өткөрүшүнө мыйзамдуу түс берет о.э. Коопсуздук кеңешинин токтому уруксат берди деген шылтоо менен араб мамлекеттери жана башка мамлекеттер күчтөрүнүн Ирактагы баскынчы күчтөр курамына кошулушуна жана бул күчтөрдү Америка баскынчы күчтөрү деген мурунку чыныгы наамы менен атоонун ордуна Америка командачылыгындагы «көп улуттуу күчтөр» деп аталышына жол ачат!

3. 2004-жылы 8-июнь кечкурун сегиз өнөр жайы өнүккөн мамлекеттер - Кошмо штаттар, Британия, Франция, Германия, Италия, Канада, Япония жана Россия жетекчилери Жоржия штатынын жээгинде жайгашкан Си-айлендде топтолушту. Алардын жыйыны үч күнгө, 8-июндан 10-июнга чейин созулду. Анда Америка алга сүргөн «Чоң Ортоңку Чыгыш демилгеси» долбоору талкуу кылынды жана ага болор-болбос оңдоолор киргизилгенден кийин аны ишке ашырууга уруксат беришти.

4. 2004-жылы 28-июнда Бремер тарабынан Ирактын убактылуу өкмөтүнө бийликти расмий түрдө тапшыруу ырасымы өткөрүлдү. Бул убактылуу өкмөт курамына республика президенти болуп (бул символдук мансап) шейх Гозий ал-Явар жана премьер-министр (бул аткаруучу мансап) болуп Америка борбордук разведка башкармасынын (ЦРУ) тыңчысы Ияд Алавий кирди.

Бул бийликти тапшыруу ырасымы абдан кыска убакытта жана шаан-шөкөтсүз өткөрүлдү. Негизи, баскынчылар мурун бул ырасымды чоң шаан-шөкөттөр менен өткөрүшөрүн айтышкан эле. Бирок, аны эч бир шаан-шөкөтсүз өткөрүштү. Анткени, бул кимселер кургактык жана абадан туруп катуу корукталып жатышканына карабастан, каршылык көрсөтүү кыймылынын чабуул кылып калышынан коркушту. Мындан болсо Бремер жана анын жүгүртөктөрү о.э. убактылуу өкмөт өздөрүнүн коопсуздугун камсыздай албаган соң, эми кантип башкалардын коопсуздугун камсыздай алышат?! - деген суроо туулат.

Акыркы дуба-ылтыжабыз «бардык мактоолор бүткүл ааламдар Роббиси болгон Аллага таандык» демек.